Эсимде

# АЯЛ ТАГДЫРЛАРЫ

*жыйнак*

Бишкек–2025

УДК 396
ББК 66.74 (5 Кир)
Ж 55

# АЯЛ ТАГДЫРЛАРЫ
Жыйнак

Эсимде долбоорунун жетекчиси, түзүүчү жана жооптуу редактору:
Элмира Ногойбаева.

**Ж 55** АЯЛ ТАГДЫРЛАРЫ: – Б.: 2025.-168 б.

ISBN 978 - 9967 - 9292 -9 - 6

XX кылымдын тарыхы, бардык мезгилдердей эле, жеке адамдардын өмүр баяндарынан турат. Бул китепте совет доорунда Кыргызстанда жашаган адамдардын жеке тарыхы баяндалат. Адилетсиз түрдө унутулуп же атайлап узак убакыт үнү чыкпай келген аялдардын тагдырларына басым жасалат. Ар бир адамдын үнүн угуу биз үчүн маанилүү. Бул – массалардын, мамлекеттин жана жеке бийлик өкүлдөрүнүн жалпы үнү эмес, угулбай калган, айрыкча, кейиштүү тагдырдын курмандыгы болгон, эс тутумга алууга толук акылуу ар түрдүү адамдардын үндөрү. Биз ак-каранын карама-каршылыгынан оолак болгубуз келет. Биздин көз карашыбызда, совет доорунун жана Кыргызстандын көз карандысыздык доорунун тарыхы дагы деле толук ачылып, талданып бүтө элек. Айрыкча, адамдын позициясынан чыгып кароо аракеттери солгун десек болот. Ушул кемтеден улам, бул эмгегибизде бүгүнкү күндөгү тездик менен өнүгүп жаткан социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын бири болгон эс тутумду изилдөө – memory studies деген илимий багытка таянуу менен өтмүшүбүзгө саресеп салдык.

**Авторлор:**
Гүлзада Абдалиева
Бактыгүл Мидинова
Айгүл Өмүрканова

**Редакциялык топ:**
Элмира Ногойбаева,
Алагөз кызы Гүлзат

**Мукаба:**
Наталья Андрианова

**Басмага даярдаган:**
Манасартдизайн

© Бардык укуктар тексттердин авторлоруна таандык. Тексттер жана сүрөттөр толугу менен же үзүндү катары авторлордун макулдугу менен гана жарыялануга тийиш.

ISBN 978 - 9967 - 9292 -9 - 6

Эсимде

УДК 396
ББК 66.74 (5 Кир)

# МАЗМУНУ


5 Баш сөз ордуна. *Элмира Ногойбаева*

6 Репрессиянын унутулган жүздөрү: аялдар. *Алагөз кызы Гүлзат*

20 Мария – кыргыз келини. *Людмила Молдалиева*

34 «Душмандын кызы». Аккагаз Арабаеванын автобиографиясы доордун күбөсү катары. *Айида Кубатова*

46 Үркүн тууралуу эс тутум, аялдардын тагдырлары. *Гүлзада Абдалиева*

62 Туңгуч учкуч – Зинаида Кокорина. Ысымдарды кайтаруу. *Болот Абдрахманов*

65 Манасчы Зууракан Сыдыкова. *Мукарам Токтогулова*

82 Тепкедей эне. Кайталангыс тагдыр. *Гүлжамал Эсеналиева*

84 Ошту илим дүйнөсүнө ачкан Елена Дружинина. *Бактыгүл Мидинова*

98 Шекердин өмүр баяны. *Клара Сооронкулова*


118 «Тоталитардык өтмүшкө кайра кайтып барабызбы?» Же Регина Хелимскаянын керээзи. *Айгүл Өмүрканова*

134 Өмүр кылымы: Мария Мартындын күрөшү жана эрки. *Нестор Маничкин*

148 Желалабаттык мед айым Гүлжанар Садыкова. Ооган согушу тууралуу эскерүүлөр. *Раушан Абылкасымова*

156 Тамекичи аялдар. *Динара Сапарова*

166 Авторлор



# БАШ СӨЗ ОРДУНА

Кыргызстандын тарыхы – аялдардын үнү, калеми, тагдырлары. Аялдардын тарыхы эски жазма булактарда да, бүгүнкү окуяларды сүрөттөгөн китептерде да аттары жазылбай же көмүскөдө калып келген. Айрыкча, жетекчи кызматтарды ээлеген же согуш баатырлары болгон элитардык баяндардагы башкы каармандар, дүйнөнү башкарган патриархаттар – аялдардын аттары жана эмгектери аталарынын, күйөөлөрүнүн, бир туугандарынын, жетекчилеринин көлөкөсүндө калган...

Алар кандай тагдырды башынан кечирди? Тынчтык күндөрү, согуш учурунда? Илим-билим ачылыштарда же куугунтукта? Ар бир каарманыбыз өз тагдырын кандай кабыл алып, кандай жашады? Тынчтыкты жана билимди, тажрыйбаны жана эс тутумду сактап, кийинки муундарга – тарбиялап өстүргөн балдарына калтырган аялдар.. Тепкедей, Шекер, Зууракан, Мария, Гүлжанар, Регина, Азиза, Жумагүл... – тагдырлардын чексиз тизмеги: карапайым эмгекчил аялдар, репрессияга кабылгандар же репрессияга кабылгандардын аялдары, бир чака данга сатылып кеткен кыздар, жоокер аялдар, энелер. Өз урпактарынын же мамлекетин эс тутумунда барбы алар? Азыркы «Ата Бейит» мемориалынын ордунда 1938-жылы көмүлгөн 138-аял сыяктуу, аты сейрек аталган аялдардын бири сыяктуу... Ар биринин өзүнчө баяны бар. Башында аялдын аты берилген (Чыңгыз Айтматовдун «Маңкурт» повестиндеги «Эне Бейит» метафорасындагыдай) ошол эстутум чекитинде. Биз бул аялдардын үндөрүн кайтарып келгибиз келет – алардын тагдырлары аркылуу өзүбүздү, өзүбүздүн баалуулуктарыбызды түшүнгүбүз келет... жок, баатырдык аркылуу эмес, тескерисинче – туйбай, баалабай коюуга акыбыз жок болгон курмандык, сүйүү аркылуу. Аялдарга аттарын кайтарып берели. Алар тууралуу эс тутумду кайрып берели.

Эсимде. Эстейбиз. Эстөө өтө маанилүү.

*Элмира Ногойбаева, «ЭСИМДЕ»*

# РЕПРЕССИЯНЫН УНУТУЛГАН ЖҮЗДӨРҮ: АЯЛДАР

*Алагөз кызы Гүлзат*

1991-жылдан бери СССРдеги репрессиянын артындагы механизмдер жана институттар боюнча кеңири изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Окумуштуулар советтик системанын ичиндеги репрессия кандай ишке ашырылганынын деталдарын кылдаттык менен изилдешүүдө. Бул багыттагы ири топтолгон билимге карабастан, бул эзүүчү режимден жапа чеккен адамдардын таржымалын иликтөөдө олуттуу боштук бар. Ириде, жабырлануучулардын окуялары, тажрыйбалары жана жеке баяндары азыркы күнгө чейин изилденген эмес. Айрыкча, жабыр тарткандарды бир топ катары карап изилдөөгө алууда айрым маанилүү жагдайларды эске алуу керек. Алсак, аялдарды жабыр тарктан топ катары өз алдынча изилдөөбүз кажет. 1990-жылдары эле Барбаба Клемент өз эмгегинде бул террордун жабырлануучусу катары аялдар системалуу изилдөөгө муктаж деп белгилеген [1]. Бирок арадан 30 жылдан ашык убакыт өтсө дагы, репрессия мезгилиндеги аялдардын тагдыры менен таржымалы патриархалдык тарыхтын көлөкөсүндө калууда.

Борбордук Азия чөлкөмүндө, анын ичинде Кыргызстанда советтик репрессияларга мамлекеттик эгемендүүлүктүн призмасынан кароо, б.а., андагы репрессиянын курмандыгы болгон мамлекеттик кызматкерлердин өмүр-таржымалына байланыштуу изилдөө менен чектелгендик илимий чөйрөдө дагы, коомдук дискурста дагы үстөмдүк кылып келет. Ошондогу аялдардын, балдардын тагдыры белгилүү инсандардын бейнесинин бир бөлүгү катары гана көрүнөт. Сталиндик репрессия учурундагы аялдардын түздөн-түз тажрыйбасы жөнүндө маалыматтарыбыз абдан чектелүү. Аялдар темасына арналган атайын изилдөөлөр, булактар базасы аз болсо дагы, изилдөөлөрдөгү, түрдүү эскерүүлөрдөгү, оозеки тарыхый булактардан фрагментардуу маалыматтарды топтоо менен, Борбор Азия чөлкөмүн-



*«Ата-Бейит» мемориалдык комплекси, Чоң террордун курмандыктарына орнотулган эстелик.*

дө, анын ичинде Кыргызстанда репрессияга кабылган аялдардын же жолдошу репрессияланып, өздөрү советтик репрессиячыл мамлекеттик аппараттын жана ошол аппараттын таасиринде калган арызчыл, бири-бирине ишеними кеткен, шек санап жашаган коомдогу аялдардын тажрыйбасын акырындык менен калыбына келтирүүгө болот.

Советтик репрессиянын масштабы ушунчалык чоң болгондуктан, биз аны жансыз, статистикалык маалымат катары кабыл алганга көнүп калгандайбыз. Арийне, статистика бул багытта ондогон же жүздөгөн сандар менен ченелбейт, анын саны он миңдеп, миллиондоп саналат. Алардын артында дагы он миңдеген үй-бүлөлөрдүн трагедиясы турат. Алгач эле бул темага кызыгып, биринчи оозеки тарыхтарды, архивдерди ача баштаганда, репрессиялангандардын балдары менен аялдарынын тагдыры көбүрөөк ойго салат. Ырас, репрессияда расмий жазалангандардын көбү эркектер эле. Бирок аялдардын саны да аз болгон эмес. Алардын көбү атууга кетпесе дагы, камактарда, сүргүндө же эркиндикте жашаганы менен, социалдык четтөөгө кабылган абалда жашашкан. Бул темада Россия жана Чыгыш Европада олуттуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, репрессиянын курмандыгы болгон аялдардын тагдыр-таржымалы документтештирилип,

атайын монографиялар да жарык көрүүдө [2]. Ал тургай, коңшу Казахстанда да изилдөөлөр ишке ашып, коомчулук репрессиянын аялдарга тийгизген таасири менен таанышууда [3].

XX кылымдын 20-53-жылдарында саясий жана диний ынанымы үчүн, социалдык, улуттук жана башка белгилери боюнча куугунтуктан жапа чеккен үй-бүлө тагдырлары азыркыга чейин көмүскөдө калууда. Советтер союзу таркап, Кыргызстан өз алдынча азатыкка ээ болгон учурдан тартып, репрессия курмандыктарын актоо жана бул өтүмүшүбүздү аңдап-түшүнүп, аларга саясий баа берүүгө мүмкүнчүлүк жаралды. Айта кетсек, 1920-жылдан 1954-жылдарга чейин Кыргызстандын аймагынан 40 миңден ашуун адам репрессияга дуушар болгон [4].

Дагы бир репрессияга кабылган группа – бул 1937–1938-жылдары жеке өздөрүнө күнөө коюлуп атууга өкүм кылынган же сүргүнгө айдалган аялдар. Ата-Бейитте көмүлгөн 138 репрессияланган инсандардын бири аялдын сөөгү экени белгилүү. Бирок азырынча анын өздүгүн тактоого кыйын болуп турат.

Репрессияга олуттуу түрдө кабылган категория – бул күйөөсүнүн же атасынын, эркек бир туугандарынын айынан жазалоочу аппараттын объектисине айлангандар. Жалпы СССР боюнча тигил же бул деңгээлде дээрлик жазалагандардын бардыгынын туугандары, анын ичинде аялдар репрессиянын курмандыгына айланышкан. Расмий маалыматтар боюнча 18 миң аял жөн гана күйөөлөрү күнөөлүү деп табылган үчүн жазаланганга өкүм кылынган. 1937-жылы Николай Ежовго  № П51/144 токтомун атайын курьер менен жеткиришкен. Бул токтомго ылайык, НКВД-нын «бардык мекен саткындарынын аялдарын 5-8 жылга лагерге сүргүнгө айдашкан», атайын алар үчүн «лагерлерди куруу», «мекен чыккынчыларынын аялдарын аныктоо боюнча тартип» кабыл алуу каралган. Ошол учурда саясий чечимдерди кабыл алууда активдүү роль ойногон В.Молотов кийин 1970-жылдары бул токтомдун себебин «аларды коомдон бөлүү керектиги, андай болбосо, алар ар кандай

арыз менен даттануулардын таратуучусу» болуп калаары менен түшүндүргөн. Чынында эле мамлекеттен камакка алынган күйөөлөрүнүн дарегин, ал-акыбалын суроо, кат жазуу боюнча аялдар активдүү иштеген. Биз муну белгилүү Азиза Рыскулованын таржымалынан, Нагима Айтматованын каттарынан, Украинага айдалгандардын баяндарынан биле алабыз. Ошондуктан мамлекет бир тарабынан бул катмардагы аялдардын бир бөлүгүн камоо, сүргүнгө айдоо менен коркутуу стратегиясын кабыл алса, экинчи жагынан репрессиянын кесептеттерин жумшартып, азайтып көрсөтүү методуна өткөн. «Мамлекет душмандары» катары эсептелгендердин аялдары көп учурда ГУЛАГ тутумунун бир бөлүгү катары эмгек лагерлерине жөнөтүлгөн. Бул аялдар көбүнчө үй-бүлөлөрүнөн жана балдарынан бөлүнүп, мажбурлап эмгекке, кыйноолорго жана башка оор жазаларга тартылышкан. Көптөгөн аялдар ачарчылыкка жана өлүмгө дуушар болушкан. Буга мисал катары АЛЖИР лагеринин туткундарын айтса болот.

Советтер Союзунда «эл душмандарынын» үй-бүлө мүчөлөрүнө каршы атайын аныктама







*АЛЖИР мемориалдык комплекси.*

түшүнүктөр колдонулган. Биринчи жолу «саткындардын үй-бүлө мүчөлөрү» деген түшүнүк 1919-жылы киргизилген. 1919-жылдын 2-ноябрындагы «саткындарга өлүм» деп аталган №163 буйругу идеологияга каршы чыккандардын өздөрүн гана эмес, алардын үй-бүлөлөрүн да жазалоого чакырган.

Казакстанда, атүгүл, чыккынчылардын аялдары үчүн атайын Акмоло лагери түзүлгөн. Мекенге чыккынчы аялдардын Акмоло лагери — 1937-жылы Борбордук Комитетинин атайын буйругу менен уюшулган. Кийинчерээк эл душмандарынын аялдары үчүн Акмоло лагери деп аталган. АЛЖИРде 20 000ге чейин аялдар камалган. Караганды лагеринин 17-дивизиясынын артындагы 26-пункт катары түзүлгөн тозоктун бул борборунда «эл душмандарынын» аялдары, кыздары жана эже-карындаштары жазыксыз азап чегишкен [5].

Кейиштүүсү, балалуу болгон энелерге ырайым болгон эмес. Натыйжада темир тор артында 1 миң 507 ымыркай төрөлүп, алардын көбү ачкачылыктын жана сууктун курмандыгы болушкан. Ал азыркы Астана шаарынын оң жагында жайгашкан Караганда лагеринин («Карлаг») 26-бөлүмү.

1937-жылы СССР Ички иштер Элдик Комиссариаты (НКВД) батышта Төңкерис (Малиновка) айылында 5-августтагы 00486 буйругунун негизинде түзүлгөн.

Алжир лагери 30 миң гектар жерде жайгашкан эле. Анын Караганда жана Акмола областтарында бир нече филиалдары да болгон. Акмола лагеринин туткундары эгин эгип, мал багып, курулуш иштери менен алектенишкен. *«Лагерде бир нече жыгач казарма, төрт мунара болгон, тегереги тикенек зымдар курчалган. Аялдар АЛЖИРге өлкөнүн бардык булуң-бурчунан: Москвадан, Ленинграддан, Украинадан, Грузиядан, Армениядан, Орто Азиядан алынып келинген. Абактагы аялдар үчүн орун жетишсиз болгон. Ал эми жаңы келгендер өздөрүнө кар бороон-чапкында казарма куруп, аларга эки кабаттуу керебеттерди коюшкан. Матрастын ордуна жыгач полго саман төшөшкөн. Казарманы жылытуу үчүн аялдар мешке камыш жагышкан. Бирок анын табы болбогондуктан, казармадагы температура 6-8 градустан*

*ашкан эмес. Акмола лагериндеги туткундарда «эл душманы», «мекенге чыккынчы» деген жалаа болгон»* [6].



*Турар Рыскулов жубайы Азиза Рыскулова менен.*

Лагерге апасы менен кирген балдар 2-3 жашка чыккандан кийин апасынан бөлүнүп, балдар үйүнө «тарбияга» жиберилет. АЛЖИР 1950-жылдын башталышында таркатылып, анын туткундары башка лагерге которулуп, мөөнөтүн өтөп чыккандар бошотулган. Бирок 1956—1957-жылдары саясий репрессиянын курмандыктары акталмайынча, туткундардын көбү мурун жашаган жерине кайтып келүүгө укугу жок болчу. АЛЖИР лагери тууралуу 80-жылдардын аягында гана ачык айтылып, жазыла баштаган.

2007-жылы Акмола облусунун Целиноград районунун борбору Акмол айылында саясий репрессия жана тоталитаризм курмандыктарынын «АЛЖИР» музей-мемориалдык комплекси ачылган [7].

Бүгүнкү күндө атактуу мемориалдык комплекс «Кайгы дарбазасы» монументинен, «Күрөш жана үмүт» жана «Кайгы жана алсыздык» сыяктуу эки скульптуралык композициядан, ошондой эле «Эскерүү дубалынан» турат. Музейдин экспозициялары анын материалдык документтери менен саясий куугунтуктоонун тарыхын, жаза өтөө мекемелеринин механизмдерин көрсөтөт. Жыл сайын репрессия курмандыктарын эскерүү күнүндө бул мемориалдык комплекске Акмоло лагеринин туткундарынын жакындары жана өздөрү келишет. Алардын саны жылдан жылга өтө азайып баратат. Коркутуу стратегиясынын мисалына жогоруда сөз болуп жаткан Азиза Рыскулованын мисалын көрсөтүүгө болот. Ал белгилүү казак саясий ишмери, репрессиянын курмандыгы Турар Рыскуловдун жубайы болгон. Турар Рыскуловдун саясий ишмердигинин бир бөлүгү Кыргызстан менен да байланыштуу болгон. Азиза Рыскулова 1911-жылы

6-августта Жаркентте туулган. 1922-жылы алардын үй-бүлөсү Алма-Атага көчүп келген. 18 жаштагы Азиза шаардын сулууларынын бири болуп, бойго жетет. Ошол кезде Турар Рыскулов Алматыга кезектеги сапарын менен келип калат. Тагдырдын буйругу менен экөөнү Искандер Тынышпаев тааныштырып калат. Маңдайы жарык жароокер бийкеч Турар Рыскуловдун жүрөгүн дароо эле багындырат. Бирок кыз колун сураган Турарга макулдугун берүүгө шашылбайт. Сыягы, алардын ортосундагы жаш айырмасы чоң болгону буга себепчи болсо керек. Документ боюнча Турар кыздан он жети жашка улуу болгон. 1931-жылы Исенгуловдордун үй-бүлөсү Москвага көчүп кетишет. Азиза Алма-Атада 1929-жылы зооветеринардык техникумду аяктап, андан соң ошол кездеги жападан жалгыз окуу жайы болгон ветеринардык институтка тапшырган эле. Москвага көчүп баргандан кийин, ал атасынын жолун жолдоп, Москвадагы зооветеринардык институтта окуусун улантып, аны 1935-жылы ийгиликтүү аяктайт. Ветеринар диплому менен ал Москвадагы ветеринардык академияга жумушка орношот. Ошентип, окууну аяктагандан кийин Азизанын жашоосунун жаңы этабы башталат. Үй-бүлө күтүү, сүйүктүү жолдошу менен бирге иштөө ары кызыктуу, ары ыракаттуу күндөрдү тартуулап, бактысына чек жок эле. Бирок алардын бу бактысы көпкө созулган эмес. Алардын бейпил турмушу үрөй учурган трагедияга туш болуп, кечээ эле бактысы тоодой болуп турган эки жаш кадыресе адам катары жашоо мүмкүнчүлүгүнөн толугу менен ажырашкан.

Май айында алар Кисловодск шаарына кыска мөөнөткө эс алууга барышат. Ал кезде Азиза Рыскулованын кичүү кызы курсагында болчу. Каргаша кайдан деп болобу, төрөтүнө кырк күн калганда, 21-майда эс алып жаткан жеринен Турар Рыскулов камакка алынган. Аң-таң калган Турар камакка алынганына ишенбей, түшүнбөстүк болду го, баары жайына келет деп жубайын тынчтандырганга аракеттенет. Тилекке каршы, жагдай Турар ойлогондой болбойт. Туура сегиз жарым ай өткөндөн кийин, 1938-жылдын 9-февралынан 10-февралына караган түнү ал Лубянканын түпкү-

рүндө атылып кетет. Үй-бүлөсү айласы куруп эмне кыларын билбейт. Дос-санаалаштарынын Орусиядан тез арада кетип калгыла деген акылына кулак төшөшпөйт. Күнөө-айыпсыз туруп, эмнеге качмак элек деп, жамандыкты толук аңдай алышкан эмес. Анын үстүнө Риданын төрөлөрүнө да саналуу күндөр калат. Ошондо аларды Новинский бульварындагы батирден чыгарышып, Сокольникидеги Русаков көчөсүндөгү коммуналканын бир бөлмөсүнө киргизишет. Турар Рыскулов камалгандан эки ай өткөндөн кийин Азизанын иниси жыйырма жаштагы Шамил Исенгулов «контрреволюциячыл ишмердиги» үчүн репрессияга кабылып, беш жылга кесилип кетет. Жаш жигит Коми АССРинде жазасын өтөйт. Келечегине балта чабылган Шамил лагерден оорукчан болуп кайтып келет.

1938-жылдын февралында Азизанын апасын да кармап кетишет. Элүү жаштагы үй кожойкеси Арифа Атауловна сегиз жылга соттолуп, «Рыскуловдун тыңчысы» катары Акмоло лагеринде жазасын өтөйт. Ал 1945-жылы бошотулушуна саналуу күндөр калганда, мээсине кан куюлуп көз жумган. Арифа Атауловнанын акыркы божомолу анын дүйнөдөн кайткан күнү болгон. Өлөрүнө үч күн калганда, ал кийимдерип чогултуп, балдарынын ар бирине түйүн ырастап, анысын абакта чогуу жаткан бир аялга берген экен. 1938-жылдын 30-апрелинде энесинин артынан Азиза да лагерге айдалган. Аны камашкандан беш күн өтпөй, беш жашка чыга элек кызы Сауле Рыскулованы Украинанын Одесса облусунун Дубки айылындагы балдар үйүнө өткөрүшкөн. Азиза Рыскулова апасы менен Карлагда жолугушканга үлгүргөн, бирок өтө кыска убакыт гана бирге болушкан. Арифа Атауловнаны Алжирге айдап, ошол бойдон экөө башка көрүшкөн эмес. Үч жашар кызы Рида башка балдардай энесинен ажыратылып, Караганда облусунун Осакаровск балдар үйүнө өткөрүлгөн. Гүлдөгөн 26 жашында кармалган Азиза Рыскулова дээрлик 10 жыл лагерде отурган. Алардын ичинен: сегиз жылы – Мекен чыккынчысынын үй-бүлө мүчөсү катары 58-берене менен, калган убактысы – эркин жалдануучу катары. Камакта отурган жылдары Азиза ветеринар болуп

иштеген. Ал өз ишин мыкты билген жогорку деңгээлдеги адис болгон. Ушул себептен улам, аны бошотулгандан кийин да, иштеп берүүгө ынандырып алып калышкан. Сегиз жылдык мөөнөтү бүткөн соң, Азиза Рыскуловага Риданы балдар үйүнөн алып кетүүгө уруксат беришкен.

***«10 жыл кат алышууга укугу жок».*** Репрессиянын чыныгы реалдуу көрүнүшүн жымсалдаш үчүн жазалангандарды жаманатты кылуу менен бирге, аларга чыгарылган өкүмдөрдү, кандай жазаланганын жаап-жашырышкан. Анын ачык мисалынын бирин – саясий куугунтукка кабылып, атууга кеткендердин үй-бүлөлөрүнө «алыскы лагерге айдалып, 10 жыл кат алышууга укугу жок» деген маалымат кабарланган үлгүдөн көрсөк болот. Кылмыш-жаза кодексинде мындай жаза жок болчу. Айтылган үлгү мыйзамдуу иш жүзүндө такыр эле болгон эмес. Бул үлгү НКВД тарабынан Улуу террор учурунда (1937-1938) өлүм жазасына өкүм кылынгандардын санын жашыруу үчүн ойлоп табылган. «10 жыл кат алышуу укугу жок» деген үлгү лагерде жүрүп, өз өлүмү менен «түрдүү оорулардан же кокустуктан көз жумду» деген күбөлүктөр менен алмаштырылган.


Атылгандардын өлүмү тууралуу жасалма маалыматтар менен мурда эле кабардар болгон жакындарынын үзгүлтүксүз кайрылууларына жогорудагыдай жоопту кайра-кайра жибере беришкен. Мындай абал 40 жыл уланган. Сталин өлгөндөн кийиники мезгилде деле атууга кеткендердин аялдары болгон мөөрдүн баары менен ырасталган расмий документтерден бөлөк, жолдошторунун өлүмү тууралуу ачуу чындыкты билишкен эмес. Бул калп Хрущев, Брежнев, Андропов, Черненконун мезгилинде дагы өкүм сүргөн. Кайра куруу жылдарында гана СССР КГБсынын 1989-жылдын 30-сентябрындагы Указы менен «Чоң террор» учурундагы репрессия курмандыктарынын өлүмү жөнүндө документтеринде өлтүрүлгөн датасы жана өлүмүнүн анык себебин көрсөтүүгө уруксат берилген [8].

Бул жылдарда НКВДнын бөлүмдөрүндөгү «үчтүктөрдүн» чечимдери, башкача айтканда, Ички иштер Эл Комиссарларынын Комиссиясынын жана СССР Прокурору-


410

ПРЕДСЕДАТЕЛЯМ КОМИТЕТОВ ГОСБЕЗОПАСНОСТИ при СОВЕТАХ МИНИСТРОВ СОЮЗНЫХ и АВТОНОМНЫХ РЕСПУБЛИК

НАЧАЛЬНИКАМ УПРАВЛЕНИЙ КОМИТЕТА ГОСБЕЗОПАСНОСТИ при СОВЕТЕ МИНИСТРОВ СССР по КРАЯМ и ОБЛАСТЯМ


220

ПРЕДСЕДАТЕЛЯМ КГБ при СОВЕТАХ МИНИСТРОВ СОЮЗНЫХ и АВТОНОМНЫХ РЕСПУБЛИК

НАЧАЛЬНИКАМ УПРАВЛЕНИЙ КГБ при СОВЕТЕ МИНИСТРОВ СССР по КРАЯМ и ОБЛАСТЯМ

ПРЕДЛАГАЕТСЯ:

*«Өлүм жазасына кесилген адамдардын тагдыры жөнүндө жарандардын арыздарын кароонун тартиби», 1955-жылдын 24-августундагы No 108сс.*

*«Соттук эмес органдардын чечимдери боюнча атууга кеткен адамдардын тагдыры тууралуу жарандардын билдирүүлөрүн кароо тартиби жөнүндө» СССР КГБсынын 1963-жылдагы инструкциясы.*

нун чечимдери боюнча сотсуз жана тергөөсүз 670 миңден ашуун адам атылган. *«Он жылга эмгек лагерлеринде кат алышуууга укугу жок кесилген»* – үлгүсү НКВДнын кызматкерлерине атылып кеткен адамдын тагдыры тууралуу туугандарынын суроосуна ушундайча жооп кайтарууга буйрук берилген. Буйрукка ылайык, бул үлгүнү оозеки түрдө гана айтуу керек болчу. Жазуу жүзүндө жооп берүүгө тыюу салынган. Мемориалдын архивинде бул талап бузулган сейрек документ бар. Бул бир документтин тарыхы. Камакка алынган күйөөсүнүн тагдыры тууралуу бир аз болсо да маалымат алуу үчүн Наталья Дмитриевна Шаховская НКВДнын Кузнецкий көпүрөсүндөгү маалымат бөлүмүнө келип, кулагы укпаганы тууралуу арыз жазып, ага жазуу жүзүндө гана жооп берүүнү суранган. Ошол эле кагазга коопсуздук кызматкери: «Кат алышууга укугу жок алыскы лагерлерге айдалган» деп жазган. Ал чынында дүлөй эмес эле, бирок

документ алып, күйөөсүнүн өлүү-тирүүсүнө ынангысы келген. Наталья Шаховскаянын жана анын кызынын эскерүүсү Мемориалдын архивинде сакталуу — Биз атабызды он жылдап күткөнбүз. Анткени апам анын тагдырын билгени барганда: *«Күйөөң кат алышууга укугу жок он жылга кесилиптир»* деп айтышкан. Биз ушундай абройлуу мекемеде айтышкандан кийин чын деп ага ишенип, апам атамды он жылдап күтүп жүргөн экен. Зор үмүт менен апам өмүр бою жалгыз жашаган, – деп эскерет Наталья Шаховскаянын кызы [4]. «10 жылга кат алышуу укугу жок» үлгүсүн алгандар жакындарын издеп, үмүт менен жашашкан [9]. Буга төмөндөгү бир катар үй-бүлөнүн тагдыры мисал боло алат. Соттолгондордун жакындары жыл санап, он жылдан кийин үйүнө кайтып келет деп ишенишкен. 1940-жылдардын орто ченинде «кат алышуу укугу жок он жылга» кесилген биринчи репрессия курмандыктарынын мөөнөтү бүтө баштаган. Туугандары согуштагы жеңишке байланыштуу жарыяланган мунапысты үмүт кылышкан. Жакынкы аралыкта жолдошум, атам, агам үйгө кирип келет деп үмүттөнүшкөн. Бирок коопсуздук мекемеде айтылган «алыскы лагерлерден» бири да кайтып келген эмес. Репрессияга кабылгандардын тагдырына байланыштуу суроо-талаптар күч түзүмдөрүнө арбын түшө баштайт. НКВДнын кабыл алуу бөлмөлөрүндө Сталинге, Калининге, Жогорку Советтин депутаттарына жазган каттарында: «Атабыз, күйөөбүз, балабыз, агабыз кайда?» деп кайрылышкан. Көпчүлүгү жазып эле тим болбостон, күч органдарына өздөрү келип дарегин сурашкан. 1945-жылдын сентябрь айында эле НКВДнын 1-атайын бөлүмүнүн башчысы полковник Кузнецов СССР Ички иштер Эл комиссары Л.П. Берияга мындай деп билдирет: *«...Он жылдык мөөнөт аяктагандыгына байланыштуу НКВД-УНКВДнын кабыл алуу бөлүмдөрүнө жарандардан жогоруда көрсөтүлгөн тартипте соттолгон жакын туугандарынын жүргөн жери тууралуу маалыматтарды сураган арыздар көп келип түшүүдө. Жогорку жазага соттолгон адамдар жөнүндө маалым каттарды берүүнүн төмөндөгүдөй тартибин бел-*

*гилөөнү сунуштайм. Жаза: Мындан ары жарандардын жакын туугандарынын турган жери жөнүндөгү суроо-талаптарына... алардын жакындары жазасын өтөп жаткан учурда өз өлүмү менен каза болгондугу жөнүндө аларга оозеки билдирүү керек».* Кузнецовдун сунушу каралып, кабыл алынган, муну төмөндөгү документ далилдейт. В.Н. Меркуловдун, В.В. Чернышовдун, Б.З. Кобуловдун СССР ички иштер эл комиссары Л.П. Берияга жазган меморандуму: *«СССР НКВДсынын 1-атайын бөлүмүнүн начальниги полковник жолдош Кузнецовдун мурдагы НКВД үчтүктөрү тарабынан өлүм жазасына кесилген адамдардын үй бүлө мүчөлөрүнө маалым каттарды берүү тартиби жөүндөгү сунушунун негизи боюнча Аскер коллегиясынын чечими. СССР Жогорку Сотунун жана атайын тартипте: Мындан ары НКВДнын мурдагы үчилтиги, СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясы тарабынан 1934–1938-жылдары атууга кеткендердин жакындарынын турган жери жөнүндө жарандардын кайрылууларына өзгөчө тартипте оозеки түрдө соттолгондор камак жайларында каза болгон деп айтылсын».*

Кыргызстанда эң белгилүү кейс – бул Төрөкул Айтматовдун репрессияланышы менен байланыштуу. Айтматов Төрөкул 20-кылымдын 20-жылдарында активдүү саясий жана мамлекеттик ишмер болгон. 1929–31-ж. Кыргыз АССРинин өнөр жай-соода эл комиссары жана Эл чарбасынын борбордук советинин председатели, 1933-ж. чейин партиянын Араван-Буура райкомунун 1-секретары, 1934–35-ж. ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун 2-секретары болуп иштеген. 1937-ж. 1-декабрда жазыксыз камакка алынып, ага *«куралдуу жол менен Совет бийлигин кулатууну жана Англиянын протекторатынын астында буржуазиялык-улутчулдук мамлекетти түзүүнү милдет кылып алган, Кыргызстанда бети ачылып, жок кылынган контрреволюциячыл-улутчул «Социал-Туран» партиясынын көрүнүктүү ишмери»* деген күнөө коюлган жана 1938-жылдын 5-ноябрында атылган. Анын жубайы Нагима Айтматованын жашоосу совет доорунда, өзгөчө

саясий репрессиянын оор мезгили менен коштолгон терең ажырымдын фонунда өттү. Ал тек-түбү боюнча дагы советтик идеологияга туура келбеген социалдык категориядан эле. 1904-жылы Караколдогу кадыр-барктуу инсан Хамза Абдуалиевдин үйүндө жарык дүйнөгө келген. Нагима билим алып, 1920-жылдары иштеп калган учурда саясий тирешүү күчөгөн. Анын 1926-жылы Төрөкул Айтматов менен баш кошуусу татаал жолдун башталышы болгон. 1935-жылы бул үй-бүлөнүн Москвага көчүп келиши саясий толкундоолор күчөгөн учурга туш келген. 1937-жылы Төрөкул партиядан чыгарылып, репрессиянын апааты алардын да босогосун аттаган. 1937-жылдагы тазалоо учурунда Төрөкулдун камакка алынышы үй-бүлөнүн жашоосундагы оор мезгилдин бири болгон. «Эл душманынын» жубайы болгон Нагима статусуна байланыштуу жумушка орношо алган эмес, мамлекеттик кызматтардан пайдалануу тургай, өзү дагы камалып кетүү коркунучунда эле. Саясий репрессиянын кесепеттеринен аман калган Нагима балдары менен эркек туугандарынын өлүм жазасына тартылганына күбө болуп, бул өмүр бою алардын эсинде кетпес так бойдон калган. Бул азаптуу саясий куугунтуктар менен коштолгон мезгилде Нагима балдарын коргогого бардык күч-аракетин жумшады. Айтматовдордун үй-бүлөсүнүн окуясы Совет тарыхындагы кооптуу мезгилде, адамдарды чоң сыноодон өткөргөн учурда Нагиманын мамлекет дуушар кылган кыйынчылыктарды жеңгенин, саясий репрессиянын коомго тийгизген чоң кедергисин ачык көрсөтөт. Төрөкул Айтматовдун жазаланышы анын балдарынын дагы билим алуусуна, карьерасына өз таасирин тийгизген.

Тоталитардык режим катаал массалык жазаларын жашыруу менен, коомдо өзүн баарына бейпил турмуш алып келчү күч катары көрсөтүп, колдонуп жаткан бийлигин легитимдештирген. «Эл душманын» жакыны катары куугунтукка алуу дээрлик союз ураганга чейин уланган.

Советтер Союзунда Сталиндик мезгил репрессиянын куралы катары «мамлекеттин душманы» деген жаманат-

ты кылууну абдан кеңири колдонгон, «мамлекет душмандары» катары саналгандардын аялдарынын басымдуу бөлүгү ГУЛАГ тутумундагы эмгек лагерлерине жөнөтүлгөн. Ал аялдар негизинен үй-бүлөлөрүнөн жана балдарынан ажыратылып, кыйноолорго, мажбур эмгекке жана оор жазага тартылышкан. Көптөгөн аялдар ачарчылыктан кыйналып, бир даары өлүмгө дуушар болушкан.

Репрессия мезгилиндеги аялдардын кейиштүү тагдыры кайсы бир адамдарга же үй-бүлөлөргө гана эмес, бүтүндөй коомго, мамлекеттик репрессиянын кесепетинен жапа чеккен энелер өстүргөн кийинки муундарга чейин терең таасирин тийгизип, изин калтырган.

Колдонулган булактар:
1. B. E. Clements, Daughters of Revolution: A History of Women in the USSR (Illinois, 1994), p. 77.
2. Melanie J., «The Forgotten Five Per Cent: Women, Political Repression and the Purges», in Stalin’s Terror Revisited, Palgrave Macmillan, 2006, pp. 116–139.
3. Смаилова Ш., Знаменитые имена «АЛЖИРА», Мысль, 2014.
4. «Книга жертв политических репрессий КР (1920–1953 гг.)», Болот Абдрахманов, стр. 5.
5. Музей АЛЖИР. История музея. https://museum-alzhir.kz/ru/o-muzee/istoriya-muzeya-alzhir
6. Айтматова Роза Торекуловна, Белые страницы истории: (Мои воспоминания), Бишкек: ОсОО «V.R.S. Company», 2013.
7. Музей АЛЖИР, экспозиция. https://museum-alzhir.kz/ru/o-muzee/istoriya-muzeya-alzhir
8. Международный Мемориал. Архив. https://www.memo.ru/ru-ru/
9. Мемориал, архив Натальи Шаховской. https://lib.memo.ru/media/book/20905.pdf
10. Мемориал, архив Натальи Шаховской. https://lib.memo.ru/media/book/20905.pdf

# МАРИЯ – КЫРГЫЗ КЕЛИНИ

*Людмила МОЛДАЛИЕВА*

*Апамдын жаркын элесине арналат....*

***Кыргызстанымды, анын тоолорун, элин жана маданиятын аздек тутуп жашап келем. Жан дүйнөм менен кыргызмын, ушул жерде чоңойдум, Нарында бир топ жыл жашадым. Биздин үй-бүлө да куду эле курак сымал ар кандай тагдырлардан куралган. Курактагы өзгөчө оюу – бул апамдын өмүр жолу. Апам Волга боюндагы немистерден. Алар мурда «колуна эч курал албаган (менониты)» жамаат болушкан. Ошондуктан алар тынч жашоого мүмкүн болгон конуш издеп жер которушкан. Кийин алар өздөрүнө кымындай тиешеси болбогон Европадагы согуштун кесепетинен Волга боюнан да сүргүнгө айдалып, куугунтукка дуушар болушкан. Көбү өлтүрүлүп жок кылынган. Апам тирүү калыптыр. Апам атам – Жапарга баш кошуп, тагдырлаш болуп, эки кызды жарык дүйнөгө алып келген. Ошентип мен мекенимди – Кыргызстанымды тапкам. Бул мекенимди эч нерсеге алмаштырбайм.***

Михель (туулганда Гельвих) Мария Яковлевна 1912-жылдын 8-апрелинде Саратов облусунун Балцер районунун Моор айылында туулган. Ал жерге анын ата-бабалары Германиядан XVIII кылымда көчүп келишкен. 1941-жылдан 1956-жылга чейин Бурят-Монгол АССРинде «эмгек армиясынын» лагеринде болгон. 1991-жылы Бишкекте жерге берилген.

Мария үй-бүлөдө он экинчи наристе болуп төрөлгөн эң кенжеси эле. Ал төрөлгөндө, улуу агалары үйлөнүп калышкан. Анткен менен, алар ата-энелери менен чогуу турушчу. Үй-бүлөлүк маселелерди чогуу талкуулашып, чогуу чечим чыгарышчу. Бирде агасы Андрей Марияга *«окубай эле койгонуң оң, үйдө Луизанын окуганы эле жетиштүү»* дейт. Мария үй-бүлөсүнүн бул чечимине ичи ачышып, түнү менен ыйлап чыккан күндөрү болот. Бирок, билим алууга

зарыккан кыз эжеси Луиза үй тапшырмасын аткарып жаткан-да, байкатпай саресеп салып отурганды адат кылып алат.

Мария эртеден кечке жаны тынбаган Луиза үй тапшырмасына отурганда, токуу станогун ага жакын алып келип, эжесинин жазгандарына көз салып олтурат. Башында эч нерсени түшүнбөйт. Эжеси ага түшүнүксүз сызыктарды, тегеректелерди тартып жаткандай сезилет. Бирок акырындык менен зирек кыз ал жазуу менен арифметиканы айырмалай баштайт.

Луиза жазгандарын эстеп калуу үчүн баарын үнүн чыгарып айтып кайталачу. Мунусу Марияга пайдалуу көндүмгө айланат. Луизанын артынан ал да жазгандарын кайталап турчу. Ошентип отуруп, ал алфавитти толук үйрөнүп, муунда покуй баштайт. Бирок ага сандар көбүрөөк жагып, күнү бою кошуп, көбөйтүп, бөлүп, баарын ичинен эсептегенди адатка айлантат. Кээде тигил же бул иш-аракет эмнени билдирет, эмне үчүн көп чыгып жатканын же азайганын,кээде эч нерсе калбай каларын эжесинен такып сурай берет.

Үй-бүлөдө жароокер, токтоо Марияны баары жакшы көрүшчү. Бир жолу Андрей базардан келип, Марияны жанына чакырып, башынан сылап, бүгүн ага атайын тарак сатып алайын десе, тапкан тарагынын бир кемтиги бар болуп, жакшысы табылбаганын, кийинки барганында ага сөзсүз тарак алып келип берерин айтат.

Мария агасынын сөзүнө, тарактуу болоруна жер-сууга батпай кубанат. Бир канча күн үй жумуштарын буту-бутуна тийбей дилгирленип жасайт. Ал бир жагынан, өзүнө гана тиешелүү тарагы болоруна сүйүнсө, экинчи жагынан, улуу агасы ага кам көргөнүнө ичинен абдан ыраазы болот. Өзүнөн улуу үч эжеси турганына карабай, агасы Марияга тарак сатып алгысы келгени кызды абдан толкундантткан... Мунун себеби бар эле. Немис үй-бүлөлөрүндө эрежелер катуу сакталчу, аларда ачык эркелетип, мээрим төгүү одоно көрүнчү, баарын ичке сакташып, бири-бирине токтоолук менен мамиле жасашчу.

Аз жерден ага агасы сатып албай калган тарак Мариянын эс тутумунда өмүр бою сакталып калган. Бул эскерме

аны алыста калган балалык мезгили менен байланыштырган жылуу мээрим менен камкордуктун элеси эле. Бала кезде көргөн сүйүү менен мээрим – бул жашоодогу эң маанилүү нерсе, ал биздин үй-бүлөбүзгө болгон мамилебизди аныктайт, бизди өмүр бою жылытат. Мария бой жетип, турмушка чыкканда, камкор күйөөгө, боорукер кайненеге туш болот. Балалуу болуп, ар бир кыз кыялданган бак башына конгондой болот. Ырас, байлыкка маарып эмес, барчылыкта жашашпаганы менен, маңдай тери менен чоң үй-бүлөнү багуу үчүн талыкпай баары иштеп, ток пейил жашашат.

Оор отузунчу жылдары Волга боюна да ачарчылык келет. Үч баласы биринин артынан бири каза таап, жалгыз уулу Ваня гана аманкалат. Ачарчылык аз келгенсип, көп өтпөй согуш башталып, алар тагдырдын тар жол, тайгак кечүүсүндө калышат. Улуу Ата Мекендик согуштун башында, гитлерчилер бардык фронттордон чабуул коюп кирген учурда, советтик немистерди лагерлерге айдай башташат. Себеби Сталин жергиликтүү немистер душмандар тарапка өтүп кетиши мүмкүн деп чочулап, аларды СССРдин түпкүрүн көздөй айдоого буйрук берген. Саратов облусунан эркектерди жана 12 жаштан улуу балдарды жөө айдап, Сибирге жөнөтүшөт, ал эми аялдарды товардык вагондорго салып, климаты жана жашоо шарты эң оор аймактарга жиберишкен. Күзөтчүлөргө (конвои) каршылык көрсөткөндөрдү барган жеринде «Эмгек армиясы» деп аталган лагерлерге камашкан.Апам да ошондо бир аялдын балдарын тартып алгандарга каршы аялды коргоп сүйлөп койгону үчүн колго түшкөн экен. «Эмгек армиясы» – бул советтик үлгүдөгү концентрациялык лагер, ал ГУЛАГга (жазалоо-эмгек лагерлеринин башкы башкармалыгы, ОГПУ жана НКВДнын атайын бөлүмү, лагерлерди көзөмөлдөп, туткундардын эмгегин колдонгон мекеме) баш ийген. Баары тикенек зым менен курчалган барактарда жашап, жумушка күзөтчүлөрдүн коштоосунда барышкан. Эгер кимдир бирөө каза болуп калса, чоң чуңкурга ыргытып, ал чуңкур толгондо, көөмп коюшкан.

Мариянын күйөөсү алдан кетип, лагерге жетер менен эле жан берген экен. Аны Мария көптөн кийин гана би-

лет. Ал эми уулу менен апасы кандай тагдырда калганын биле албайт, лагерге айдалып кеткенде, алар экөө жалгыз калышкан. Ал апасы деле бул апааттан тирүү калбай тургандына көзү жеткен, бирок уулу жети жашка да толо элек наристе эле да. Аны кайдан издеп, кайдан табат? Согуштун бул катаал мезгилинде жаш бала жалгыз-жарым кандай күндө кимдин колунда калды?

Мариянын эже-сиңдилери, бир туугандары да айдалып кеткен. Түнү бою алардын амандыгын кудайдан тилечү. Алдыдагы тагдырын ойлогусу да келчү эмес, ар бир өткөн күнү ага кымбат болчу, тирүү болгонуна канит кылчу, жакындарын, уулун табууга үмүтү өчпөй жашоого кайрат берчү. Бул тозок бир күнү бүтөт деп үмүт артчу, үмүтүнүн үзүлбөшүнө кудайга болгон ишеними чоң тирек болгон.

...Жедеп жүрөктөрүнүн сары суусун алган күзөтчүлөрдүн ачуу үнүнөн, кээде далыга урган мылтыктын соккусунан жапа чеккен жүздөгөн аял тоңгон буттарын араң сүйрөп, колоннага тизилип лагерге кайтып келчү. Барактар көзгө көрүнгөндө гана жандары бир аз жай алар эле. Бийик тосмолордун ар жагынан аларга атырылган килейген иттердин үргөнүнөн үрөйлөрү учкан аялдар «Тарагыла!» деген буйрукту угар менен жай-жайларына тарап кетишчү. Бaрактарда сууктан көгөрүп калган буттарынан оор, копол материалдан жасалган резина өтүктөрүн араң чечишчү. Мария өтүгүн колу менен ушалап жумшартчу. Бул өтүктөр кендерде ишегендерге жасалган эле. Туткундар аларды «чтз» деп аташчу.

Керээлден кечке муздак сууда вольфрам жууп иштеп жүрүп, апам оор ревматизмге кабылат, ошондо аны атканага иштөөгө которушкан. Ал жерде кичинекей бөлмө беришет, эжем экөөбүз ошол жерде төрөлгөнбүз. Атканадагы иш мурунку жумуштан бир аз жеңилирээк болчу. Аттарга дан азыктарынан кошумча азык беришчү. Ошол дандан апам бизге да ботко жасап берчү. Аттарга берилген азык туткундарга берилгенден жакшыраак болчу. Апам фабриканын директорун ат араба менен ташып да иштечү.

Улуу Жеңиш тууралуу кабар лагердеги аялдарга токой кыюу иши учурунда жеткен. Аялдар лагерден 8-9 чакырым алыстыкта жыгач кыйып жатышкан. Кубанычтуу жаңылыкты угуп, аялдар лагер тарапты көздөй атырылып жөнөшөт. Күзөтчүлөрдүн кыйкырганы да, абага атылган ок да аларды токтото алган эмес, күзөтчүлөр алардын артынан чуркоого аргасыз болушкан. Аялдар Жеңиш менен бирге эркиндик келди, азап-тозок аяктады, боштондукка чыгабыз деп ойлоп кубанышкан... Алар үч жылдан ашык лагерде болушкан. Ошондо алар немис болуп төрөлгөндүгү үчүн, аларды алдыда дагы он бир жыл адам чыдагыс оор мезгил күтүп турганын билишкен эмес…

Биздин атабыз, Майлиев Жапар, Кант районундагы колхоздун төрагасы болгон. 1942-жылы жалган жалган жалаа боюнча 58-статья (*«эл душманы»*) менен 10 жылга эркинен ажыратылып, кат алышуу укугунан ажыратылып, Бурят-Монгол АССРинин Городок шаарына сүргүнгө айдалган. Ал жерде апабыз дагы өз мөөнөтүн өтөп жаткан болот. Атам ар иш колунан келген уста киши эле: жыгачтан ээр жасап, тери менен каптап, мык менен коодоп кагып, көз жоо-сун алган эмгектерди жаратчу. Көңүлү сүйгөн иши темир устачылыгы болчу, ал ат такасынан тышкары, күмүштөн зергер буюмдарды да жасачу. Жумушчу күч жетишпегендиктен, атама шаардагы устаканада иштөө үчүн «эркин жүрүүчү» макамы берилген. Ал шаар ичинде эркин жүрө алган, бирок кечинде түрмөгө кайтып келүүгө милдеттүү болчу. Ошол устакана биздин ата-энебизди тааныштырган. Апам ал жакка аттарды жаңы така кактыруу үчүн алып барчу экен.

Атам менен энем баш кошуу үчүн комендатурадан атайын уруксат алуулары керек болчу. Ошол уруксат берилгенде, алар никелерин катташкан. Алгач эжем, Нина төрөлгөн. Апамдын боюнда мен бар кезде, атамдын мөөнөтү аяктайт да, ал үйүнө кетүүгө мажбур болот. Үйгө жетери менен бизди чакыртып алам деп убада берет, бирок бизге белгисиз себептерден улам ал бизди чакыра албайт.

Көрсө, атам бизди чакырбоо чечимин эбак эле кабыл алган экен. Ошондуктан нике тууралуу күбөлүктү ал столдун үстүндөгү клеёнканын астына калтырып кетиптир. Анын мурда эле никелешкен аялы бар экен, бирок экөөнүн ортосунда бала болбоптур. Бул чечим атам үчүн абдан эле оор болсо керек: он жылдык түрмө мөөнөтүнөн кийин, үйүнө кайтып барып жатат, үйүнө немис улутундагы аялды алып барса, туугандары кандай кабыл алат эле. Атам кеткенден кийин, бир канча күндөн соң, апам документтерди таап алып, баарын дароо түшүнгөн…

Сталиндин өлүмүнөн кийин эмгек армиясы үчүн кээ бир жеңилдиктер берилди, бирок алар дагы деле эмгек лагерлеринен өз алдынча чыга алышчу эмес: ал үчүн туугандарынын чакыруусу керек болчу. Андрей таякебиз бизди Казакстанга чакырды. Апамдын дээрлик бардык бир туугандары ошол кезде түндүк Казакстанда, ошол мезгилде жашоого оор болгон аймакта, жашап калышыптыр.

Таякемдин үйүнүн жанында өпкө оорусуна чалдыккандар үчүн «Бурабай» санаторийи бар эле. Апам санаторийдин ашканасына жумушка орношуп, бизге токойдогу эски, ээн турган







*Людмила Молдалиева сиңдиси  Нина, атасы Жапар, Лариса (агасы Ванянын кызы) жана апасы Мария менен.*

*Атасы менен Нина сиңдисин колуна кармаган апасы алдыда, артта агасы Ваня жана апасынын курбусу.*

*Жапар жана Мария.*

ооруканадан бөлмө беришти. Ошол оорукананын адамдар жашаганга жарактуу болгон бир бөлмөсүндө үчөөбүз – мен, эжем жана апам жашап калдык.

Биз дагы толук үй-бүлөдө жашагыбыз келчү, башка балдардыкындай атабыз болсо деп кыялданчубуз. Атамды издеп тапкыбыз келчү, анткени бизди «киргизуха», «фашисттин балдары» деп шылдыңдашчу, бул аз келгенсип, «атасыз» деп да намысыбызга тийишчү…

Апам ашканада түнкүсүн он бирге чейин иштечү. Көчөдөн ойноп келген соң, Нина экөөбүз үйгө кирип, столго атамдын сүрөттөрүн жайып коюп, аны менен кандай жашар элек деген кыялданчубуз. Ошол сүрөттөрдү жазданып уктап калчубуз. Мындай учурларыбыз күндө кайталанчу. Апам келип, бизди тургузуп, төшөктөрүбүзгө жаткызчу. Албетте, атам жөнүндө кечке ойлонуп, кыялданганыбызга апам ичинен абдан кыйналса керек. Кийин чоңойгон сайын атамды көргүбүз келгени күчөп, ал тууралуу баарын билгибиз келип, апамдан такып сураганга өттүк. Апам үчүн бул суроолорго жооп берүү абдан оор болчу. Атам бизди таштап кетсе, бизди чакырып, эмгек лагеринен бошото албаса, аны түшүндүрүү кыйын да. Эгерде биз атамды издеп барсак, ал бизди кандай кабыл алмак эле? Балким, анын балдары бардыр – мунун баары апабызды кооптондурчу. Эгерде ал бизден кайра дагы баш тартса, анда бул эжекем экөөбүз үчүн чоң трагедия болмок. Бирок биз да айтканыбыздан кайтпадык, апамды көндүрдүк – ал өргүүгө чыгып, бизди атама алып барууну чечти. 1959-жылдын жазында биз эңсеп көрүүгө зар болгон алыскы Кыргызстанга, атабыз жашаган өлкөгө, жол тарттык. Эртең менен, жолдун алдында апам бизди отургузуп: *«Мен түш көрдүм, атаңарга жолукканга чейинки, аялынын чапанынын түсүнө чейин, биздин жолду көрдүм. Кудай мага жолубузду көрсөттү, ошондуктан мен туура кылып жатам»*. Ошентип апамдын түшү биздин жол көрсөткүчүбүз болду, тиешелүү багытта токоолдуксуз эч жерден кечикпей жүрүп олтурдук, ошентип атам жашаган айылга да жеттик. Таң эрте колхоздун тушундагы айылдын борборуна чыксак, апамдын

түшүндөгүдөй бир үйүр уй бизди көздөй келе жатыптыр. Бир четте аялдар турган экен, апам дароо аларды көздөй бет алып, өзүн таныштырып, балдарынын атасы – Жапарды кандай табам деп сурады. Алар ага Жапар айылда эмес экенин, ал Кант районунун жайлоолору үчүн ижарага берилген жерге, Казакстанга, кеткенин айтышты. Ошол күнү, кудай жалгап, эртең менен ал жакка жүк ташыган унаа кетип жаткан экен, апам айдоочуга барып, «ала кетиңиз» деп суранды.

Ал айдоочубуз атабыздын аталаш бир тууганы болуп чыкты, бизди угар менен дароо колхоздун төрагасына жөнөдү. Алар машина ал жакка барып-келгенге чейин, бул жерде, айылда эле, күткөнүбүздү туура көрүштү. Төрага өзү келип, «атаңарды бул жерде эле күткүлө» деп суранды.

Тигил байкебиз ал жакка барганда, атамды четке чакырып, ага биздин келгенибизди айтыптыр. Атам кандай кабыл алганын билбейм, баарын кайра ойлонгон го. Анын берки аялы үчүн да кыйын болду да, анткени күйөөсүнүн балдары менен мыйзамдуу аялы келип жатпайбы, экөөнүн бир







*Людмила менен Нина эже-сиңдилер.*
*Мария апа кыздары Людмила жана Нина менен.*
*Людмила менен Нина эже-сиңдилер.*

бакма баласы бар экен. Кандай болгон күндө да, бизди тосуп албай коюулары кыйын эле. Ал боорсок, этин бышырып даярдыгын көрүптүр. Айылдагы бир аял бизге үйүндө жашап тургула деп сунуштады. Чемоданыбызды алып, анын артынан жөнөдүк. Анын короосуна кире бергенибизде, артыбыздан атамдын дагы бир тууганы чуркап келип, бизди өзүнө алып кетти. Жол катар бизди көп адамдар тосуп учурашып жатышты, биздин келгенибиз тууралуу кабар бүт айылга тарап кетиптир. Ар бирибиздин жүзүбүзгө тигиле карашып, бир нерселерди айтып жатышты, бирок биз аларды түшүнгөн жокпуз.

Атам келердин алдында үч күн бою атабыздын бир тууганынын короосуна чоң базардагыдай эле адамдар топтолуп жатышты. Жаныбыздагы айылдардан да бизди – *«Жапардын немис аялынын кыздарын»* көрүүгө келгендер болду. Алардын көбү биздин алыскы туугандарыбыз эле. Алар орусчаны жакшы билбесе да, биз кыргызчаны жакшы билбесек да, тынбай сүйлөшүп жаттык. Максатыбыз эле – бири-бирибизге кызыгып таанышуу болду. Бир күнү эртең менен апам: *«Жүгүргүлө, атаңар келе жатат»* – деп калды. Биз сүйүнүп, сыртка чуркап чыксак, атам бакчаны аралап бизди көздөй келе жатыптыр, артында аялы да келаткан экен.

*«Нина, бул биздин атабыз!»* деп кыйкырып, анын колуна асылып калдым. Ал эңкейип бизди өөп, анан апамды көздөй басты. Апабыз жалбырактуу дарактын астында туруптур. Күн жаңы чыгып, апабыз күндүн нуру тийген тушта турган: бою узун, сымбаттуу, ачык түстөгү көйнөк менен кара түстөгү түз юбка кийип алыптыр. Чачтары өрүлүп, башына таажыдай болуп жасалгаланган. Атам апабызга жакын келип, колун сунду. *«Жапар, сага колумду сунайынбы, жокпу, билбейм»,* – деди апам. Атам кечирим сурады. Биз турган элден араң суурулуп чыгып, үйгө кирдик.

Ошол кезде айылда аксакалдар көп эле. Айылда ак сакалдуу, сабырдуу, кадырлуу адамдар болчу. Тууганыбыздын үйүндө чогулган аксакалдардын бири атамдан биз тууралуу *«өзүңдө калтырасыңбы же жокпу»* деп сурады. Эгер атам бизди өзүндө калтырбаса, анда аксакалдар өздөрү

бизге жардам берип (эл багат, журт багат), эч кимге тийгизбей коргоп ала турган болушту. Алар биз тууралуу «*бул эки тырмактай кыз биздин тукумдан»* деп, биздин уруудан чыккан бул эки кыз Монголиядан, ошончо алыс жерден атасын, мекенин издеп келгени үчүн чоң урмат-сыйга татыктуу, кайра кайтарып жиберүүгө болбойт дешти. Бул кыздар өз мекенинде жашап, өсүшү керек. Энеси каалаcа калсын, каалабаса кетсин, бирок бул эки кичинекей кыз кайра мекенин таштап кетпейт. Албетте, алар атамды убадасын аткарбай, бизди жалгыз чет өлкөдө калтырганы үчүн айыпташты.

Аксакалдар Жапардын Монголияда балдары бар экенин билип туруп, эч кимиси ал балдар тууралуу сурашпаганы, кабар албагандары үчүн, өздөрүн да күнөөлүү сезишти. Ал эми бул эки кичинекей кыргыз кызы өз мекенине болгон сүйүүсүн көрсөтүп, өздөрү үйгө жол таап келишиптир, тескерисинче, буларды атасы алып келүүгө тийиш эле дешти.

...Ошентип жашообуз бир жолго түшүп калгандай болгону менен, апам дагы далай кыйын күндөрдү башынан өткөрдү. Аны ууландыргыгысы келип, бычак менен коркутуп, бизди алып кетип калышын талап кылгандар болду. Кийинчерээк гана мунун баары тынчыды. Мындай иштер атамдын аялынын туугандарынын колунан келгенин биз жакшы түшүндүк.

...Кыргызстанга келе жатканда, поездде бир унутулгус окуя болгон. Бул окуяны эскерип азыркыга чейин толкунданабыз. Вагондогу бир адам кондукторго апамды бул чечен аял балдарды уурдап алып, Кыргызстанга алып бара жатат деп айтып коюптур. Апамдын чачы каракөк тартып тургандыктан, аны чечен деп ойлоптур. Поезд кийинки бекетке токтогондо, перрондо милиция күтүп турган экен. Бизди поездден түшүрүп, бир бөлмөгө алып барышты. Биз ыйлап, бул аял биздин апабыз экенин, ал чечен эмес, немис экенин, аты Мария экенин айттык.

Милиция жагдайды дароо түшүнүп, бизди бошотту. Кутулганыбызга сүйүнүп, чыркап чыксак, поезд жүрүп кетип жаткан экен, апам бизди көтөрүп вагонго ыргытып жиберда

да, өзү канчалык аракет кылса да, поездден артта калып жүгүрүп келатты. Поездде аскерлер бара жаткан экен, алар чынжырлаша кол кармашып тизиле калып, бири поездден секирип түшүп, апамдын колунан кармап вагонго тартып алды. Биз кыйкырып, ыйлап, жүрөгүбүз түшүп калды. Бул биздин жашообуздагы эң коркунучтуу учурлардын бири болду. Апасыз жалгыз калып кала жаздадык...

…Атам менен апам карыганча чогуу жашашты. Алар тынч жашашты, атам апама катуу сүйлөгөнүн эч уккан жокпуз, бирок апам кээде ачууланып калчу. Апам келгенде, үйдө тымтырс боло калчубуз. Апамдын эң чоң тилеги бизди жогорку окуу жайга окутуу болчу. Окуучу кезибизде колунан келген жардамын жасады. Ал билимдүү адам гана жашоодо өз ордун таап, элине кызмат кыла аларын айтчу. Биз диплом алганда, кубанганынан ыйлаган. Ал дайыма билимге умтулуп, орусчаны өз алдынча окуганды үйрөнгөн, бирок жазганда немисче жазчу.

Апам уруудагы улуу келин болгондуктан, бардык иш-чаралар анын катышуусу менен өтчү. Ал кыргыз тилин жакшы түшүнүп калган, акцент менен бир аз сүйлөчү. Ал ар жума күнү эртең менен атама: *«Жапар, читай куранок»* дечү. Көп жылдар өткөндөн кийин, мен анын эмне үчүн мындай дегенин түшүндүм – ал *«куран оку»* деген эки сөздү бириктирип айтчу экен. Апам бардык салт-санааны сактап, уруубуздагы келиндерге мени жиберип: *«Дасторкон жайышсын, куран окуп келебиз»* дечү. Ал көптөгөн малчылардын кышында төрөлгөн балдарынын «киндик энеси» болду. Төрөттөн кийин энелерди калыбына келтирүү үчүн атайын тамак жасап берип, ымыркайларга да өзгөчө кам көрчү.

Малчылар кыштоого кайтып келгенде, биз аларды өрлүктөп барчубуз. Апам бирөөлөргө жардамын суратпай бергенди жактырчу, ага бирөөлөр көйгөйүн айтса болду, жардамын аячу эмес. Ал эми бирөө ага көңүл бөлүп, ыраазы кылган болсо, аны эки эселеп кайтарчу. Түрмөдөгү жылдары ага майда нерселердин да баасын билүүгө үйрөткөн. Ал дайыма: *«Ким майда нерсеге баа бербесе, ал чоң нерсеге татыктуу эмес»* – дечү.

Бизге үй-бүлөлүк мамилелерди да үйрөтчү. Жолдошуңар тууралуу башкаларга жаман айтпаш керек дечү. *«Жаман болсо – жашаба, жашасаң – чыда. Күйөөсүн жамандаган аялдын өзү эч нерсеге арзыбайт»* дечү. Бул жөнөкөй көрүнгөн жашоо чындыгы болгон менен, адамдык кадыр-баркты жоготпоо, үй-бүлөңө урмат көрсөтүү сыяктуу мамилелердин маңызын так чагылдырат эмеспи. Мен ата-энемден дайыма алыс жашадым. Сиңдим Бишкекте туруп, ар бир ишемби күнү күйөөсү менен ата-энебизден кабар алып турушчу. Эгерде Нина ишемби күнү апама барбай калса, дүйшөмбү күнү саат он бирден кийин апам колунда токулган себетке сүт, өзү бышырган нанын салып, өзү келчү. *«Кагылайын кызым, деги жакшысыңбы?»* деп немис тилинде амандашып, кабинетин ачып кирчү экен.

Апам биз дегенде ичкен ашын жерге койгон өтө камкор адам эле. Атам экөө бизге Ташкентке, Нарынга келип турушчу. Жашылча-жемишпи, даамдуу тамак-ашпы, тапканын жума сайын эле Нарынга жөнөтүп турушчу. Алар бизди ал жакта эттен башка эч нерсе жешпейт деп ойлошчу го. Ата-энем Казакстандан айылга кайтып келген жылдары атамдын досторуу кээде азил-чыны аралаш атама уулу жок экенин айтышып, немис аялы аны акыркы сапарга татыктуу узата алабы дешип намысына тийишчү. Балким, бул сөздөр атамды кейитсе керек, бирок ал: *«Уулдарым жок болсо да, кыздарымды уулдай тарбияладым. Күйөө балдарым баарын талаптагыдай кылышат, эч ким менин уулум жок экенин байкабай калат»*, – деп жооп берчү. Атабызды акыркы сапарга узаткандан кийин, анын достору келип, апамдын колун өөп, атамды татыктуу узатканы үчүн ыраазычылык билдиришкен.

Апам эч качан тагдырына ныразы болуп даттанчу эмес, совет бийлиги анын элине адилетсиз мамиле кылганын түшүнүү менен кабыл алчу. Ал ошол кезде баары ошондой болгон деп айтчу. Бул жактагы немистер Германияга туруктуу жашоо үчүн көчүп кете баштаган учурда да, ал бул тууралуу ооз ачкан жок. Албетте, жүрөгүндө алыскы тарыхый мекенин көргүсү келгендир. Бирок ал тууралуу

эч качан ачык айтпады. Ал биз эч качан ал жакка барбай турганыбызды жакшы түшүнгөн. Анын жүрөгүндө кандай ой болгонун билүүгө эми такыр мүмкүн эмес. Биз ага уулу менен бирге кетүүнү да сунуш кылбадык, балким ошондой кылсак болмок. Бирок негедир мындай ой ошондо акылыбызга келген эмес экен. Балким, ал баш тартмак, бирок биз ага андай мүмкүнчүлүк берген жокпуз да, балким, бул биздин өзүмчүлдүгүбүз болгондур. Азыр буга абдан өкүнөбүз.

Апам көзү өтөрдөн мурун, өзүнүн мурастык керээзин кол коюп тапшырып кетти. Ооруп жатканда, баарыбыз жанына топтолдук, мен апамдын керээзин үнүмдү чыгарып окуп бердим. Ал баарыбызга батасын берип, анан күйөөмдү чакырып, анын колунан кармап өөп, бекем кысып койду. Өзүнүн чоң үй-бүлөсүн ага тапшырды. Апам дүйнөдөн кайтканда, биз аны христиан салты боюнча көмдүк. Себеби ал өмүрүнүн акыркы жылдарында Канттагы католик чиркөөсүнүн ишенимин кабыл алган. Ошол кезде Бишкекте католик чиркөөсү болгон эмес. Кудайга өз жолун ал ошентип тапкан. Ал өмүр бою Кудайга болгон ишениминен кайткан жок. Биз анын сөзүн укпай, кээде анын ишенимине күлчүбүз. Бизде *«Дин – элдин башын айланткан апийим»* деген коммунисттик идеологиянын таасири күчтүү болчу да.

Нина табытты каптаганга алтын түстөгү кездеме сатып келди. Аны устаканага алып барышса, Петя жездемден жумушчулар: *«Шефиңди көмөсүңбү?»* – деп сурашыптыр. Петя «Бул менин кайненемдин табыты» – деп жооп берген экен. Муну укканда, тигилердин колундагы балкасы түшүп кете жаздаптыр. Анда Петя: *«Кайненем мындан да жакшыга татыктуу. Бул ал үчүн жасай турганыбыздын бир чети гана»*, – деген экен. Апамды акыркы сапарга узатууга айылдан жана шаардан бардык туугандар келишти. Апамдын сөөгүн жерге койгондо, туугандарыбыздын бири: *«Айланайындар, Мария апабызга куран окубай калабызбы. Качан ушундай болчу эле?»* – деп кыйкырып жиберди. Ошол күнү Чоң-Арык христиан көрүстөнүндө эки жолу

куран окулду. Алла-Тааланын ыйык сөздөрү маркум кыргыз келини – апабыздын арбагына багышталды.

Германияга биринчи жолу учуп баратып, самолёттун терезесинен немис жергесин көргөндө, ыйлап жибердим. Апам тарыхый мекенин көрө албай калганына өкүндүм. Аттиң, апам тирүү кезинде аны алып барууга бизде мүмкүнчүлүк болгон жок, эми минтип мүмкүнчүлүк болгон кезде – апамдын көзү жок. Биз үчүн жасаган бардык жакшылыктары үчүн, ага ыраазычылыгыбызды толук көрсөтө албадык деп өкүнөбүз. Өмүрүнүн эң кыйын кезинде бизди таштабай, намысын жеңип, жакындарынын кеп-сөзүнө кулак түрбөй, бизди атабызга, мекенибизге алып келгени эмне деген эрдик! Ал бизди бир үйгө гана алып келбеди да, жалпы коомдун толук кандуу мүчөсү кылууга жетишти. Биз өз мекенибизде болгонубуз үчүн бутка бекем турдук. Ал эми өз жеринде жашоонун баасын апам жакшы билчү. Ал сабатсыз аял болсо да, өз жеринде жашоо, тең укуктуу болуу эмне экенин жакшы түшүнчү. Ал кыздарынын бактылуу болушун, ата-бабаларынын очогунда жылынуусун каалап жанын үрөдү.

# АККАГАЗДЫН АРМАНЫ

*Айида КУБАТОВА*

Узак убакыт атын атоого да кооптуу болуп келген, кийин эгемендүүлүк жылдарында алгач агартуучу катары, кийин агартуучу-педагог гана эмес, XX кылымдын баш ченинде Кыргыз совет мамлекеттүүлүгүн түптөөгө да катышкандыгы аныкталган, мамлекетчил саясий жана коомдук ишмер катары мүлдө кыргыз журтуна белгилүү болгон Эшенаалы Арабаевди билбеген, укпаган адам жок чыгар. Учурунда же болбосо, Совет бийлиги орногонго чейин эле ал кыргызга эле эмес, казак, өзбек калкына да агартуучу-педагог катары белгилүү болгон.

Бул адамдын педагогикалык, саясий жана коомдук ишмердүүлүгүн изилдеген А. Осмонкулов, Э. Маанаев, С. Байгазиев, С. Өжөрбаева, М. Эсенгулова, Ж. Байдилдеев, Т. Абдрахманов ж.б. катарында мен да аздыр-көптүр салым кошкондугумду сыймыктануу менен белгилей кетсем, окурмандар туура түшүнөттүр деген ойдомун. Изилдөөлөрүмдө улуу агартуучу, мамлекетчил-мекенчил адамдын Совет бийлиги орногонго чейинки агартуучулук ишмердүүлүгүн жана анын ошол мезгилдеги жалпы Россиянын тутумундагы оторчул доордогу түрк тилдүү калктарына тараган алгач мусулмандык агартууга реформа жасаган, кийин саясий кыймылга айланган жадидчилик кыймылынын Кыргызстандагы көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири экендигин илимий өңүттө далилдеп, аны учурда Түркия, Казакстан, Россия, Өзбекстан, Япония сыяктуу өлкөлөргө тааныттуу максатында иш аракеттерди жүргүзүп келдим жана Э.Арабаевдин учурда Түркстан аймагындагы А. Байтурсунов, М. Дулатов, М. Жумабаев, М. Бехбуди, А. Авлони, А. Кодири ж.б. агартуучулардын катарында анын ысмы да атала баштагандыгы биз үчүн чоң сыймык экендигин белгилей кетүү абзел деген ойдомун.

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен документтерден

тышкары, Эшенаалы Арабаевдин жубайы Кадичанын жана анын Караколдогу мугалими Заир Таировдун фото-сүрөттөрүнүн табылышы биз үчүн күтүүсүз жагымдуу жагдай болду. Эшенаалы Арабаевге билим берип эле тим болбостон, аны билимин дагы тереңдетүүсүнө жана окуусун андан ары Россиядан улантышы керек экендигин айтып, кеп-кеңешин берген Заир Таиров тууралуу агартуучунун өз колу менен жазган кол жазмасынан кабардар болгонбуз. Ошондуктан, анын сүрөтү табылганда кандай кубанычтуу маанайда болгондугубузду изилдөөчүлөр жакшы түшүнөт.

Кийин Эшенаалы Арабаевдин бир тууганы Өмүрбайдын уулу Биймырзанын кызы Майрамкан Арабаева менен таанышып, абдан жакшы мамиледе болдук. Тилекке каршы, Майрамкан эже 2021-жылы күтүүсүздөн капыстан келген оорудан дүйнөдөн кайтты. Эже менен акыркы ирет жолугушканыбызда, балким, өзүнүн абалы начарлагандыгын сезгенби, айтор менден суранып, Тарых музейине алып баруусун өтүндү. Музейге барып, көздүн карегиндей узак жылдар бапестеп сактап жүргөн Эшенаалы Арабаевдин фото-сүрөтүн, акталуу кагазын музейге өткөрүп берди. Мен да эже менен бул жолугушуу акыркы экендигин такыр түшүнбөптүрмүн. Ошол жолугушууда дагы бир топ саргарган кагаздарды өзүңө эле берейин, алардын бул музейге кереги деле жок болуш керек деп, Эшенаалы Арабаевдин кызы Аккагаз эже жазган документтеринин көчүрмөсүн (алардын ичинде бири оригинал) колума берип: *«Балким, эжекем жөнүндө бир нерсе жазаарсың. Эгер көзүм жумулуп кетсе, буларды эч ким билбей калат го»*, – деп айтты эле. Ошондой көп узабай эле эженин көзү өтүп кетти. Мен изилдөөчү Миргүл Эсенгулова аркылуу таанышып, үчөөбүз ал эже менен Эшенаалы Арабаевдин арты менен көп жылдар тааныш болуп, бир тууғандай болуп калдык эле. Аттиң, турмуш деген ушундай турбайбы, бүгүн бар да, эртең жок. Эшенаалы Арабаев дегенде ичкен ашын жерге койгон, аны өтө кадырлап, ушундай адамдын жакын тууганымын деп сыймыктанып жүрчү Майрам эже улуу агартуучунун 140 жылдык юбилейине арналган мамлекет-

тик иш чараларга катышпай калды. Эже экөөбүз Арабаев жөнүндө даректүү фильм тарттыралы деген ой менен эчен каттарды жаздык, суранып канчалаган мамлекеттик чиновниктердин (Премьер-министр Абылгазиев, Билим берүү жана илим министринин орун басары, Маданият министри Т. Казаковго, А. Кулматовго ж.б.) кабинеттерине кирдик, депутаттарга (К. Иманалиевге, К. Осмоналиевге) кайрылдык, сурандык, Президентке да кат жаздык. Кээде, «капырай ушул тилегибиз кыял бойдон калабы», деп өкүнүп да калар элек. Бактыга жараша, ал идеябыз ишке ашып, «Кыргызфильм» тарабынан даректүү фильм (реж. Б. Айдаралиев) тартылды. Эже өзү да интервью берип, чыгармачыл топ менен Ысык-Көл өрөөнүнө, Кочкорго чейин барып келдик. Тилекке каршы, Майрамкан эже ал фильмдин бетачаарына катышканга жетишпей, шум ажал арабыздан эрте эле алып кетти. Мен бул макаланы Майрамкан эженин керээзи катары, экинчиден, улуу тарыхый инсан, агартуучу, саясий ишмер, мамлекеттүүлүктүн гана эмес, илимдин да, басма сөздүн да башатында турган Эшенаалы Арабаевдин саясий репрессиянын каардуу капшабына эрксиз кабылгандан кийинки үй бүлөсүнүн татаал тагдыры жөнүндө да элге маалымат катары жеткирүүнү көздөдүм.

Маалыматтар Аккагаз Азыкованын (күйөөсүнүн фамилиясына өткөн) кыргыз, орус тилдеринде бир нече жолу жазган автобиографиясынын негизинде даярдалды. Аккагаз Арабаева 1914-жылы август айында жарык дүйнөгө келгендиги тууралуу кабардар болдук. Эшенаалы Арабаевдин кызы жана Эркин аттуу уулу болгон. Аккагаз деп кызынын атын Э. Арабаев балким, казактын алгачкы интеллигенция өкүлдөрүнүн бири, алгачкы врач, «Алаш» партиясынын активдүү мүчөсү, 1914-жылы Оренбургдагы кыздар гимназиясын, кийин Москвадагы медициналык курсту, Ташкенттеги САКУнун медицина факультетин бүтүргөн Аккагаз Досжанованын (1893–1932) атынан койсо керек деген да ой жаралды, анткени Э.Арабаев өзү да «Алаш» партиясынын мүчөсү болгон жана «Казак» гезити менен кызматташып, казак интеллигенциясы менен тыгыз байланышта болгондуктан,

Аккагаз Досжанованы жакындан таанышы мүмкүн. Ал эми 1924-жылы 10-августта жарык көргөн уулунун атын ошол мезгилдеги кыргыз эли эңсеген өз алдынча болуу, эркиндикке жетүү кыялы менен Эркин деп атагандыгын ишенимдүү айта алабыз. Анткени, анын санаалаштары катары эсептелген Абдыкерим Сыдыков уулунун атын Эрк («Эркин Кыргызстан» дегенди билдирген), Абдыкадыр Орозбеков Өзгөрүш, Касым Тыныстанов Теңдик, Бирлик деген аттарды коюшкан.





*Эшенаалы Арабаев.*

*Заир Таиров, Каракол шаары Э. Арабаев окуган жаңы метод мектебинде мугалим.*

Аккагаз Арабаева автобиографиясында атасынын Тянь-Шань областынын Чолпон районунун Талаа-Булак деген айылында кедей дыйкандын үй бүлөсүндө төрөлгөндүгүн, атасынан үч жашында эле ажырап, апасы алты жаш баласы (эки уул, төрт кыз) менен калгандыгын, жесир калган Жалкынчач (Э. Арабаевдин апасынын атын ушул документтен билдик) балдарын багыш үчүн жалданып иштегендигин, кийин балдары эс тартып калганда, улуусу Өмүрбайды байга жалчы кылып бергендигин, кыздары да чоңоюп, апасына жардам беришип, үйдө сайма сайып, аны тамак-ашка алмашкандыгын жазган. Атасы 13 жашынан жергиликтүү мектептен окуп бүтүп, 1899–1909-жылдары Кочкордун Күнбатыш, Каракол кантонунун Коңур-Өлөң айылдарында балдарды окуткандыгын, 1910–1912-жылдары Уфадагы «Галия» медресесинде окугандыгын, 1913–1916-жылдары Коңур-Өлөң, Төрт-Күл айылдарындагы мектептерде жаңы тартипте сабак берген

деп көрсөтөт. Чындыгында эле Э. Арабаев 1909–1912-жылдары ошол мезгилдеги эң алдыңкы окуу жайы катары эсептелген, жаңы усулда билим берген «Галия» медресесинде билим алган жана окуп жүргөндө эле кыргыз тилинде алгачкы жарык көргөн чыгарма катары эсептелген Молдо Кылычтын «Зилзала» деген чыгармасынын кириш сөзүн жазып, жарыкка чыгарууга көмөктөшкөн. Ошол эле жылы казак агартуучусу, өзүнүн курбалдашы Хафиз Сарсекеев менен биргелешип, «Алипбээ жаки төтө» окуу китебин даярдашып, Уфадагы «Шарк» басмаканасынан чыгарышкан.

Автобиографияда Э. Арабаевдин кыскача 1918-жылдан 1933-жылдын май айына чейин советтик, негизинен агартуу, илим изилдөө жана мугалимдик кызматтарда иштегендигин, педагогикалык эмгегине пенсия алгандыгын көрсөткөн.

Аккагаз Арабаеванын дагы бир кол жазмасында 1918–1919-жылдары атасынын Тоң болуштугунда райкомдун милдетин аткаргандыгы, 1920–1923-жылдары педагогикалык курстарды уюштургандыгы, элдик оозеки чыгармаларды топтогондугу, Жети-Суу облревкомдун мүчөсү, төрагасы, «Кошчу» союзунун 1-съездине жана Москвада өткөн Бүткүлсоюздук Советтердин 9-съездине катышкандыгы, «Кошчу» союзунун Жети-Суу обкомунун төрагасынын орун басары, Жети-Суу облустук Советтеринин 2-съездине катышкандыгы тууралуу маалыматтар так берилген. Ошол эле кол жазмада атасынын 1925-жылы партиядан чыгарылгандыгы жөнүндө жазып, документтер жок болгундугунан, анын себебин так биле албагандыгын билдирет. Э. Арабаев чындыгында 1925-жылы жергиликтүү партиянын, бийликтин туура эмес жүргүзүп жаткан саясатын сындап, А. Орозбеков, М. Янгулатов, А. Сыдыков, И. Айдарбеков ж.б. Москвага партиянын Борбордук Комитетине жөнөткөн «Отузчулардын катына» кол койгондордун катарында болгондугу үчүн жогоруда айтылгандар менен катар айыпталып, партиялык жазаларды алышкан.

1926–1932-жылдары Милициянын командалык курамына, №8 мектепте, партиялык мектепте, медицина окуу

жайында сабак берген. 1931–1932-жылдары Илимий изилдөө институтунда мүчө болгон жана окуу китептерин даярдаган.

*«1933-жылы майдын экинчи жарымында НКВД органдары тарабынан «улутчул» деп камакка алынганда, мен 16 жашта болчумун»,* – деп жазат кызы, ал эми экинчи бир автобиографиясында «улутчул» деген сөздү чийип салып, үстүнө «эл душманы» деп башка сыя менен оңдолгону көрүнүп турат (өзү же башка бирөө оңдогону белгисиз). *«Тергөөнүн аягына жетпей 1934-жылы (иш жүзүндө 1933-жылы каза тапкан) Ташкентте атам оорудан кийин өлгөн»,* – деп жазат. Ошол эле текстте «Октябрь революциясынан кийин элге билим берүү бөлүмүндө иштеген, 1926-жылдан 1933-жылга чейин Фрунзе шаарында медициналык мектепте окутуучу болуп иштеген» деген такталган маалыматтар берилген.



*Кадича Кайбылда кызы, Эшенаалы Арабаевдин жубайы.*

Аккагаз Арабаева 1927-жылга чейин көпчүлүк балдардай эле ата-энесинин камкордугу алдында чоңоёт. 1927-жылы атасынын жолун жолдоп, Пишпектеги Кыргыз Педагогикалык техникумуна (окуу жайы 1925-жылы 25-октябрда Кыргыз агартуу институту катары ачылган, 1928-жылдан Педтехникум) кабыл алынат.

Студенттик турмуштун кызык күндөрүн башынан өткөрүп, билимге умтулган жаштар окуу менен эле чектелип калбастан, студенттер музыкалык-хор студиясына да катышат. Бул ийримге келечектеги композитор Абдылас Малдыбаев, акын Жума Жамгырчиев, келечектеги жаш муундарды тарбиялоочу-мугалимдер – Төлөнбай Данияров, Аккагаз Арабаева, Айшакан Түмөнбаева ж.б. катышкан. Окутуунун жүрүшүндө физкультура сабагынын киргизилиши, спорт менен байланыштуу ийримдердин, мисалы көркөм


гимнастика ийриминин ачылышы студенттер үчүн жаңылык болгон. А. Арабаева: *«Мугалимибиз Базаркул Москвадан физкультурадан бир жакшы окуткан аялды алып келди. Биз анда физкультура деген эмне экендигин билчү да эмеспиз, эркек балдар гана ары-бери чуркап, оюн ойношчу. Ал эми бул жаңы физкультура мугалими көркөм гимнастикага үйрөтө баштады. Базаркул агай жаныбызда жүрүп, сабак кандай жүрүп жатканын жана биз эмнени үйрөнүп жатканыбызды сурап турчу»*, – деп эскерет.

Педтехникумда Владимир Образцов деген мугалим көркөм сүрөт студиясын уюштуруп, анда келечектеги белгилүү сүрөтчү Гапар Айтиев активдүү катышуучулардын бири болгон[1].

Аккагаз Арабаева менен Мискина Алиева (белгилүү мамлекеттик ишмер Осмонкул Алиевдин жубайы, өзүнүн фамилиясы Тана кызы), Айшакан Карасаева (ал учурда Түмөнбаева), Нурия Эшмамбетова, Курман Кыдырбаева, Гүлниса Мамбетова ж.б. онго жакын кыргыздын алгачкы билимдүү кыздары окушкан. Алар жатаканада жашашкан. Окуу жайдын директору Петр Кузьмич Юдахин кыргыз кыздарына чын дилден камкордук көрүп, аларга ыңгайлуу шарттарды түзүүгө аракеттерди жасаган. Айрыкча, кыздар үчүн тынчсызданып, түнкүсүн, айрым учурларда таң саардан келип көз салып турчу, ал турсун, ашканада тамактанып жатсак да карап турчу деп эскерген Аккагаз Арабаева.

П. Юдахин менен катар эле окуу бөлүмүн жетектеген Базаркул Данияров да студенттерге кыргыз тилинен сабак берген. Ал жаштарга жакын болуп, кыргыз тилинде таза, так сүйлөгөнгө, ырдаганга, кыргыз бийлерин бийлегенге, кыргыз тилинде газета чыгарганга үйрөткөн. Бир күнү Базаркул Данияров *«Аккагаз, сен диктант, дилбаяндарды жакшы жазасың, Гапар Айтиев болсо, сүрөттү мыкты тартат. Экөөңөр октябряттар менен пионерлерге арнап газета чыгарып, атын «Балапан» деп койсоңор дурус болот эле»*, – деди. Ошентип, Гапар экөөбүз жана дагы бир нече жардамчыларыбыз менен техникумда кыргыз тилинде газета чыгарганбыз, – деп эскерген.

Базаркул Данияровдун жардамы менен техникумда беш пионер отряды уюштурулуп, алар үчүн хор ийримдери иш алып барган. Пионер вожатый болуп Субан Юсупов дайындалат. Хор ийримине А. Малдыбаев, Ж. Жамгерчиев, Т. Данияров ж.б. катышкан. А. Арабаева, Айшакан Карасаева, Гүлниса Мамбетова хордун солисткалары болуп, «Кошчу» союзунун театрында концерттерди коюп турушкан. Майрам күндөрү же болбосо башка учурларда деле техникумга Ж. Абдрахманов, Баялы Исакеев, Турдалы Токбаев, Осмонкул Алиев, Эркинбек Эсенаманов, Төрөкул Айтматов, Сатар Кулматов, Абдыкадыр Орозбеков, Таш Кудайбергенова, Нуркул Кулназаров, Батырхан Мээрханов сыяктуу мамлекеттик ишмерлер, жазуучулар келип турушкан. Аларга концерттерди коюп, кыргыз кыздары көркөм гимнастикалык көнүгүүлөрдү көрсөткөн учурларда абдан таң калышкандыгы да айтылып жүрөт.





*Кызы Аккагаз берген Э. Арабаевдин реабилитациясы жөнүндө маалымкат.*

*Майрамкан эже, Э. Арабаевдин бир тууганынын небереси. реабилитациясы жөнүндө маалымкат.*

Аккагаз педтехникумду аяктаган соң техникумдун алдындагы педагогикалык кабинетте ассистент болуп иштеп калган. 1933-жылы бүтүрүүчүлөрдү педагогикалык институтка которушат. Мыкты окуган, коомдук иштерге активдүү катышып жүргөн студент кызды тарых факультетине кабыл алышат. Окуп жүргөн учурда атасы Э. Арабаев кыргыз интеллигенциясынын ичинен алгачкылардан болуп, жалган жалаа менен түрмөгө отургузулган соң, жаңыдан эле келте оорусунан жакшы болуп, баш көтөргөн Аккагазды «камалган

эл душманынын кызы» катары жылдын аяк ченинде Институттан чыгарып салышат, жумуштан дагы бошотушат. Ал аз келгенсип, 1928-жылдан бери мүчө болуп жүргөн комсомолдун катарынан да чыгарышат. Бул албетте, Э. Арабаевдин үй-бүлөсүнө, айрыкча, жаш кызга кандай сокку болгондугу айтпаса да түшүнүктүү.

Ошентип, окуудан да чыгып, бир жарым жыл жумушу да жок калган. Мугалими Базаркул Данияровго жолугуп калганда, ызасына чыдабаган Аккагаз ыйлап, эмне кыларын билбей жаткандыгын, кыргыз мектептери жок, 9-мектеп болсо алыста жайгашкандыгын, орун жоктугун айткан учурда, ал: *«Кызым, үйдөн эле окуй бер. Эч нерсеге караба, кыйынчылыктар да өтөт, сен дагы келесиң. Мен билем, сен өтө тырышчааксың»,* – деп жылуу сөздөрүн айтып жубатат.

Үйдө болсо, жаңыдан тогузга кадам койгон иниси Эркинди[2] өзү карап, тарбиялай баштайт. Анткени, атасы камалгандан кийин балдарын эптеп багууну көздөп, апасы аргасыздан иштей баштаган. Энеси Кадича Тоң аймагындагы өз учурунда кадыр-барктуу, колунда бар Кайбылда Алматаевдин кызы[3] болгон. Кадича күйөөсү камала электе мурдагы Фрунзе, азыркы Бишкек шаарындагы мекемелерде машинистка болуп көп жылдар иштеген, бирок кийин Э. Арабаев каза болгон соң, «эл душманынын аялы» дешип, пенсияга да чыга албай калган.

Эмне кыларын билбей кыйналган Аккагаз кыйын экенин түшүнүп турса да, Базаркул Данияровго кайрадан кайрылууга аргасыз болот. Бирок буга карабай, ошол учурда «эл душманынын кызы» катары эсептелген Аккагазга жардам берүү өтө кооптуу экендигине карабастан, кызга боор тарткан Базаркул Данияров техникумга чакырып, методист-лаборантка кылып орноштурат. Муну менен эле чектелбестен, аны кайрадан 1936-жылы Педагогикалык институтка кайрадан кабыл алынышына да көмөк көрсөткөн. Бирок үй бүлөлүк шартына байланыштуу, анын окууну улантууга мүмкүндүгү болбой калат. Жакын тааныштары, туугандары катышкандан тартынып калган агартуучу-

нун кызына агайы, анын үстүнө Эшенаалыны урматтаган Б. Данияров колунан келген жардамын аяган эмес, кийин өзү да репрессиянын курмандыгына кабылган мугалимине Аккагаз өмүрү өткөнчө ыраазы болгон. 1934-жылдан 1938-жылга чейин аны эч жерге кызматка алышпайт. Апасы Кадича болсо, тигүү фабрикасына тигүүчү болуп жарыбаган эмгек маянага карабстан, эптеп ишке киргенине топук кылышат. Ал үйгө да тапшырма алып тигет, кызы апасына жардам берип, оокат кылышат. 1934-жылы Аккагаз Фрунзедеги Комвузга агрономиядан сабак берген, кафедра башчысы, өзүнүн эле атасынын бир тууган эжесинин уулу Азыков Кулия менен баш кошушуп, анын фамилиясын алып, атасынын атын да (отчество) Алиевна деп өзгөртөт. «Эл душманынын кызы» менен баш кошкондугу жубайына да кедергисин тийгизет. Аккагаздын эскерүүсү боюнча «мага үйлөнгөнү үчүн бир катар жолу комсомолдон чыгарылып, кайра кабыл алынат. К. Азыков 1939–1946-жылдары Советтик Армиянын катарында Ата мекендик согушка катышат. Келгенден кийин ал айыл чарба изилдөө мекемелеринде ишин улантkан.

*«Мен 1938-жылы өзүмдүн эч күнөөсүз эле иштебей же окубай жүргөн абалым жөнүндө СССР Жогорку Советинин председатели атабыз Калининге атайын арыз жаздым. Ал киши менин окууга, иштөөгө укугум бар жөнүндө Кыргызстан Агартуу Министрлигине атайын кат жибергенден кийин гана орус мектептерине кыргыз тилинен сабак берүүгө мүмкүнчүлүк алдым»,* – деп эскерет ал.

Кулия Азыков жакын тууганы катары, бир жагынан кызды колдоп, экинчи жагынан анын оор тагдырын жеңилдетүүнү көздөгөн окшойт. Эмнеси болсо да, Кулия Азыков ошол учурда билимдүү гана болбостон, асыл сапаттарын да көрсөтүп, репрессиянын каардуу капшабына кабылып, каза тапкан Эшенаалы Арабаевдин үй бүлөсүнүн чыныгы таянычы болуп калган. Кулия менен Аккагаз баш кошкондон кийин, чынында эле алардын жашоосу жакшы жагына өзгөрө баштаган.

Мугалимдердин жетишсиздигинен 1938–1939-жылдары №4 жана №23 мектептерде мугалим болуп иштеп калган. Орус жана кыргыз тилдерин мыкты өздөштүргөн Аккагаз 1939–1941-жылдары Кыргыз телеграф агенттигинде котормочулук да кесипти аркалаган. Ушул жылдары ал Педагогикалык институттун кечки бөлүмүндө окуп, андан кийин Адабият факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө которулуп, окуп бүтүргөн. Ата мекендик согуш жылдары, 1941–1947-жылдары Фрунзедеги №28, андан кийин Кочкордогу №1 мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1947–1949-жылдары тагдырдын буйругу мененби, айтор атасы камалардын алдында эмгектенген Фрунзедеги медициналык окуу жайында кыргыз тил мугалими болуп иштеп калган. Албетте, кыйынчылыктарга карабай, жаштарга билим бергендиги үчүн *«1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы татыктуу эмгеги үчүн»* медаль менен да сыйланган.

Аккагаздын 1947-жылы партияга өткөнү да учурдун көз карашы менен караганда кызык нерсе. Анын дүйнөдөгү эң жакын адамы, ошол доордун алдыңкы билимдүү, адамкерчилиги жогору инсаны, мекенге берилип кызмат кылгандыгына карабастан, бийликтин курмандыгына айланган атасынын өлүмүнө түздөн-түз күнөөлүү болгон партиянын катарына өткөндүгү, балким, коомчулукка белгилүү болуп, төбөсү көрүнүп калган педагогго «эл душманынын кызы” деген ярлык атына көлөкө түшүрүп, илээшип келе жаткан бир балээ аталыштан кутулуунун бир жолу катары, же болбосо, ал өзү бир кезекте, атасындай болуп, Совет бийлигине берилип, а балким, ушундай жол менен мекенине кызмат кылуу керек, деген ойдо болгонбу деген да ой пайда болду. Канткен күндө да, Аккагаз эжекебиздин өз оозунан укпагандан кийин, божомолдоп гана айта алабыз. Ал өзү партияга өтүү жөнүндөгү арызында: *«Ал чындыгында эле улутчул болгонбу, Совет бийлигине каршы чыкканбы – мен билбейм. Мен атам тарабынан биздин партия менен Өкмөткө каршы аракеттерин же айткан сөздөрүн байкаган эмесмин. Атамды мен тажрыйбалуу педагог*

*катарында гана элестете алам»*, – деп чын дилден атасын коргоо менен, бирок: *«Мени Коммунисттик партия жана Өкмөт тарбиялады жана окутту. Менин максатым – бул партиянын жана өкмөттүн ишенимин актоо менен, социалисттик коомдун татыктуу эмгекчиси болуу»,* – деп жазып: *«Эгер атам чындыгында партиянын жана өкмөттүн саясатына каршы чыкса, анда ал туура жазаланган»* – деген тула бойду дүркүрөткөн сөздөрүн жазган. Кызы жазгандай, Эшенаалы Арабаев, башкалары деле Совет бийлигине ошол мезгилде каршы чыгышкан эмес, алар Совет бийлигинин күчүн жакшы түшүнүшкөн, ошондуктан, алардын эл-жерине, анан да Совет бийлигине берилип кызмат өтөгөндүгүн жакындары жакшы билишкен. Бирок бийлик чындыгында күч көрсөтүп, элдин үшүн алуу, кыңк эткирбей башкаруу максатында миңдеген адамдарды жок кылышкан. Алардын үй-бүлөлөрү узак убакыт бийликтин запкысын көрүшүп, билим алууга, башка жактарга чыгууга укугу болгон эмес. Ата-энени балага, баланы бир туугандарына жек көрсөткөн заман болгон.

Бул кол жазмаларды атасы үчүн бир убакта запкы көргөн жалгыз Аккагаз Арабаеванын эле эмес, ушундай эле тагдырга туш болгон Төрөкул Айтматовдун, Баялы Исакеевдин, Жусуп Абдрахмановдун ж.б. миңдеген репрессиялангандардын балдарынын жүрөккө так салган арманы катары карасак болот жана аны тарыхый бир документ катары коомчулукка тааныштыруу зарыл деген ойдобуз.

1. Орузбаева-Даниярова К., Даниярова А. Базаркул Данияров – первый педагог. Портрет на фоне эпохи. – Бишкек, 2021. – 148-б.
2. Эркин Арабаев (1924–1995) К.И.Тимирязев атындагы Айыл-чарба академиясын бүтүргөн. 17 жыл К. И. Скрябин атындагы Айыл чарба институттун ректору болуп иштеген.
3. Аккагаздын колу менен оокаттуу үй бүлөнүн кулактын кызы деп жазылган, бул сүйлөм кагаздын четине кыйгачынан башка сыя менен жазылган. Кимдир бирөөнүн мажбурлоосу менен жазылгандыгы байкалат, анткени ал өзү минтип жазмак эмес, деген ойдобуз.

# ҮРКҮН ЭС ТУТУМУ ЖАНА АЯЛДАРДЫН ҮНҮ

*Гүлзада АБДАЛИЕВА*

*Каргыштын шамы жанганда,*
*Жазыксыз кандар тамганда.*
*Таяныч издеп тырмалап,*
*Жөө-жалаң жолго салганда.*

*К. Тыныстанов*

Эс тутум изилдөөлөрүнөн адам баласынын басып өткөн тарыхында аялдарга карата зомбулуктун көп сандаган түрлөрү болгондугун көрүүгө болот. Кыргыз элинин тарыхынын эң трагедиялуу барактары – бул 1916-жылдагы көтөрүлүш болуп эсептелет. 1916-жылдагы көтөрүлүштөгү, айрыкча, аялзатынын башынан өткөргөн окуялары кыргыз элинин эс тутумунда терең сакталып, муундан-муунга өткөрүлүп келет.

1916-жылдагы көтөрүлүш Түркстандын бардык аймагын кучагына камтыган. Фергана областынын 100 жеринде, Самарканд областынын 28 жеринде жана Сыр-Дарыя областынын 20 жеринде көтөрүлүштөр кулач жайган. Бирок, массалык жана курч мүнөздөгү көтөрүлүш Жети-Суу областынын Пишпек, Пржевальск уезддеринде болгон. Анткени, Түркстандын башка эч бир аймагында жергиликтүү калк Жети-Суудагыдай оор абалга туш болгон эмес.

Кыргызстандын түндүгүндө алгачкы толкундоолор июнь – июль айынын ортосунда башталып, айрым өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлгөн. Көтөрүлүшкө кыргыздар, казактар, дуңгандар, уйгурлар, сарт-калмактар, татарлардын өкүлдөрү, кээ бир орус, украин дыйкандары катышкан. Көтөрүлүш мыкты куралданган падыша аскерлери менен куралдуу кагылышуунун деңгээлине өсүп жеткен.

Бирок кыргыздар көтөрүлүш жеңилгенден кийин, жазалоочулар тарабынан кысымга алынып, Кытайга качууга

аргасыз болушкан. К. Үсенбаевдин маалымааттары боюнча качкындардын саны 164 миң адамды түзгөн, алардын ичинен 130 миңи кыргыздар болуп, түндүк кыргыздардын үчтөн бир бөлүгүн түзгөн [11, 236]. Тагыраак айтсак, Пржевальск уезддинен – 27 миң түтүн, Пишпек уезддинен – 8 миң түтүн, Жаркен, Верный уезддинен 10 миң түтүн эл Кытайга качкан. Ошентип, Пишпек жана Пржевальск уезддеринин 32 болуштугунан келген 35 миң түтүн кыргыздар Чыгыш Түркстандын Үчтурпан менен Ак-Суу чөлкөмүнө, ал эми Жаркент, Верный уезддеринин 7 болуштугунан келген кыргыз-казак Кулжадагы Текес, Күнөс ж.б. аймактарга жайгашышкан. Мындан сырткары, Нарындын Ат-Башысындагы 13 волостун 5 волость эли Кытайга качып өткөн [11,148].

Кашкардагы орус драгомону Г. Ф. Стефановичтин маалыматында: *«Качкындар сентябрдын аягында жана октябрдын башында Кытайдын аймагына келишти»,* – деп билдирилген. Сентябрдын аягы, октябрдын башында Жети-Суудагы Пишпек, Пржевальск, Жаркент, Капал, Верный уезддериндеги 39 волосттун элин камтыган





*КР Борбордук мамлекеттик кинофотофонодокументтер архиви. Асылбаш. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн катышуучулары. Тартылган убакыты: 1931-жыл.*

кыргыз жана казактар падыша өкмөтүнүн жазалоочу отрядына туруштук бере албай, Кытайга качышкан [14, 4]. Түркстандын аймагынын ичиндеги Жети-Суу облусундагы көтөрүлүш басылгандан кийин, аргасыздан кыргыздар Кытайга журт которуусу элдин эс тутумунда «Үркүн» деп аталып калган.

***Алыймандын тагдыры*.*** *…Алыймандан тагдыры «Кырк шейит» окуясы менен тыгыз байланышкан. 1916-жылдагы көтөрүлүштө Кытайга кача албагандар ар кайсы кокту-колотко жашынып, жашай берүүгө аргасыз болушкан.* Бөрүбай уулу Абатбек *үркүндө 13 жашта болгон. Анын айтуусу боюнча: «Ак-Теректин жашоочулары үңкүрлөргө жашынышкан. Алардын изине түшкөн жазалоочу отряд Тоң районуна караштуу Ак-Терек айылында Кең-Булуңга келип жайгашкан. Алар боз үйгө орношуп, «Кыз таап келгиле» – деген талап коет. Бир-эки кыз алып келсе, сулуу эмес деп жактырбай коюшат. Төрөгө кыз издеп жатыптыр деген ушак элге тарагандан кийин, өңдүү-түстүү кыздардын бетине көө шыбап, жаман кийинтип коюшкан. Бир кызды аттан түшүрүп, бетин жууп койсо, сулуу кыз болуп чыга келет. Бул Касым деген кишинин 16 жаштагы Алыйман деген кызы болот. Аны жазалоочу отряддын солдаттары жетелеп жөнөгөндө, энеси Айша бетин басып, бакырып: «Кайыңдап койгон жери бар эмес беле» – деп ыйлайт. Жазалоочу отряддын башчысы төрө кызды бир түнгө алып жатып, эртеси кыргыздын бир коюн союп берип, аны кайра үйүнө жеткирип койгон.*

*Алыйман мындай зомбулукка чыдабай, өз жанын кыюуга бир нече жолу аракет жасайт. Бирок Алыймандын энеси, бир туугандары кайтарып жүрүп, аман алып калышкан. Кийин Алыйман турмушка чыгып, эки балалуу болгон»* [6, 35].

Арийне, Алыйман жазалоочу отряддын желдеттери тарабынан зомбулукка кабылып, психологиялык жактан жан дүйнөсү жабыркап, өз жанын кыюуга бел байлаган. Бирок


** Малик Үмөр. Кырк шейит. Ысык-Көл облусу, Тоң району. 2010.*


ата-энеси, туугандарынын колдоосунда гана оор кырдаалдан чыга алган.


Алыймандын аянычтуу тагдыры 1916-жылдагы көтөрүлүштөгү кыргыз кыз-келиндеринин тарткан азап тозокторунун бир эле элеси...

***Качкындардын Кытайдагы абалы.*** Качкын кыргыздардын чек арадан  аман-эсен өткөндөрдү Кытайдагы көчүп-конуп жүргөн калмактар талоонго алып, мал-мүлкүн. аялдарын олжолоп турушкан. Андан кийин жергиликтүү кытай төбөлдөрү аларды калган-каткан оокаттарын белек катары берүүгө мажбурлашкан. Каршылык көрсөткөндөрдү жырткычтык менен өлтүрүшүп, болгон дүйнөлөрүн тартып алуу адатка айланган.

Чыгыш Түркстандын Үчтурпан, Ак-Суу шаарларында (Алтышаарга) аппак калпак кийген кыргыздар жайнап кеткен. Үчтурпан районуна Бедел ашуусу аркылуу өткөн качкындардын 10% жылкысы, 25% коюу, 50% төөсү гана калган. Кытай чегине өткөргөн бодо мал тоюттун жоктугунан жана жол азабынан дээрлик толук кырылган. Кийим, тамак-аш, буюмдардын баасы өсүп, Какшаал, Үчтурпанда ачарчылык башталган [14, 5].


Когда настала ночь стали приходить русские солдаты,они стали грабить нас,отбирали от нас что ни нравилось. Бесчинствовали над пригожими девушками и молодыми женщинами. Утром продолжали нас допрашивать. Кто проходил через допрос, отпускали.





*КР УИА. Кол жазмалар фонду. Инв. 1519 (Г). Л. 8.*

*А. Тыныбековдун кол жазмалар фонду, КР УИАнын кол жазмалар фонду.*

*КР УИАнын кол жазмалар фонду Инв. 136. Л. 120.*

К. Карасаев эскерүүлөрүндө: *«Бир күнү төрт жаш келин келди. Кийим деген жыртылып, алдарынан тайган. Арыктыгы өтүшүп кеткен. Беттин териси эт качканда сөөккө жабышып калат экен. Анда ачкачылыкка эркектер аялдардан кеминде бир жума эрте өлүп калат экен. Аялзаты оор турмушка да, ачкачылыкка да чыдамдуу болорун ошондо байкаганмын. Келген аялдарга энем бирдеме куюп бергендей болду. Атам: «эй балам, кичине ич, көп ичсең өлүп каласың, өзөгүңө түшүп кетет» дегендей болду. Бирөө кичине ичкенде эле, оозунан көбүк чыгып, бат эле жан берди. О, шумдук, ач киши тамак сызганда, өлүп кеткенин биринчи көрүшүм. Мындайлар жердин барында болуп жатты. Кышында арыгынан өлгөн жылкынын үстүнкү этин иттер жеди, астын оодарып, качкын кыргыздар жеди. Кээ бир адамдар мыкаачы болуп, киши этин жептир деген сөздөр угулуп жатты. Ушул көрүнүштөр маа унутулгус элестер калтырды»*, – деп белгилеген [13, 320].

Ал эми, драгомон Г. Ф. Стефанович: *«Үчтурпан, Ак-Сууда уйгурлар, дунгандар бир коонго, бир дарбызга, бир табак буудайга бирден кой, бирден жылкы, ал гана эмес, тай сатып ала башташкан»*, – деп белгилеген [14, 127].

Кытайга качкан элдин азап-тозогун Россия империясынын Жети-Суу казак-орустар аскерлеринин аскердик старшинасы П.В.Бычков менен Кашгар генералдык консульствосунун драгоманы Г.Ф. Стефановичтин *«Көтөрүлүшкө катышкандардын Кытайга качуусу» аттуу билдирүүсү тастыктайт. Малдарынан айрылып, үй эмеректеринен башка эч нерсеси калбаган кыргыздар өлбөстүн күнүн көрүү үчүн, күнүмдүк керектелүүчү буюмдарын – кийимдерин, казандарын, чайнектерин, ээрин, жүгөнүн жана башка буюмдарын сатууга мажбур болушкан. Үчтурпанда жана Ак-Сууда кымбатчылыктын айынан кыргыздар ачкадан өлө баштаган. Алардын арасында көпчүлүгү келте, кара жама жана башка оорулар пайда болгон. Аргасыздан кыргыздар майда балдарын, 12 жаштан улуу кыздарын 30–40 сомдон (сомдун наркы 12 теңгенин ордуна*

*3 тенге болгон убакта) жергиликтүү калкка сатып жатышат»*, – деп Россиянын Кашкардагы драгомону билдирүү жасаган [13, 89].

*Качууга айла калган жок,*
*Качалы десек дарман жок.*
*Эсил кайран эл журтум,*
*Көрүп алсак арман жок.*
*Топурагың бизге алтын,*
*Тозокто калдык кыз-катын,* – деп А. Тыныбеков

кыргыздардын Россия империясына каршы 1916-жылдагы көтөрүлүштүн кесепетинен Кытайга качып, аргасыздан сатылган кыз-келиндердин ыйын, муң-зарын таамай сүрөттөгөн [10, 23].

***Сатылган кыз-келиндердин зары***
*Катын, кызын сатса да,*
*Карандай тамак дартынан*
*Кызматына бизди алды,*
*Көбү болду дубана*
(А. Тыныбеков КР УИА. Кол жазмалар фонду. 73б)

Үрккөн элдин жолдо жана чет жерде көргөн азап-тозогун толук сүрөттөө мүмкүн эмес. Бир жагынан, азык-түлүгү кенен, курал-жарагы шай жазалоочулар такымдай кууп, жеткендерин кырып жатса, экинчи жагынан, аскасы асман тиреген ашуулар жүрөк үшүн алып, качкындарга бир кыйла бөгөт болгон, үчүнчүдөн, аларды ачкачылык алсыраткан. Өзгөчө жүгүн жонуна арткан жөө жалаңдарга, ач-жылаңачтарга, жаш балдарга, кары-картаңдарга, балалуу энелерге оор болгон.

«Үркүндүн» трагедияга жык болгон тарыхына көңүл буруп карасак, кыргыздардын секелек кыздарынын жана жаш келиндеринин ачкачылыктын айынан Кытай жергесинде сатылышы боюнча эки нерсени белгилесек болчудай. Биринчиден, көп учурда көчтөн калып, айласы кетип, тирүүчүлүктөн үмүтүн үзө баштаган кыргыздар балдарын

эптеп эле тирүү калтырып, *«мүмкүн аман калсам, кайрылып келип алып кетем»* деген үмүттү карманып, жалдырап сурануу менен айрым адамкерчиликтүү жергиликтүүлөргө асырап алууга бекер эле аманат кылып тапшырып кетүүгө мажбур болушкан. Экинчиден, тестиер же тыңыраак уул-кызын сатып, бир жагынан ачкадан өлө турган башка чүрпөлөрүнүн өмүрүн сактап калуу айласын жасаган. Ошол эле учурда андан түшкөн каражатка колунда калган кичине же алсыз балдарын жакшылыктан үмүт кылуу менен убактылуу болсо дагы сактап калуу аракети эле. Мындай оор кадам, мындай альтернатива ачкачылыктан үй-бүлөсү менен жапырт өлүп бара жаткан качкын жана кенедей дагы укуксуз байкуш кыргыздардын сатылып кеткен жана колунда калган башка балдарын сактап калыш үчүн жасаган акыркы айласыз кадамы болгон. Бул «Үркүндүн» трагизмге жык толгон өзгөчө маанидеги философиясы эле. Уул-кызы ачкадан өлгөндөн көрө жергиликтүүлөрдүн колунда канчалык кордук, зордугун көрсө дагы, эптеп аман калса, кийин куткарып, качырып алуу жолу менен мекенине алып кетем деген шордуу кыргыздардын илгери үмүтү эле...

Албетте, адамдын зээнин кейитип, чүрпөлөрүнөн ажыраган байкуш кыргыздардын мындай иштерин «Үркүндүн» эс тутумун ачып берүүдөгү армандуу факт катары кароо менен катар эле качкын кыргыздардын жашоодон жана мекенине кайтып келүүдөн үмүт кылып, бир нерсеге алмашкан, же жөн эле асырап алууга калтырган жана өздөрү менен алып бара жаткан «өлбөстүн үрөндөрү» болгон балдарынын, өздөрүнүн өмүрүн сактап калыш үчүн айла кеткендеги акыркы амалы катары баалап, кабыл алышыбыз керек.

***«Кыздуу киши кыр ашат».*** *«Кыздуу киши кыр ашат» деп кыргыз бекеринен макал чыгарган эмес экен. Кызы бар адамдар ошону сатып, өлбөс оокатын көрдү. Сатканда көп мал, мүлк алды дейсиңби? Мыкты алганы бир минги ат, бир кап арпа алды. Байкуш кыз карындашыбыз ыйлап жат жерде кала берди. Дегеле сатылбаган күндө да, ачкадан өлөрү шексиз болчу»,* – дейт К. Карасаев [10, 319].



*К. Баялинов. «Ажар» повестиндеги иллюстрациялары пайдаланылды. Фрунзе, 1965.*

*Кытайдагы кыргыздардын трагедиясын манасчы Саякбай Каралаев «Качып-бозуп, талаадан өлгөн аттардын тарпын жеп, Аксыга барып жеттик. Ошондон эл азап чеге баштады. Кытайдагы турмуш өтө оор болду. Үй жок. Тамдын түбүндө жатабыз. Татынакай кыздар эки табак жүгөрү болбой койду, айла кетти. 1916-жылдын кышы. Эл кырылып кетти»* деп баяндаган [4,8].

Ал эми К. Тыныстанов атындагы КМУнун окутуучусунун Ч. Сооронбаеванын чоң энеси Сейдекандын эскерүүсүндө: «*Көчтө кетип бара жатып, беттери кийиз менен жабылган өлгөн адамдардын сөөгүн көрдүк. Демек, аларды көмүүгө жетише албай калышса керек. Чоң энем Сейдекан Кытайда жашап жүргөндө, сарбагыш уруусунан болобуз деген эки кызды жолуктургандыгын жана алардын бирөө 10 жашта, экинчиси 7 жашта экендигин айтып калар эле. Ал кыздардын айтуусу боюнча, энеси каза болгондон кийин, атасы айласыздан бир кытай кишиге сатууга аргасыз болгон экен. Кыздардын улуусун кытай киши аялдыкка алып, ал эми кичүүсүн үй кызматчысы кылып алганындыгын уккам»,* – деп берилет. Демек, Кытай жергесинде кыргыз кыз-келиндери социалдык-экономикалык кысымга кабылгандыгын белгилесек болот. Эгерде сатылган кыздардын улуусу сексуалдык кысымга кабылса, ал эми экинчиси өлбөстүн күнүн көрүү үчүн жалданып иштеп, ага үй-чарбасындагы эмгеги тиешелүү түрдө акы төлөнгөн эмес [8].

*Катын, кызың сатылып,*
*Ачка болдук кесел дарт.*
*Алып койду кызыңды,*
*Кытай, калмак, дунган, сарт.*
(А. Тыныбеков КРИА. Кол жазмалар фонду. 79б)

Ал эми К. Карасаев: *«Качып-көчүп бара жатканыбызда жолдо отурган жылаңач кыргыздарды, колу-бутун үшүтүп жиберип «мени ала кеткиле адам болом» – деп боздогон адамдарды көргөмүн. Ошондой эле К. Карасаев кыргыз кызынын эскерүүсүндө: «О иним, төркүнүм саяк болчу. Келген жерим да, малдуу адамдар эле. Үркүндүн алдында эле күйөөгө чыкканмын. Эл үрккөндө чекте жетелеген төөм менен калмак олжолоп кетти. Көлдү көздөй эки жолу качтым, кутула албадым. Чачымды жулуп сабады. Эми мени издеп алчу ким!!!»* – деп баяндаган [10, 316].

Актан Тыныбеков ыр саптарында кыргыз кыз-келиндеринин Кытайдын кайсы шаарларына чейин сатылып кеткендигин мындай баяндайт:

*Сатылып кеттик кор болуп,*
*Катын болуп кытайга,*
*Кара калмак кечилге.*
*Манжу менен мугулда.*
*Какшап калдык Кашкарда*
*Кара-Шаар, Ак-Суда,*
*Көбүбүз кеттик Бээжинге.*
*Катын болуп кытайга,*
*Үрүмчү, Кулжа, Кумулда,*
*Кара калмак Кучада*
*Какшап калдык Кашкарда.*
[А. Тыныбеков КР УИА. Кол жазмалар фонду. 89б].

А. Тыныбеков бул чыгармасында белгилегендей, кыргыз кыз-келиндери Кытайдын ири шаарлары Пекин, Кашкар, Кулжа, Куча шаарларына чейин сатылып кеткен. Ал гана эмес, драгомон Г. Ф. Стефоновичтин отчетторунда кыргыз кыз-келиндери Шанхай, Вяндцзинь шаарларына сойкуканаларга чейин сатылып кеткендигин маалымдаган.

Бул отчеттордо сойкуканаларга сатылган кыздар, зомбулукка чыдабай экинчи кабаттан секирип жанын кыйгандыгы тууралуу маалыматтарды берген.

Кытайдагы Иле-Казак автономиялык областынына караштуу Текес ооданынын Көк-Терек айылынын тургуну Абдымолдо Бакенин маалыматында: *«Качкан эл жолдо кыйналган, ачкадан, талап-тоноочулуктан көптөгөн эл набыт болгон. Чек арадан кыйынчылыкты көрүп, келген элди кайра артка айдап, сен орустун элисиң деп, артынан орус аскерлери кууп келип, ортодо ара жолдо өлгөн эл андан көп болгон. Сайкал деген жердин ары жагында ашуу бар. Ысык-Көлгө ошол ашуу менен ашат, азыр аны Кыргыз-Сай же Кыргыз-Ашуусу деп коюшат. Бул жакка келгенде, эл чачырап тарап, алды Үрүмчүгө чейин кеткен экен. Келе жатканда жолдо бага албагандан кийин балдарын, кыздарын ар кайсы элге таштап да кетишкени маалым. Кыздарын күйөөгө берип, талкан алган күндөрү болгон. Мындай шарттарда алардын абалы өзгөчө оор жана аргасыз болуп, алар кыштан чыгып жазга аман-эсен жеткен убакта да, качып барган жерлеринде талаа жумуштарына иштөөгө тартылса да, эч кандай жеңилдик болгон эмес»,* – деп маалымдалган [5].

Белгилүү тарыхчы К. Усенбаев 4 миңге жакын кыз-келин Кытайдагы оокаттуу адамдарга сатылганын белгилеген [11, 2].

***Тердик, жүккө катылган кыздар.*** Үркүндө кыргыздар Кытай жергесинде жергиликтүү элдер сулуу кыздарды күч менен тартып алышкандыктан, түрдүү айла-амалдарды ойлоп табышып, тердикке, жүккө бекиткендери тууралуу окуялар элдин эстутумунда сакталып келе жатат. Алсак, Асылкан Токторбаеванын (Каракол шаары) айтуусуна таянсак: «Чоң энемдин энеси Турдубай кызы Жумакан 1905-жылы туулган. Үркүн убагында 11 жашта болгон. Алар Ысык-Көлдүн Шаты айылында жашап турушкан. Анын айтуусу Кытайдын чек арачылары качып бара жаткан кыргыздардын кыздарын колдорунан жулуп алып, зомбулук көрсөтүп, башка

жактарга алып кетишкен. Чоң энемдин энеси кичинекей кыз болгондуктан, атасы ичиктин ичине кемер кур менен белине бекем таңып, билгизбей чек арадан өткөндүгүн белгилеген [9].

Ал эми Осмон Ибраимов өз эскерүүсүндө: *«Кереге-Таш айлынын тургуну Кыдыкова Кенжей чоң энемди Кытайга барганда, чек арачылар келе жатканда, тердик менен жаап коюшчу экен»* – деп билдирген [3].

***Эс тутум табереги.*** Үркүндө Кытай жергесине качып барып, аргасыздыктан сатылган кыздар эс тутумунда туулуп-өскөн Мекенинин, ата-энесинин бир үзүм элеси катары айрым нерселерди ыйык таберик катары бекем сактап калышкан. Ал ыйык табериктери: седеп, сырга, топунун үкүсү, темир комуз сыяктуу нерселер эле.

*«…Кытай менен кыргыздын чеги – Сүмбөгө келдик. Бир кыргыз кызга жолуктум. Ал кыз: «Мен кытай болгум келбейт. Мени бул туткундан куткарсын. Мени кыргыздын бир жаманына берсин. Мен макулмун. Алып кетип карындаш кылып алсаң, эгер алып кете албасаң, темир ооз комуз жасатып берсең, туулган жерди эстегенде комуз кагайын»,* – деп сурангaнын эскерет К. Карасаев.

К. Карасаев ал кыргыз кызын мындайча сүрөттөйт: *«Он төрт жаштарга келип калган, ак жүздүү татынакай кыз. Кытайча бешмант кийгизип коюптур. Келишимдүү, сындуу мүчөсүнө жарашыптыр. Боорум ачып, жүрөгүм туздай ачышты. Далай кыздардын беш кадак унга сатылганын нечен жолу көргөмүн. Каркыра сайынып, калың килем жапкан жүк менен төө жетелеп келе жаткан кыздардын далайын чектеги (чек арадагы) калмактар жетелеп кеткенин да өз көзүм менен көргөмүн. Жүрөгүм далай жолу кансыраган. Бул кызды көргөндө, андан бетер жүрөгүм ачышып, кызга боорум ооруп кетти»* [10, 313].

***Ажардын бейити.*** 2022-жылдын 5-августунда «Эсимде– Үркүн» эскерүү жүрүшүндө Боом капчыгайы, Кубакы аймагындагы «Ажардын» көрүстөнүнө зыярат жасалып, кур-ман болгон кыргыздын аялзатына багыштап куран окулду.

Бул көрүстөн – 1916-жылы атылып өлтүрүлгөн белгисиз аялдын сөөгү коюлган бейит. Башына ок тийип, көз жумган аялдын сөөгү Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин эскерүү жүрүш учурунда ашууда табылып, Боомдун капчыгайына көмүлгөн. Кыргыз элинин трагедиялуу тарых барактарындагы кыз-келиндердин аянычтуу тагдырларын эстутумда бекем сактоо максатында К. Баялиновдун чыгармасындагы Үркүн мезгилиндеги Ажардын образдуу эстелиги катары белги таш коюлган. Бул коюла турган эстелик Үркүн окуяларындагы курман болгон бардык энелерге, эжелерге, кыздарга арналмак. Ал эскерүү ташында: *«Бул жерде 1916-жылдагы кайгылуу окуяларда курман болгондордун элесине жалпы улуттук тарыхый жана Ажардын эстелиги тургузулат»,* – деп чегерилип жазылган. Бирок тилекке каршы, Ажардын эстелиги тургузулган эмес. Белги таш – «Ажар» сыяктуу Үркүндө набыт болгон кыргыз аялдарынын кайгылуу талкаланган тагдырларын элестетет [esimde.org].

«Эсимде» изилдөө аянчасы «Эсимде – Үркүн» эскерүү жүрүшүндө бул белги таштын тарыхын коомчулукка, жаш муундарга жеткирүүдө алгылыктуу иштерди жасады.

***Маралташы.*** Үркүн мезгилинде, качкын кыз-келиндер көбүнчө сексуалдык зомбулукка туш болушкан. Аялдар сексуалдык кыйноолордун жана зордуктоонун курмандыгы болуп, кош бойлуулукка дуушар болушкан. Кытайдын Иле-Казак аймагында Маралаташы деген жерде атайын кул базарлар болгон. Ал кул базарларда качкындар негизги объект катары эсептелишкен. Качкын кыргыздар балдарын Маралташыдагы (Көк-Терек жери, Иле-Казак автономиялуу округу) кул базарларына сатышкан. Кулжа шарынын тургуну Жунус Жумадыл дунгандарга сатылып кеткен эки кыргыз эже-сиңдинин каргашалуу окуясын айтып берди: *«Мен анда 12 жашта элем, сиңдим 5-6 жашта эле. Маралташыда бизди чоочун адамдарга сатып жиберишти. Бизди чоочун адамдарга өткөрүп бергенде көпкө чейин ыйладык, андан кийин тирүү калганыбызга тобо кылдык»* [2].

Бул жерден сатылган кыздар өздөрүн «Маралташылыкпыз» деп айтышат. Алар «туулган жерибиз» деп туулуп өскөн жерин, кыргыз элин эмес, ата-энесинен ажыраган жерди, Мараташыны эсептешет. Бул жерден сатылган кыздар чогулуп, 2-3 жылда бир жолу Маралташыга барып, ата-бабаларын эстеп, куран окушат. Үркүн мезгилинде башынан өткөргөн окуяларды эс тутумунда сакталып калган баяндарды айтып эскерип турушат. Сатылган кыздардын бул тобун жабыркагандардын жамааты катары кароого болот.

Сатылган кыздардын тагдырына саресеп салганда: «Эмне үчүн кыргыздар уулдарынан да, кыздарын көбүрөөк кыздарды саткан?» деген суроо пайда болот. Анткени ата-энелер, биринчиден, уруусун сактап калууну ойлошкон, экинчиден, кыздар жаңы чөйрөгө тезирээк психологиялык адаптация болушу менен мүнөздөлгөн

1916-жылдагы көтөрүлүш кыргыз элинин этникалык тарыхында демографиялык, экономикалык жана социалдык-психологиялык жактан терс таасирин тийгизген. Кыргыз элинин демографиялык жактан өсүү темпин кескин кыскарткан. Кыргызстандын территориясындагы кыргыздардын саны 1897-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча 610 миң адамды түзгөн. Ошондуктан кыргыз элинин 1897-жылдагы эл каттоосунун материалдары боюнча аныкталган санына таянып, кийинки жылдардагы кыргыздардын санын белгилүү тактыкта эсептеп чыкса болот. Ал үчүн бул этностун жыл сайын калктын өсүү динамикасынын санынын орточо коэффицентин эсептеп чыгуу зарыл. Өсүүнүн коэффицентин кыргыздардын саны жөнүндөгү административдик расмий статистиканын маалыматтарынын негизинде тактоого болот. Ал 1897–1917-жылдары орто эсеп менен жылына өсүү коэффиценти 1,4% түзгөн. 1916-жылы (жыл башында) 634 миң 800 адамды түзгөн. Ал эми Кыргызстандын территориясындагы кыргыздардын саны 1926-жылдагы бүткүл союздук эл каттоо боюнча 661 миң 171 адамдан турган. Демек, 1916-жылы жана 1926-жылдардагы эки көрсөткүчтүн ортосундагы айырма 120 миң адамды түзөт.





*Семен Чуйков*
*«Кытайга качуу», 1936*
*Бишкек ш., Улуттук көркөм*
*сүрөт музейи.*

*Михаил Рындин*
*«Кытайга карай чыйыр жол»,*
*1935 Бишкек ш., Улуттук*
*көркөм сүрөт музейи.*

***Таблица.*** Кыргыздардун жалпы эл каттоолор боюнча статистикалык маалыматы [16, 17]

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Россия империясынын эл каттоосу. 1897-жыл | 634 800 | - | - | 634 800 |
| 1913-жыл | 863,9 | | | 863,9 |
| Кыргыз АССРинин жалпы эл каттоосу. 1926-жыл. | Кыргыз АССРи | 344 933 | 316 238 | 661 171 |
| **Жалпы эл каттоо (жылы)** | **калкы (кыргыздар)** | **эркектер** | **аялдар** | **Жалпы саны** |

Жалпы эл каттоо аралыгындагы калктын өсүү темпинин төмөндөшүнүн жыйынтыгын төмөндөгү таблицадан көрүүгө болот [16, 17]:

| **№** | **Жалпы эл каттоо аралыгында (жылы)** | **Калктын өсүү темпинин төмөндөшү** |
|---|---|---|
| 1 | 1897-1917 | -0,8% |
| 2 | 1920-1926 | -5,2% |

Экинчиден, 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн экономикалык факторуна, б.а. калктын экономикасына тийгизген таасирине кайрылсак, көтөрүлүштүн кесепетинен Пржевальск жана Пишпек уезддеринин экономикасы абдан жабыр тарткан.

1916-жылдагы көтөрүлүш жана Үркүн феноменинин масштабы жана тереңдиги өтө чоң трагедиялуу болгону талашсыз. Үркүн эпопеясы кыргыздардын тарыхый эстутумунда сакталып, анын курмандыктарын түбөлүккө эстеп, өткөндөн сабак алышыбыз абзел.

Колдонулган адабияттар:

1. Гендерные исследования. Женская история. Составитель Андреа Пето. Часть. 1. Б. 2004.
2. Жунус Жумадыл (ИКАО, г. Кулжа, 76 лет. Интервью)
3. Ибраимов О. (город Каракол. Интервью, также использованы материалы Ж. Боконтаевой)
4. Каралаев С. О восстании 1916 г. В Киргизии (Запись со слов С. Каралаева сделана м.н. сотрудником сектора литературы ИЯЛИ Д. Сулаймановым). Рукописный фонд НАН КР. Инв. 1487. Л. 8.
5. Сведения жителя села Кок-Терек Текесского округа Или-Казахской автономной области КНР, Абдымолдо Баке
6. Малик Үмөр. Кырк шейит. Ысык-Көл облусу, Тоң району. 2010.
7. Насилие в отношении женщин: предупреждение и борьба с последствиями. Б.2001. 160.
8. Сооронбаева Ч. (город Каракол. Интервью)
9. Токторбаева  А. (город Каракол. Интервью)
10. Тыныбеков А. Үркүн. Рукописный фонд НАН КР
11. Усенбаев К. У. Восстание 1916 года в Киргизии. Фрунзе, 1967.; Азап жолу жана ата конушка кайтуу// Кыргыз маданияты. 1991. 22-авг.
12. Чеканинский.
13. Иссык-Кульский областной архив. Ф. 1041. Оп.1. Д.9. К. Карасаев. Өткөндөгү эске түшүп… Л. 313-326.
14. Эмиграция восставших киргиз в Китай. Протокол генерального Кашкарского консульства Стефановича о положение киргиз в Китае. Рукописный фонд НАН КР. Инв.136.
15. Эсимде. esimde.org

Статистикалык материалдар:

16. Первая всеобщая перепись населения Российской империи, 1897 г. Спб. Т.83.
17. Всесоюзная перепись населения 1926 года. М.1928.

# ТУҢГУЧ УЧКУЧ – ЗИНАИДА КОКОРИНА. ЫСЫМДАРДЫ КАЙТАРУУ

*Болот АБДРАХМАНОВ*

Сүрөттөгү кадрдан бизге тери шлем кийген орус аялдын эрки күчтүү көз карашы тигилип турат. Бул аял – жаш советтик республика тарыхындагы биринчи аял аскер учкучу. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Гризодубова жана Раскова сыяктуу учкуч аялдардын аттары кеңири белгилүү болду. Анда эмне үчүн Зинаида Кокорининанын өмүрү тарыхтын караңгы барагында калды? Бул суроого жооп издеп көрөлү – Зинаида Кокорина кандайча жана качан СССРдин биринчи аял аскер учкучу болуп калган жана тагдырдын буйругу менен көп жылдар бою Кыргызстанда жашагандыгы тууралуу сүйлөшөлү.

1898-жылы Пермь губерниясындагы «Журавлик» кенинде иштеген жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы эрте каза болуп, апасы санитарка болуп иштеген. Апасына кызынын 1921-жылы Петроград мамлекеттик университетинин тарых-филология факультетин аяктап, биринчи турмушун курган мезгилине чейин көрүү насип кылган.

Зинаида Петровнанын күйөөсү Альберт Поэль Качин авиация мектебинде учкуч-инструктор болуп иштеп, машыгуу учурунда кырсыкта каза болгон. Зинаида Петровна аны алмаштырууну чечип, Качин аскердик учкучтар мектебине тапшырууга жетишкен. Окууну аяктаган соң, Егорьев шаарындагы Жогорку аскердик учкучтардын аба согушу мектебине тапшырат. Окууну ийгиликтүү аяктап, кайратман аскер учкучу болуп, аялдардын учкуч болушун туура көрбөгөн адамдардын арасында да кадыр-баркка жетишет.

1925-жылы Зинаида Кокорина Жогорку аскердик учкучтардын аба согушу мектебинин инструктору, ал эми 1926-жылдан баштап Ленин атындагы 1-жеңил бомбалоочу эскадрильянын командири болгон. 1935-жылга чейин Зинаида Петровна Кызыл Армияда СССРдин Борбордук

Кеңешинин Осоавиахимы системасында кызмат өтөп, аба күчтөрү майору наамын алып отставкага чыккан. Зинаида Кокорининадан окуп таалим алган ондогон аскер учкучтары өзүнүн эрктүү жана алпейим устат-инструктору тууралуу жылуу эскеришчү.

1935-жылы Кокорина уулу, кызы жана экинчи күйөөсү М. Л. Белоцкий менен бирге партиялык иш боюнча Кыргызстанга жөнөтүлүп, коогалаңдуу 1937-жылга чейин Кыргызстан КП(б) обкомунун атайын бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Анын күйөөсү *«контрреволюциялык иштерге катышкан жана оңчул троцкисттик уюмга мүчө болгон»* деген жалган жалаа менен камакка алынган.

М. Белоцкий он беш жылга эркинен ажыратылып, түрмөдө каза болгон. 1938-жылы Кокорина «революциялык сактыкта сергек болбогондугу үчүн» партиядан чыгарылып, ээлеген кызматынан бошотулган. Ал Фрунзе шаардык эл агартуу бөлүмүнүн катчысы болуп жалпысынан беш ай гана иштеген. 1938-жылы 20-майда күйөөсүнө коюлган жалаа менен Кокоринаны НКВД органдары камакка алышкан.







*Зинаида Петровна Кокорина.*

Кокорина бир жыл бою түрмөдө отуруп, тергөө жүргүзүүнүн ыкмалары күн сайын, саат сайын бузулуп жатканына күбө болгон. Ал буга багынган эмес. Өз арызында Зинаида тергөөнү прокурордун катышуусунда жүргүзүүнү талап кылып, тергөөнүн бир жактуу жана штамп боюнча жүргүзүлүп жатканын негиз кылган. Бул аялдын чечкиндүү мүнөзү, мыйзамдарды жакшы билгендиги жана суракта толук кандуу туруштук берген кайратмандыгы НКВД тергөөчүлөрүнө аны сындырып, ыплас ишин аягына чыгарууга жол берген эместей көрүнөт. Кокорина ошол коркунучтуу жылдары  акталып кеткен аз сандуу адамдардын бири болгон. 1939-жылы 25-майда Кыргыз ССРинин Ички иштер эл комиссариатынын токтому менен Кокорина З. П. *«кылмыш курамы жок»* деген негизде камактан бошотулган (КР УКМК архиви, № 6207-су. С.32-45.). Бошотулгандан бир аз убакыт өткөндөн кийин, ал партияга кайтадан кабыл алынып, Кыргызстан КП(б) Пролетар райондук комитетинин штаттык пропагандисти болуп иштеген, андан соң республикалык Жер боюнча эл комиссариатынын кадрлар боюнча инспектору болгон. 1940-жылы июнь айында Фрунзе шаарындагы №28 мектептин директору болуп дайындалып, 1941-жылы сентябрь айында Сазанов орто мектебинин (азыркы Ысык-Көл районундагы Ананьев айылы) директору болуп которулган.

1960-жылдарга чейин Зинаида Петровна Фрунзе шаарында жашаган, андан кийин үй-бүлөлүк жагдайга байланыштуу Москвага көчүп кеткен. Бирок биздин шаарда аялдардан биринчилерден болуп аскердик авиация менен тагдырын байланыштырган аял жашагандыгын шаар тургундарынын көбү билген эмес. Бирок убакыт өтүп, бул кайратман аял тууралуу чындык ачыкка чыкты: Зинаида Петровна Кокорининанын аты СССР авиациясынын тарыхына жазылып, Москвадагы Борбордук авиация жана космонавтика музейинде аялдар арасынан биринчи аскер учкучу катары өз ордун алды.

# МАНАСЧЫ ЗУУРАКАН СЫДЫКОВА

*Мукарам ТОКТОГУЛОВА*

*«Анан ошол кезде Сыдык чоң атам келип колумдан жетелеп жөнөдү. Чоң атам кадимкидей арыкчырай, узун бойлуу, сулуучумак келген татынакай киши экен. Таң калганым, чоң атамды мен көргөн эмесмин, атам Акимкан алты жашында каза болгон экен. Эми ойлоп калам да, ата-бабанын руху колдойт деген чын окшойт деп. Ошентип, Чоң атам колумдан жетелеген бойдон бир жолдо кетип эле баратабыз. Сол жагында караңгыда боз үйгө окшогон немелер алыстан карарып турат. Он жагында тоолор, тоонун түбүндө жакыныраак жерде апапакай боз үйлөр. Анан ошолорго карай түз эле ээрчитип баратты, бир убакта чоң боз үйгө туш келдик. Анын эшигин эки найза кармаган киши кайтарып туруптур. Атам аларга жакын барып, бирдеме – бирдеме десе, бизди боз үйгө киирип жиберишти. Кирсек эле ичинде чоң-чоң алты киши отуруптур. Төрдө Манас жамбаштап жаткан экен, анан Бакай ата, Алмамбет, азыр деле көзүмө элестеп турат, Чубак, Сыргак…., иши кылып, алтоо отуруптур. Ичимден санап атам, алтоо отурат... Анан эле атам аларга жүгүнүп, минтти: «Ушу кызымды ээрчитип келдим силерге, манас айтсынчы, айта албай жүрөт, кыйналып атат көптөн бери», – деди. «Оорулуу өзү», – деп кошумчалады, – жүрөгү ооруйт». Чын эле жүрөгүм ооруп жүрчү. Ошентсе эле, «Оорубайт, жүрөгү айыгат. Айтат бул!» – деп эле Бакай ата тура калып эле, колун мага шилтеп: «Айт! Айт! деп атам, айт!» – деп үч жолу үнүн бек чыгарып, өкүм кылгансыды, анан ошо бойдон эле минтип баштадым да:*

*Ээээй эки жакта эки тоо,*
*Ортосунда эки жоо,*
*Бири кара, бири ак,*
*Болгон экен эки жоо…»*[1]

Ушинтип 73 жаштагы (азыр жашы 74тө) манасчы Зуура-кан Сыдыкова өзүнүн кантип алгач аян алып, түшүндө чоң атасын көрүп, «Манас» айтып калганын Караколдогу квартирасында 2021-жылдын 25-декабрында бизге баяндап отурду. Бул түштү ал Пржевальскийдеги (азыркы Каракол шаары) Педогогикалык институттун математика факультетин жаңы бүтүп, мугалим болуп иштеп жүргөн кезде көргөн. Ал күнү бир тууган инисинин кызынын бешик тою болуп жаткан. Конок тосууга жардамдашып жүрүп, эсин жоготуп, жыгылып калганда, ошол түштү көргөн. Түшбү же аянбы, анда өзү деле айрымалап түшүнгөнгө чамасы келген эмес. Ошондо биринчи жолу айткан «Манас» баянын.

Ага чейин деле башкача түштөрдү көрүп, кулагына ар кандай үндөр угулуп, кыйналып жүргөн күндөрү болгон. Педогогикалык институттун акыркы курсунда окуп жүргөндө, бир жолу түнү бою жөөлүп, жатаканда чогуу жашаган кыздарынын да тынчын алып, таң атканча уктатпай койгону эсинде. Студенттик кездеги сүрөт. Анда аян эмне экендигин билчү да эмес, «акыл-эсимден ажырап, оорулуу болуп калбаймынбы» деп көпкө кыжалат болуп жүргөнүн азыр эстеп калат. Кийин окууну бүтүп, жаңыдан турмуш куруп, иштей баштаганда, андай түштөр көп кирчү болду.

*«Анда окууну бүткөндө дароо дипломду берчү эмес, бөлүнгөн мектептерде иштеп, справка алып келгенде, бир жылдан кийин гана тийчү документибиз колубузга. Мен Тору-Айгырдагы мектепке чектелип, иштеп жүргөндө биринчи жолдошум ала качып кетти. Окуучуларды талаада картошка жыйнатып жүргөндө, кайнагам көрүп, жактырып, «эмне болсо да, ушул кызды ал» дептир. Ошону менен жашап калдым. Жолдошум тракторист болчу, тез-тез ичет, мас болгондо идиштерди талкалайт, ызы-чуу салат. Ал жылдары түшүмдөн да кыйналып, турмуштан да жүдөп жүрдүм. Алыс эмес жерде, талаада, чоң аң бар болчу, ошояка эле баргым келе берчү. Оокаттарды бүтүрүп коюп, эч кимге көрүнбөй, акырын жалгыз кетип калчумун. Үйдөгүлөр билип калбасын деп, көбүнчө күүгүм ченде кетчүмүн. Аны кайнагам байкап калыптыр,*

*«күндө кечинде ошо аңга барат, эмне кылат билбейм…» деп үйдөгүлөргө айтыптыр. Мен ошо жерге кирип алып аябай бирдемелерди айтчумун да, эмнени айтканымды өзүм деле билбейм, кээде ырдап калчумун, өзүнөн өзү оозума бир нерселер келе берчү…»*, – деп эскерет Зууракан апа алгач манас айтканга чейинки түштөрү кыйнап жүргөн күндөрүн.

Бир жылдан кийин туугандарынын кеңеши менен кайын журтунан бөлүнүп, жолдошу экөө Көк-Мойнокко көчүп барып, ал жердеги мектепте иштей баштайт. Жаңы жерде сырдуу түштөрү азаймак турсун көбөйүп, түнкүсүн уктай албай жүрөт. Жолдошу да ичкенин койбой, бир балалуу болгондон кийин ажырашып кетишет.

Ошондон бери Зууракан Сыдыкова кырк жылдан ашуун мугалимдик кесиби менен бирге манасчылык өнөрдү да таштабай, ар кайсы маданий иш-чараларда, теле, радио программаларда «Манасын» айтып келет. 2014-жылы «Манас» жаштар ордосунун колдоосу менен өзүнүн вариантында «Чоң казат» жана «Көкөтөйдүн ашы» окуяларын жарыкка





*Зууракан Сыдыкова.*
*Бала кези.*

чыгарып, китебинин презентациясын Бишкекте фольклор изилдөөчүлөрү менен манасчылардын катышуусунда өткөргөн. Бир нече жылдар бою эпостун окуяларын жазып жүргөн дептерлерин Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондуна өткөрүп берген. «Манас» эпосунан сырткары «Жаныш-Байыш» кенже эпосун да жазып, басмага даярдап койгон. Билим берүүдөгү сиңирген эмгектери белгиленип, бир катар сыйлыктарга да татыган. «Устат мугалим», «КР билим берүүсүнүн мыктысы», «Ардактуу атуул» ж.б сыйлыктары бар.

Манасчы Талантаалы Бакчиевден Зууракан Сыдыкованын телефон номерин алып байланышып, аял манасчылар тууралуу изилдөө жасап жүргөнүбүздү айтып, интервьюга макулдук сураганыбызда суз кабыл алып, «Эми мен картайып, мурдагыдай болбой калганмын, жаштарга барбайсыңарбы?» дегени эсиме түштү. Бирде улгайганын, бир туруп ден соолугун, мектептеги жумушунун көптүгүн, кыштын суугун айтып, жолугушууну да бир нече жолу жылдырды. Мүмкүн, бир эсе сырдуу, бир эсе түйшүктүү бул өнөр тууралуу шар эле башкаларга айта салуу да оңой эместир. Же эл арасынан «аялдан манасчы чыкмак беле» деген көңүл сууткан сөздөрдү угуп жүрүп, өз өнөрү тууралуу башкаларга ачылып айткысы да келбей калгандыр. Түшүн айтып берип жатып да, улам үшкүрүп, жүзү ойлуу тартып турду.

Зууракан апа манасчылык тагдырындагы оош-кыйыштуу күндөрү тууралуу айтып жатканда, башка манасчы аялдардын да кейиштүү тагдырлары көз алдыма тартылып жатты. Манасчы айымдар тууралуу изилдөө долбооруна даярданып жүрүп, манасчы Сейде Дейди кызы, Сейдене Молдокеева (семетейчи), Канымбүбү Абдыраимова, Асаткан Атаналиевалар тууралуу да китептерден, жакын туугандарынан маалымат жыйнаган элем. Алар да айтуучулук жолунда көптөгөн тоскоолдуктарга туш келишип, манасчы катары таанылуу жолдору катаал болгон экен. Коомдо «аялдан манасчы чыкпайт», *«аял манасчылар жок», «бир гана аял эпосту айткан, бирок ал да «Манаска» даабай, «Семетейди» айткан»* деген пикирлер дайым

кайталана берип, элдин аң-сезимине биротоло сиңип бүткөн сыяктуу. Ошондуктан тарыхыбызда аял манасчылардын болгондугу туралуу так, далилдүү маалыматтар болсо да, алардын аттары көмүскөдө калып, комго таанылбай, изилденбей келет. Мисалы, райондук, областык конкурстарда жеңип, «Манас 1000де» байгелүү орунду алган ат-башылык Канымбүбү манасчыга Нидерландиядан келген антропологдон [11] башка эч бир жергиликтүү илимпоз кызыкпаптыр. Ал эми Сейде кызына Сейит




*Зууракан Сыдыкова. Студенттик кездеги сүрөт.*

деп уул баланын атын коюп алып, эбин таап элге чыгарып «Манас» айттырып чоңойткон Дейди ырчынын манасчы кызынын айткан «Манасынан» болгону 3 бет текст (Академиянын кол жазмалар фондунда сакталуу) жазылып калыптыр. Ал эми манасчылык өнөрдүн мекени болгон көл калаасында атактуу Кааба, Шабай манасчылар менен ээрчишип, бир катар фестиваль, конкурстарда «Манас» айтып келген Зууракан Сыдыкованын өнөрүн изилдегенге кызыккандар болбоптур. Совет мезгилинде эле таанылып, ал гана турсун, «Эл артисти» деген наамга да татыктуу болуп, таанылган жалгыз эпос айтуучу аял Сейдене Молдоке кызын да, аял болгондуктан, «Семетейди» гана айткан, «Манасты» айтканга дааган эмес деген «ишеним» өзгөчө басым менен азырга чейин баса белгиленип жүрөт. Азыр элге таанылып калган жоон топ манасчылардын арасында деле кыздардын, аялдардын аттары угулбайт.

Бул макалада ошондой көмүскөдө таанылбай калган аял манасчылардын айтуучулук өнөрдү көптөгөн тоскоолдуктарга карабай кантип таштабай, улантып келе жаткандыгы тууралуу сөз кылсак. Ал үчүн атактуу манасчылар чыккан көл калаасында жашап, 74 жашка келгенче эпосту

айтып, «математик манасчы» деген атка конгон, улуу муундагы аял манасчы Зууракан Сыдыкованын өмүрү жана манасчылык тагдырына сересеп салып көрсөк.

***Зууракан Сыдыковага жолуктурган долбоор.*** 2021-жылы «Көрүнбөгөн манасчылар: аял манас айтуучулардын таанылуу көйгөйлөрү» деген изилдөөмдү баштап жатып, *«Ушул улуу өнөрдү аркалаган аялдардын аты эмне үчүн көмүскөдө калат?»* деген суроого жооп табууну максат кылгам. Эмне үчүн эл өзгөчө даңазалап, барктаган эпостун айтуучулары, аял болгондугу үчүн эле чыгармачылык жолу татаалдашып, жашоо-тагдырлары тайкы болуп калат? Аялдардан чыккан айтуучулар кимдер? Азыр да ушул өнөрдү улаган кыздар барбы? Башка элдердин маданиятында да баатырдык дастандарды айткан аялдар болгонбу? Аларды коом кандай кабылдаган? Фольклор, маданият таануу илимдеринде булар тууралуу эмне жазылган? деген суроолорго жооп алуу үчүн Зууракан Сыдыкова баш болгон бир катар манас айткан айымдарга жолуктум.

Темам жөнүндө маалыматтарым кеңейген сайын манасчы аялдардын көмүскөдө калып, таанылбай калышына, ал гана турсун, ушул өнөрдү аркалагандыгы үчүн башкалардан запкы тартышына, дин, адат-салттардан сырткары, аялдын орду жөнүндөгү стереотиптүү түшүнүктөрдүн таасири чоң болгондугуна ынандым.

«Аялдан манасчы чыкпайт» деген ишеним адат-салттарды бекем туткан салттуу чөйрөдө эле эмес, маданият ишмерлери менен изилдөөчүлөрдүн чөйрөсүндө деле бекем орноп калгандай туюлат. Бирок тарыхыбызга кайрылсак, аял манасчылар болуп эле келиптир, азыр деле айтып, жазып келатышкан апалар, кыз-келиндер бар экен.

«Аялбы, эркекпи эмне айрымасы бар, аян келсе айттырат, андан баш тарта да албайсың» деп Зууракан манасчы айткандай, аялдар деле түшүндө аян алып, ооруп, бир катар сыноолордон өтүп келишет экен бул өнөргө. Зууракан апанын жашоосунан алынган мисалдар буга күбө. Албетте, айтуучулук өнөрдүн пайда болушуна аяндан сырткары бала кездеги чөйрө да зор таасир этет тура.

***Зууракан манасчынын балалыгы: өнөр баккан үй-бүлө.*** Зууракан Сыдыкова 1948-жылы Ысык Көл областынын Түп районундагы Талды-Суу айлында 12 балалуу чоң үй-бүлөдө туулган. Атасы Акимкан Сыдыков кесиби боюнча айыл чарба, билим берүү жаатындагы кесипкөй адис, партиялык активист катары жетекчилик кызматтарды аркалоо менен бирге эле, комузду мыкты чертип, күүлөрдү чыгарган өнөрпоз катары да эл арасында таанымал болуптур. Ал эми апасы Ракыя атайын кесипке ээ болбогону менен ооз комузду чебер ойногон, өзү аткарган күүлөрдүн тарыхын да көркөмдөп айтып бере алган аял болгон экен. Энеси грузин кызы Зулейко тууралуу обонду ооз комузда нечен жолу аткарып, ырдын тарыхын көркөмдөп айтып берген күндөрү Зууракан манасчынын күнү бүгүнкүдөй эсинде. Акимкан менен Ракыянын таасири балдарына да тийип, алар комуз чертип, обон созуп, ырга шыктуу болуп чоңоюшат. Бүгүн алардын айылы Талды-Суунун мектебинин Ардак тактасында Акимкан атанын үйүнөн төрт кишинин сүрөтү айылдын ардактуу жашоочулары катары илинип турат. Алар: Акимкан Сыдыков, уулдары Муканалы жана Акматкалый Сыдыковдор жана кызы, манасчы жана мугалим Зууракан Сыдыкова.

Акимкан Сыдыковдун күүлөрүнүн кээ бирлери Алтын фондго жазылса, баласы Муканалынын обондору эл арасына кеңири жайылып, «Кош жылдыз», «Кызыл гүл» деген обондорун кыргыз эстрада жылдыздарынын бир нече мууну аткарып, популярдуулугун азырга чейин жоготпой келет. Бир кезде Абдималик Шерматов менен Динара Акулова аткарган «Кош жылдыз», азыр Аваз Акимов менен Айдана Дека тарабынын аткарылып, сахнадан түшпөй жүрөт[2]. Ал эми Акимкан Сыдыковдун таекесине арнаган «Алмакун» деген күүсүн Казакстандын «Отрар-Сазы» деген оркестри иштеп чыгып, Алматыда коюлган[3].

Ошентип, өнөргө аздек мамиле кылган үйдөгү бөтөнчө чыгармачыл атмосфера Зууракандын дастанчылыкка кызыгуусун бала кезде эле ойготкондой. Ушул жагынан алганда, Зууракан Сыдыкованын өмүр баянында башка манасчы

аялдар менен көп эле окшоштуктар көрүнөт. Сейде Дейди кызынын, Канымбүбү Абдыраимованын, Сагымбай манасчынын кыздарынын дастанчылык практикасында да аталарынын ролу чоң болгондугун эскере кетүү зарыл. Сейденин атасы Дейди өз аймагындагы белгилүү ырчы болсо, Канымбүбүнүн атасы санжырачы болгондугун, ал эми Сагымбай манасчынын үй-бүлөсүндө атанын манасчылык өнөрү кыздарына оогондугун айтсак болот. Мында өнөрдүн тукум куучулук касиети эле эмес, ырчылык менен дастанчылыктын байланышы да маанилүү. Мисалы, «Манас» эпосун изилдөөчүлөрүнүн бир К. Абакиров өзүнүн макаласында дастанчылык менен ырчылык, жамакчылык тармырлаш экендигин баса белгилеп[4], белгилүү манасчылар жамактап ырдаганга жаш кезден шыктуу болгондугун белгилейт.

Канымбүбү манасчынын кыздары да, интервью учурунда манасчы энесинин жамактап ырдап, айылдын мугалимдерин, элдин эмгек акысын бербей кечиктирген бухгалтердин, келинчегине кол көтөргөн кайнагасынын кемчиликтерин ырга салып, уяткарып салган учурларын эскеришкен[5].

Ал эми франкфурт мектебинин илимпозу Хонетц чыгармачылык өнөрдүн калыптанып, өсүшүндө жакын адамдардын, коомдун колдоосу да зор роль ойнорун айткан [12]. Ал өзү түзгөн «таанылуу теориясында» өнөрпоздого карата жакын адамдардын колдоосу маанилүү фактор экендигин белгилейт. Ал эми аялдын жүрүм-турумун тыкыр көзөмөлгө алган кыргыздар сыяктуу патриархалдык салттуу коомдо өнөрлүү аялдарга карата атасынын, жолдошунун колдоосу эки эсе маанилүү болгон. Аял өнөрпоздорунун коомго чыгуусу, таанылышы да алардын колдоосусуз ишке ашкан эмес. Аял кишинин эл алдына чыгып өнөр тартуулоосун уят көргөн салттуу коомдо өнөрпоз аялдарга күмөндүү карап, жеңилсинтип, басмырлоого да жол берилген. Ошондуктан Дейди ырчы манас айткан таланттуу кызын андай тайкы мамиледен коргош үчүн, атын Сейит деп тааныштырып, кийимин уулча кийгизип алып, манас айттырып, өзү менен бой жеткенче ээрчитип жүргөндүгү айтылып жүрөт[6].



*Сүрөт Акимкан Сыдыков.*

Ал эми Сейдене Молдоке кызы өзү кайнатасы Сейитбектин батасы жана колдоосу менен айтуучулук өнөрүндө ийгиликке жеткенин ар убак баса белгилеп келген[7].

Зууракан Сыдыкованын жашоосунда да атасы Акимкан манасчы кызынын колдоочусу да, коргоочусу да болгон. Кызы алгач аян алып, эсин жоготуп, Манас түшүнө киргенде, атасы гана аяндын маанисин түшүнүп, ырымын жасап, молдо чакырып, кызына бата алып берген экен.

***Түш, атеизм жана атасынын түлөөсү***. Элде чыныгы манасчылар түшүндө аян алгандан кийин манас айтып калган деген ишеним бар. Ошондуктан манасчылар түш көргөндөн кийин кан чыгарып, ата-бабалардын арбагына куран окуп, элди чакырып бата алышат. Саякбай Каралаев да түш көргөндөн кийин, эки кой союп, айыл аксакалдарын чакырып, түлөө өткөргөндүгү тууралуу маалыматтар белгилүү [4]. Азыркы манасчылар да элге чыгардан мурун, Манас ордого чейин барып, чоң түлөө өткөрүп жүрүшөт. Ал эми Зууракан апанын түшү жөнүндө айтсак, атасы аяндын маанисин түшүнүп, бир кой союп, молдону чакырып, ырымын жасаптыр. Бирок атасы партиялык актив болгондуктан, ал түлөөгө молдодон башка киши деле чакырбаптыр. Куран окуп, бата берип жатып, молдо аягында: *«Кызым, муну таштабай айтып жүр»*, – деп айткан экен.

Бир жагынан, бата – бул башталып жаткан ишке ийгилик каалаган тилек болсо, экинчи жагынан, касиет менен байланыштуу чечмеленип, ата-бабалардын рухтарынын колдоосу катары чечмеленет кыргызда. Америкалык изилдөөчү Дубьюсон [9] казактардын акындык өнөрүн изилдеп жатып, батаны ата-бабалардын колдоосу эле эмес, алардын алдындагы жоопкерчиликти сезүү, көзү өткөндөр менен тирүүлөрдүн ортосундагы байланыш катары да түшүндүргөн.

Манасчылар өткөргөн түлөө менен батаны деле ушундай түшүнсөк болот. Мындан сырткары, түлөө учурунда манасчылар коомго жаңы статуста таанылып, алардын коом алдында өзгөчө миссияны аткарары белгиленет. Ошол учурдан баштап, алар манасчы атка конушуп, баатырдык эпосту эл аралап айтып, жайылтууга, сактоого милдеттүү болгон. Адатта эркек манасчылардын түлөөсүнө бүт айыл чакырылып, чоң окуя катары белгиленсе, аял манасчылар үчүн жасалган ырым бир эле үй бүлөөнүн ичинде чакан ритуал катары аткарылган. Кой союп, ырымын кылып жатып, атасы Акимкан кызын көп элдин алдына чыгарып, жалпыга анын манасчылык статусун жар салган эмес. Атеизм күчөп турган ал кезде Акимкан сыяктуу партиялык кызматкерлер үчүн, мындай ырымды элге көрсөтүп жасоо опурталдуу болгон. Ошондуктан түлөө да эл чакырылбай жашыруун өткөн.

Акимкан ата манасчы кызына көп эле колдоо көргөзүп жүрүптүр. Өзү менен комуз черткен балдарына кошуп, кызын ээрчитип алып, бир нече жолу ыр кесе, кароо сыяктуу маданий иш-чараларда эл алдына чыгарып жүрөт. Сүрөт: Атасы балдары менен6 Зууракан кыргыз көйнөкчөн) Кийин деле кызын Манас ордого алпарып келем деп жүрүп, тилегине жетпептир. Ал жакка кызы кийин атасынын көзү өткөн соң, сиңдисин ээрчитип, өзү барып келгендигин айтат. Ал эми жолдошуна келсек, Зууракан манасчыга биринчи жолдошунан колдоо болбоптур. Өзү да ичкен киши болгондуктан, турмуштары да тез эле эки жолго түшүптүр.

***Таанылуудагы тосколдуктар: «Аялдан манасчы чыкмак беле?»*** Кыргыздардын оозеки маданиятында устат-шакирт деген чоң түшүнүк бар. Ырчылар, манасчылар, дастанчылар өз өнөрлөрүн өркүндөтүү үчүн, устаттарды ээрчип, бирге элге чыгып, чыгармачылыктарын тартуулап, башка өнрпоздор менен тез-тез жолугушуп, чыгармачылык чөйрөдө жүрүшкөн. Манасчылыкта да устатчылыктын орду чоң. Дасыккан манасчылар өздөрүнүн окуучуларын айлап ээрчитип жүрүп, жер кыдырып, чогуу манас айтып, элге таанытышкан. Устаттардын жардамы менен башка манасчылар менен таанышып, чыгармачыл чөйрөгө аралашуу да

тезирээк ишке ашкан. Манасчылардын дээрлик баары тең устаттары ким болгондугун, алардан алган насааттарын, үйрөнгөн сабактарын айтышат. Аты чыккан, эл баалаган манасчылардан устат күтүү жаңыдан элге чыгып жаткан манасчыга өзгөчө маанилүү болгон. Айтуучулук өнөрдү югославдар арасында изилдеп, «Айтуучу» деген белгилүү эмгегин жазган америкалык илимпоз Лорд да [14], жаңы баштап жаткан айтуучунун чеберчилигинин калыптанышында устаттын эмгеги зор экендигин айткан. Темаларды, эпизоддорду тандоо, рифмалашкан тексттерди курап, ар кайсы көркөм каражаттарды колодоно билүү, үндү көнүктүрүү жагынан шакирт устаттан көптөгөн практикалык кеңештерди ала аларын айткан. Элибизде да устаттар шакиртин ар дайым өзү менен чоң жыйындарга ээрчитип жүрүп, окуучуларынын элге таанылышына эбегейсиз колдоо көрсөткөн. Мындан сырткары кыргыздардын устат-шакирт мектебинде устаттан үйрөнгөн чеберчилик эле эмес, атактуу устаттын аты деле шакирти үчүн зор колдоо берген. Белгилүү манасчыларды устаты катары атоо жаш манасчыга карата ишенимди, сыйды пайда кылган. Бурдьенин сөзү менен айтканда, устаттын аты эле зор «социалдык капитал» катары роль ойногон. Ошондуктан жаш манасчылар замандаш устаттарын эле эмес, көзү өткөн атактуу манасчыларды түшүндө көргөндүктөрүн айтып, алардын рухунан колдоо тапкандарын да эскеришет.

Бирок мындай устат-шакирт байланышы аял манасчылардын практикасында өнүккөн эмес. Диний жана салттык түшүнүктөргө ылайык, аялзаты менен бейтааныш эркектин ортосунда кызматташууга, чыгармачылык жакын мамиле түзүүгө жол берилбегендиктен, аялдар эркек манасчылардан устат күтө алышкан эмес. Ал эми аял манасчылар тууралуу маалыматтар аз болгондуктан, аял устаттарды издөө, аларга шакирт болуу мисалдары кездешпейт. Жогоруда аталган айтуучуларда да устатчылык ролду ошол манасчы аялдардын же кыздардын атасы аткарганын көрөбүз. Мындай мисалды Сагымбай манасчынын өз кыздарын үйрөткөнү тууралуу маалыматтар тастыктайт, ал эми Сейде,

Канымбүбү, Зууракан манасчылардын мисалында биз устатты эмес, көбүнчө, колдоочуну көрөбүз. Алардын аталары манасчы болбогондуктан, айтуучулук чеберчиликти үйрөтө алган эмес, бирок кыздарынын өнөрүнө туура баа берип, колдоо көрсөтүшкөн.

Ал эми Зууракан манасчынын мисалында биз эки нерсени байкайбыз. Бир жагынан өзү өнөр баккан комузчу катары Акимкан ата кызы Зууракандын өнөрүнө тыюу салбай колдоп, ар кайсы маданий иш-чараларга кызын кошо ээрчитип, элге чыгарып жүргөн. Бирок, экинчи жагынан, кызынын таанылышына, өнөрүнүн өсүшүнө тоскоолдук кылган салттык нормаларга каршы чыга алган эмес. Өзүнүн айылдашы белгилүү манасчы Уркаш Мамбеталиев кызы Зууракандын манас айтып жүргөнүн угуп, Фрунзеге алып кетип, ошол жактан окутуп, үйрөтөйүн деген сунушуна макул болбойт. Ал сунушту кызына деле айтпай, өзү баш тартып коет. Анткени салттык түшүнүктө башка кишини бейтааныш жаш келин ээрчип жүргөнү туура эмес түшүнүлүп, ар кандай ушак ээрчирин билип, кызын жаман сөздөрдөн коргогон. Ал эми Зууракан кызы бул тууралуу укканда, атасынын чечимине өкүнүп, азырга чейин арман кылып калат:

*«Уркаш абага ошондо кошуп жөнөтсө, мүмкүн азыр белгилүү чоң манасчы болот белем деп калам. Мени үйрөткөн киши болбоду. Бул өнөр канча айтсаң, ошончо ачылат экен. А мен манасчыларды анда-санда көрөм, иш-чараларга деле үй оокатынан бошоп, катыша албай калам. А Фрунзеге барганда, бир эле ошол жак менен кетмекмин да. А бул жакта эч кимди деле тааныбайсың, манасчылар менен деле байланыш жок. Өзүм да математик болсом, көркөмдөп айтуудан кыйналам, сөз байлыгым да бай эмес. Өз билгенимче айтым жүрдүм да. Ошондо атам менден жашырбай айтканда, эч кимди укпай кете бермекмин. Анткени ошол кезде бир башкача элирип, «Манасты» айткым келип, бир жерге тура албай жүргөм»* (2021-жылдын 25-декабрында алынган интервьюдан).

Ошентип, аял манасчылардын практикасында башка манасчылар менен тыгыз байланышта болуп, алар

менен чогуу иш-чараларга тынбай катышуу кыйынга турат. Устат күтүп, аны менен бирге эл кыдырып, үйрөнүү мүмкүнчүлүгү да жок. Бул аял айтуучулардын чеберчилигинин өсүшүнө жана алардын таанылышына тоскоолдук кылган негизги себептердин бири. Ушундай тоскоолдуктардан улам, Зууракан Сыдыкова өзүнүн мансчылык мүмкүнчүлүктөрү толук ачылбай, элге чыгууда да шарттары чектелүү болгонун белгилейт. Кээде манасчылык эркек бир туугандарына эмес, ага берилип калганына да өкүнүп кетет:

*«Биздин үй-бүлө чоң болчу, сегиз уул турса, айтуучулук мага келегенин карабайсыңбы. Апам жаш кезинде түшүндө Саякбай манасчыны көрүп, «балдарымдын бири манасчы болот го» деген экен. Бирок балдары эмес, кызына ооп, мен манасчы болуп жатпаймынбы. Эгерде эркек бир туугандарымдын бирине берилгенде, алар бул жолдо шыр эле кетмек беле деп калам. Аял кишиге кыйын экен. Кээде бир жактарга чакырып калганда барсаң, ачык эле айтышат, «койчу аял да манас айтабы» деп. Иш-чараны тартып жаткан журналисттер деле балдарды ороп калышат, мага көңүл деле бурушпайт. Айтпайын десен, таштап кое албайт*






*Зууракан Сыдыкова.*

*экенсиң. Эми жашым деле келип калды, унутчаак болуп баратам. Айтып жатып, сөздөрдү да унутуп калам. Айткандырымды кагазга түшүрүп жүрдүм эле, ошолордон кыскартып, китеп кылып чыгардым»* (2021-жылдын 25-декабрында алынган интервьюдан).

Филология илимдеринин доктору А.Эгембердиева манас айтуучуларды изилдеп жатып, аялдардан манасчы чыкпагандагын бул өнөрдүн жүгү аялдар үчүн оор экендиги менен түшүндүрөт [8]. Бир жагынан, бул пикирге ынанып, баатырдык эпостун негизин түзгөн согуш, түмөн кол катышкан чабышуулар, кылыч, найзасынан кан тамган баатырлар тууралуу айтуу аялдарга көп туура келе бербегендиги жөнүндө ой келет. Бирок ошол эле учурда, аян жана ооруу, жоготуу сыяктуу сыноолор аркылуу келген бул «өнөрдүн жүгү аял заты үчүн көтөрө алгыс оор болгондуктан, аялдан манасчы чыкпайт» деген пикир да суроо жаратпай койбойт. Сейдене, Зууракан манасчылардын мисалдарына таянсак, аян тандоого мүмкүнчүлүк бербестиги байкалат. Экөө тең аян алганда, баш тарта албай далай запкы тартып, жашоолорунда ажырашуу, жоготууларды баштарынан өткөрүп, ооруудан жабыркагандыгы тууралуу мисалдар арбын. Семетейчинин жүгү жеңилирээк болгон үчүн Сейдана Манас айтпай, «Семетейди гана айткан» деген пикир да далилсиз. Төрт уулун жоготуп, оорунун азабын тарткан Сейдананын «жүгү» эмнеси менен жеңилирээк болуп эсептелгендигин да түшүнүү кыйын. Чындыгында, бул тема илимде деле жетиштүү изилдене элек. Сибирь элдеринин арасында баатырдык эпосту айтуучу аялдар хакас, бурят, якут элдеринде кездешет [7]. Кээ бирлеринде тыюулар деле жок, башкаларында тыюу салынбаса да, колдоого алынбайт. Аялдар эпосту эркектер согушка кетип, эч ким айтпай калганда айтышкан деп, аялдардын айтканына жаман жышаандын белгиси катары кооптонуу менен мамиле кылышат [7]. Айтуучулук боюнча белгилүү теориялар деле жалаң эркек айтуучулардын практикасынын негизинде түзүлгөндүгүн эске алсак [10, 14, 18], аялдардын бул тармакта көп таанылбай калгандыгынын обьективдүү себептерин изилдөө

али алдыдагы иш го деген ой келет. Албетте, мындай изилдөөлөрдө бул өнөрдү аркалаган аялдарга келген сыноолор эки эсе ашып түшкөндүгүн эскере кетүү зарыл. Аян, ооруу, жоготуулар гана эмес, коомдогу калыптанган нормалар да көптөгөн тоскоолдуктарды жаратарын белгилеп өтүү шарт. Эркектер басымдуулук кылган манасчылардын чөйрөсүнө толук аралашып, устат күтүп, алар менен кызматташып, айлап-жылдап өнөр тартуулап, эл кыдырып жүрүү салттык нормаларга каршы келгендиктен, аялдардын бул тармакта суурулуп чыгышы да оңой эмес. Ажырашуу, жолдошунун, тугандарынын каршылыгы көптөгөн аял айтуучуларды бул өнөрдөн оңой эле баш тарттырган. Жаңыдан айтып баштаган кыздар деле, турмушка чыгары менен манас айтканды токтотуп, тез эле аттары угулбай калып жүрөт. Ошол эле салттагы аялдын ордун чектеген стереотиптүү нормалар да канга сиңип бүткөндүктөн, айтуучулукту таштабай улантып, элге чыгып жүргөн манасчы айымдар деле көрүнбөстөн, көмүскөдө калышып, таанылууга мүмкүнчүлүк берилбей келет. Мүмкүн, бул маселенин чечилиши үчүн Хонец «Таанылуу теориясында белгилегендей» [12] ошол манасчы айымдардын үй-бүлөсү, эң биринчи кезекте, атасы, жолдошу, агалары колдоо көрсөтсө; коомчулук да «аялдан манасчы чыкпайт» деп биротоло жыйынтык чыгарып койбой, аларды жерибестен, бааласа, Зууракан Сыдыкова айткандай, манасчы айымдардын өнөрү «айткан сайын ачылып, өркүндөп» өсмөк беле.


1. Зууракан Сыдыкова менен интервью. 12.2021. г. Каракол.
2. https://www.youtube.com/watch?v=AHh1xhnnYu0
3. Бейбіт Дәлденбай – «Алмакун»
4. Абакиров, К. (2014). Манасчылар – төкмө ырчылар: Көз караштар. 65-79 б. Тил, адабият жана искусство маселелери. Илимий журнал. Бишкек. «Турар».
5. Видео о Канымбүбү. https://www.youtube.com/watch?v=pdOaoLRaVrk
6. https://w.wiki/9Z24
7. https://w.wiki/9Z26

***Колдонулган адабияттар:***


1. Абакиров, К. (2014). Манасчылар – төкмө ырчылар: Көз караштар. 65-79 б. Тил, адабият жана искусствомаселелери. Илимий журнал. Бишкек. «Турар».
2. Бакчиев, Т. Исаков Р. (2010). Кыргыз элинин манасчылары: Маалымдама китеп. Бишкек. Кыргызпатент.
3. Бакчиев Т. (2012). Манасоведение. Учебник для студентов ВУЗов.
4. Бакчиев, Т. (2021). Сновидение как один из путей получения сказительского дара (на примере кыргызских сказителей-манасчи)
5. Бакчиев, Т. (2021). Сказительский дар. Бишкек.
6. Талиева К. (2000). Семетейчи Сейдене Молдокееванын чыгармачылык өнөрканасындагы салттуулук жана өзүнчөлүктүн карым-катышы. Бишкек.
7. Шинжин, И. (1997). Тропой, проложенной веками. Жизнь и творчество сказительницы Н. П. Черноевой /. Горно-Алтайск
8. Эгембердиева, А. (2010) Манасчылык өнөрбү же илдетпи? Жеманасчылык өнөрдөгү купуя сырлар. «Назар» («Кыргыз гезиттер айылы»). https://kmborboru.wordpress.com/2010/02/08/manaschylyk-%D3%A9n%D3%A9rb%D2%AF-zhe-ildetpi-zhe-manaschylyk-%D3%A9n%D3%A9rd%D3%A9g%D2%AF-kupuya-syrlar/
9. Dubuisson, E. M. (2017). Living language in Kazakhstan: The dialogic emergence of an ancestral worldview. University of Pittsburgh Press.
10. Heide N van der. (1999). The Last Manaschi, a contradiction in terms. In The Nature of University Education and Research, pp. 79-84. Bishkek: American University in Kyrgyzstan
11. Heide N. van der. (2008). Spirited Performance. The Manas Epic and Society in Kyrgyzstan. Amsterdam
12. Honneth, A. (1995). The struggle for recognition: The moral grammar of social conflicts. Polity Press.
13. Kandiyoti, D. (1988). Bargaining with patriarchy. Gender & society, 2(3), 274-290.
14. Lord, A. (1960). The Singer of Tales. Cambridge, MA: Harvard University Press.

15. Plumtree, J. (2021). A Contemporary Manaschi in Oral Performance and in Print. Ala too Academic Studies, 1, 238-244.
16. Prior, D. (2002). The Twilight Age of the Kirghiz Epic Tradition (Doctoral Thesis). Indiana University, Department of Central Eurasian Studies, Indiana.
17. Coskun, M. (2021). Improvising the Voice of the Ancestors: Heritage and Identity in Central Asia (Vol. 39). LIT Verlag Münster.
18. K Reihl. The true nature of the aoidos: The Kyrgyz Singer of tales and The epic of Manas.

# ТЕПКЕДЕЙ АПА. КАЙТАЛАНГЫС ТАГДЫР

*Гулжамал ЭСЕНАЛИЕВА*

Эгемендүүлүктүн пайдубалын түптөп жаткан өлкөбүз өткөн тарыхынан тыянактуу, туура жыйынтыкты ишке ашырса, кийинки этаптарга сабак, тажрыйба болору талашсыз. Ушундай маныздуу мамилени 1916-жылдагы Үркүн маселеси талап этери шексиз. Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстанда болгон 1916-жылдагы көтөрүлүш тууралуу тарыхый булактар, башка адабияттар совет мезгилинин акыркы жылдарында эгемендүүлүккө чейин чектелүү мүнөздө иштелип, иликтенип келген.

Бүгүнкү күндө тарыхый эстутумда улуу инсандарыбыздын баскан издери унутта калган учурлар көп. Тарыхты унутуу демек, келечектин үмүтсүздүгү. Тарых барактарындагы кыргыздардын кайгылуу тагдырларын эстутумдан чыгаруу мүмкүн эмес. Үркүн мезгилинде уул, кыздарыбыздын бөлөк эл, бөтөн жерге баргандагы аянычтуу тагдырлары толук изилдөөгө алына элек.

Бул окуя 1916-ж. Үркүндө Кытайга качып барып, кайра кайтып келген Нарын облусунун бир тургунуна таандык. Бөтөн жерде калган кыздардын кайгылуу тагдыры Үркүндүн доору тарыхта, эскерүүлөрдө, адабиятта, көркөм чыгармаларда арбын чагылдырылган. Ага мисал: К. Баялиновдун «Ажар» повестин айтууга болот. Бирок Ажардай болуп ач карышкырларга жем болбой, өз элине чыйрактыгынан кайтып келгендери да болгон. Алсак, мындай кыздардын өкүлү катары Нарындан Кытайга барып сатылган Тепкедей апаны айтууга болот.

Тепкедей апа 1901-ж. Жумгалдын Базар-Турук айылында төрөлгөн. Ысык-Көлдүн калкы Кытайга качышканда, анын таасири Жумгал элине да тийген. Тепкедейдин атасы Сарала кадыр-барктуу адам болгон. Ал да үркүндө жети бир туугандынын үй-бүлөсү менен баары болуп кырк эки адам Кытайга качышкан. Эки ай жол жүргөндөн кийин Турпандын Ак-Суу деген жерине жетишип, жергиликтүү кытай байларына жалданып күн көрүшкөн. Турпанда 3-4 ай жашагандан кийин


*Тепкедей апа кичүү кызы Канчай, небереси менен.*

Ак-Суунун болушу Орозакун иниси Токтакунга Тепкедейди токолдукка берүүсүн сурап, ага калың төлөө менен өз элине кетишине жардам берем деп убада берген. Айласыздан он үйлүү туугандарын кандай болсо да, туулган жерге аман жеткирүү үчүн, жан медери 14 жашар Тепкедейди бир кап күрүч, бир кап жүгөрү жана 80 сээрге (күмүш тыйын) саткан. Тагдыр бүтүмүнө Тепкедей аргасыз көнүп, Токтакун менен анын улуу аялынын кордугуна, ур-тепкисине чыдап кала берет.

Эл өз жерине кайтып кеткенден кийин, Тепкедей, кандай болсо да, туулган жерине качууну максат кылат. Бул мүдөөсүн өкүл атасы Акунга билдирип, тымызын даярдана баштаган. Акун ата Тепкедейге кындуу бычагын, «*карышкыр күч, пайдасы тиет*» деп боосу менен бир үзөңгүсүн берген. Өкүл атасынын айтканын эстеп, чоң таштын үстүнө уктап, шам-шум этип, Тепкедей 5-6 күн жол жүргөндөн кийин, ач карышкырлар артынан ээрчийт. Аларга айбат кылып, үзөңгү менен таштын үстүндө туруп чаап, ач карышкырлар менен кармашкан. Эки-үч күндөн кийин алыстан от көрүнүп, бактысына, өз айылдаштары менен айтылуу куудул Куйручукка жолугуп, алар менен туулуп өскөн Жумгалга жетип, Тепкедей апа «тирүү» жомокко айланат.

Кытайдан кайткандан кийин Ак-Талаа районунун Куртка айлынын тургуну Акунаалы атага турмушка чыгып, он төрт балалуу болушкан. Бүгүнкү күнү анын урпактары Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Куртка айылында жашашат.

Айылдашы Ибрагимов Турсунбекке Тпекедей апа мындай деген экен: «Быйыл туура 86дамын. Кыргыздын мендей канча шордуу кызы малга сатылды. Жаңы заман багымды ачып, эркимди өз колума берди. 14 уул-кыздын энесимин. Мындай бейпил заманды көрөм деп ким ойлоптур». Ал Турпанда калат, үй-бүлөсү Кытайдан кайтып келатып каза табат. Бир үйдөн Тепкедей гана аман-эсен кайтып келген.

# ОШТУ ИЛИМ ДҮЙНӨСҮНӨ АЧКАН ЕЛЕНА ДРУЖИНИНА

*Бактыгул МИДИНОВА*

Азыркы археология илими пайда болгондон бери аялдар маданий мурастарды сактоого жана жайылтууга чоң салым кошуп келген. Бирок алардын эмгеги көп учурда көз жаздымда калган. Алардын көбү өз баасын татыктуу ала албаган тармактарда иштешкен же эмгеги эркек кесиптештерине ыйгарылган. Елена Дружининанын баяны да ошолордун бири.

Елена Дружинина Кыргызстанга биринчи жолу 1964-жылы студент кезинде археологиялык экспедициянын курамында келген. Ферганынын байыркы бай маданияты жана кооз жаратылышы болочок археологду өзүнө тартып, бул жерлерге кайра кайтып келүүсүнө түрткү болгон. 1967-жылы июль айында А.А. Жданов атындагы Ленинград мамлекеттик университетин аяктаган соң бүтүрүүчүлөрдү бөлүштүрүү комиссиясынан Ош шаарына иштөөгө жолдомо алууга жетишип, Ошко келет. Бул шаарда 20 жыл бою, кыска өмүрүнүн аягына чейин жашаган. Аны Ош облустук край таануу музейине советтик мезгилге чейинки бөлүмдүн башчылыгына кызматка алышат.

Жумушка орношкон соң, Оштун чет-жакаларын жана Сулайман тоосун жигердүү изилдөөгө киришкен. Сулайман-Тоодон ар кандай мезгилдерге таандык керамикалык буюмдардын чоң коллекциясын, анын ичинде Чуст маданиятына таандык болгон, дыйканчылык менен алектенген уруулардын уникалдуу конуштарына мүнөздүү идиш-аяктардын сыныктарын чогултткан. Дал ошол учурларда тоодо байыркы конуштун орун алышы боюнча божомолун алгачкылардан болуп айткан. Бул божомол дээрлик 10 жылдан кийин тастыкталган.

Жыйырманчы кылымдын 70-жылдарынын экинчи жарымында Сулайман-Тоонун боорунда адегенде ресторан, кийинчерээк Үңкүр музей комплекси курула баштаган.

1976-жылы келечектеги музейге жол салына баштаган. Жол куруу иштерине Елена Дружинина археологиялык көзөмөл жүргүзгөн.

Ошол жылдын жазында ал тоонун боорунан керамиканын сыныктарын камтыган маданий катмарды тапкан. Сенсациялуу табылга тууралуу белгилүү археолог Юрий Заднепровскийге билдирген. Оштон алыс эмес жерде казуу иштерин жүргүзүп жаткан Заднепровскийди табылга жөнүндөгү кабар абдан кызыктырган. Кыска убакыттан кийин алар биргелешип байыркы дыйкандардын конушунда казуу иштерин баштошкан.

Заднепровский өзүнүн «Ош конушу Фергананын соңку коло доорундагы тарыхына карай» («Ошское поселение к истории Ферганы в эпоху поздней бронзы». аталышындагы китебинде *«Оштогу конуш башка ушул сыяктуу эстеликтерге караганда кечирээк жана күтүүсүз жерден табылды. Ачылыш Ош областтык музейинин кызматкери, менин окуучум Елена Васильевна Дружининага таандык»*, – деп жазат. Төрт талаа мезгилинин ичинде Елена Дружинина жана Юрий Заднепровский тоодо казуу иштерин жүргүзүшөт. Бирок Юрий Александрович үчүн Елена Васильевна өзүнүн профессорунун көлөкөсүндөгү студент бойдон кала берет.

Ош технологиялык университетинин окутуучулары Ж. Казыбаев менен А. Абдыраева *«Чынында эле сенсациялуу ачылышты Ош тарыхый-маданий музей-коругунун илимий кызматкери, археолог Елена Васильевна Дружинина жасады… Бул конуш мындан 3000 жыл мурун курулган болушу мүмкүн деген илимий гипотезаны биринчи жолу айткан Елена Васильевна болгон. Балким, бул божомол илимий чөйрөнүн көз жаздымында калмак. Анткени ал кездеги коомдун менталитетине ылайык, мындай ачылыштарды аты чыккан окумуштуулар гана жасашы керек эле»*, – деп эсептешет.

***Коммунист.*** Елена Дружинина партиянын кишиси болгон. Ал 1962-жылы Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынган. Анын партиянын катарына кабыл алынышы

кокустук эмес эле. Үй-бүлөсүнүн бардыгы активдүү коммунисттер болгон. Адегенде ал да өзүнүн жигердүүлүгү менен айырмаланып, кечки курстарда марксизмди-ленинизмди үйрөнүп, партиялык бюронун мүчөлүгүнө шайланган. Ош шаарына келгенден кийин 1967-1968-жылдары Ош областтык аткаруу комитетинин маданият бөлүмүнүн баштапкы партиялык уюмунун партиялык бюросуна мүчө болуп шайланып, кечки марксизм-ленинизм университетинде окуп, аны үй-бүлөлүк шартка байланыштуу бүтүрө алган эмес.

1969-жылы сентябрда музейдин кызматкерлери Дружининанын шкафынан СССРдеги «саясий жактан зыяндуу» материалдарды таап, аларды алып кетишкен. Тыюу салынган адабияттардын сакталышы боюнча тергөө иштери башталган. Иштин жүрүшүндө ал кол жазма түрүндө жана машинкада басылган башка «самиздат» материалдарды — «И. Сталинге ачык каттарды». Пастернак менен Евтушенконун автобиографиялык повесттерин, Хрущёв жөнүндөгү ырларды, эмигрант жазуучулар Гумилев, Мандельштам, Цветаева жана Кара Сашанын чыгармаларын өткөрүп берген. Елена Дружинина бул «калабалуу» папканы кайра-кайра көчүрүлүп, студенттер арасында көп таралган Ленинграддан алып келген эле. Ага университетте окуп жүргөндө, шаардык диссиденттер менен жакын болуп, «саясий жактан зыяндуу материалдарды машинкада басып чыгаруу боюнча» алардын көрсөтмөлөрүн аткарган деген айып тагылган. Узак убакыт бою Дружинина мындай айыптоолор менен күрөшкөн. Өзүнүн түшүндүрмө катында: *«бул адабияттар мурда эле басылып чыккан, ошондуктан мен аларды тыюу салынган, өзгөчө зыяндуу деп ойлобойм. Кээ бир ырлар расмий басылып чыккан китептерден алынган. Евтушенконун жана Пастернактын автобиографиясы, менин оюмча, антисоветтик эмес»*, – деп жазган. Бирок ал күнөөсүн моюнга алууга аргасыз болгон, ага катуу сөгүш берилген.

***«Панисламист».*** Елена Дружининанын Ошко келүүсү массалык динге каршы өнөктүк учуруна туш келген. Көптөгөн архитектуралык эстеликтер «диний фанатизмдин сим-

волу» катары талкаланып, же чарбалык муктаждыктар үчүн колдонула баштаган. Анын көз алдында эски Ош жоголо баштаган. Гезит аркылуу жергиликтүү бийликке кайрылууга аракет кылган. Облasttык «Ленинский путь» газетасынын беттеринде Елена Дружинина «Ата-бабаларыбыздын Ошу». «Бабур Ошто болуп турган». «Эски мавзолейдин жаңы жашоосу» деген макалаларды жарыялаган. *«Эски Оштун архитектуралык эстеликтеринин сүрөттөлүшүн жыйынтыктап жатып, шаарда бир дагы медресе имараты сакталып калбаганын, жүздөн ашуун мечиттин бизге ондон азы, ал эми мазардын бирөөсү гана бүтүн сакталганын баса белгилей кетүү керек. «Эски Оштун архитектуралык эстеликтери» деген темадагы экскурсияны элестетиңиз. Гид негизинен азыр жок болгон имараттар жөнүндө айтууга, бош жерлерди көрсөтүүгө, ашып кетсе, сүрөттөрдү көрсөтүүгө аргасыз. Сакталып калган имараттарды текшерүү мүмкүн эмес, анткени алар чарбалык иштерге пайдаланыла баштады»*, – деп жазган.



*Елена Дружининанын «Сулайман-Тоо» улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинде сакталып калган жалгыз сүрөтү.*

Жергиликтүү бийликтин өзүм билемдигине каршы макалалардын жарыяланышы чоң резонанс жаратып, Елена Дружинина партиялык бийлик тарабынан куугунтукка алынган. 1972-жылдын 28-январында партиянын токтому менен «саясий жактан жетилбегендиги, Ош шаарындагы культтук имараттардын маанисин баалоого илимий жактан туура келбеген мамилеси жана облусттук гезит барактарында диний догмаларды жарыялагандыгы үчүн» Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнөн чыгарылып, музейден бошотулган.

***Музей кызматкери.*** Музей анын бүт дүйнөсү эле. Ошто жашоосунун алгачкы жылдарында музейде жашап күн өткөргөн. Колуна тамеки алып, таң эртеден кечке чейин археологиялык фонд жайгашкан музейдин жертөлөсүндө иштечү. Дружинина жыйырма жылдан ашык эмгектенип, көргөзмөдө жана археологиялык фонддордо үлгүлүү тартипти орнотту. Бул музейде ал сыяктуу эч ким иштеген эмес, ал чыныгы аткаруучу болчу. Иштеп жүрүп күнүмдүк иштерди унутуп дагы калчу. Эгерде археологиялык ачылыштар болуп калса, дароо ошол жерге барууга аракет кылчу. Өмүрүн ушинтип өткөрдү. Кесиптештеринин эскерүүсүндө ушундай элеси калды. *«Менин бүт дүйнөм ушул музейге арналган. Археологияга арналган. Анткени бул менин кесибим» деп улам тамекисин тартып коюп сүйлөгөнү эсимде»*, – деп эскерет музейдин илимий кызматкери Адалат Жумабаева. Елена Васильевнанын жашоо образы бөтөнчө эле. Жумушта аны башка эч нерсе кызыктырбагандай, жумуш жөнүндө гана сүйлөшчү. Качан болсо, кызматкерлерди окутуп, тыянактары, маалыматы, материалдары менен бөлүшүп, пландары жана иш-аракеттери тууралуу дайыма маалымат берип турган. Абдан жөнөкөй адам болчу. Ал эч качан үнүн көтөрбөй, баарына бирдей мамиле кылчу.

*«Мага тарыхты ийне-жибине чейин түшүндүрүп берди. Анын аркасы менен тарыхтын даталарын, доорлорун түшүндүм. Музейде ал кезде деле акча каражат аз болчу, бирок күнүмдүк жашоого жетет эле. Ал кошумча жумушка да барчу эмес. Башка кызматкерлер сабак бергени кетишсе, ал археология менен алектенчү. Чогуу иштешип, анын тарых жана археология боюнча жогорку билими, ошол эле учурда жөнөкөйлүгүн, ишине берилгендигин байкадым»*, – дейт Адалат Жумабаева.

***Археолог.*** «Ош тургун жайынын» ачылышы Елена Дружининанын жашоосун өзгөрттү. Басса-турса «Ош конушу, Ош конушу» деп жүргөнүн кесиптештери көп эскерет. Конуштагы археологиялык казуулар 1978-жылдан 1984-жылга чейин созулган. Ишти СССР Илимдер академиясынын

Археология институтунун Ленинград филиалынын Фергана экспедициясы тарых илимдеринин доктору Ю. Заднепровский Ош музей-коругунун кызматкерлери менен бирге, ОшМУнун студенттеринин жана окутуучуларынын катышуусу менен алып барган

Байыркы тургун жай Сулайман-Тоонун тик түштүк капталындагы террасаларда жайгашып, казуу иштери өтө татаал шарттарда жүргүзүлгөн. Елена Васильевна тоодо иштеп жатканда, тамактанганды да унутуп калчу. *«Елена Васильевна, түшкү тамакты ичиңиз, саат 12 болуп калды, өзөк жалгаңыз» деп кээде эстетип койчумун. Чай ичип, ыраазычылыгын билдирчү»*, – дейт Адалат Жумабаева. Археологиялык казуулардын натыйжасында 350 таш буюм, үч колодон жасалган мончок, көмүр, ашкана казандары, ар кандай өлчөмдөгү керамикалык идиштер табылган. Табылган бардык экспонаттардын сүрөттөлүшүн Дружинина жасаган. *«Ал илимий даража жөнүндө ойлогон эмес, илимдин кандидаты боло алмак, анткени материал жетиштүү болчу. Чынын айтсам, тургун жайдагы казуу иштеринин негизги жумушчу күчү Дружинина болчу. Заднепровский улуу адам, профессор, ал эми ал катардагы кызматкер болчу. Адамдын эмгегин өмүрүнөн кийин баа-ласа болот. Анын көптөгөн эмгектери биздин музейде сакталып калган. Анын көп жылдык эмгегин билгендер баалашат. Өмүрүнүн акырына чейин жумушуна берилип иштеди»*, – дейт Адалат Жумабаева.

***«Күйөрман».*** Археология Елена Дружининанын бактысы да, жашоосунун маңызы да, эң негизги кызыкчылыгы да болчу. Ал өз ишине так болуп, бүт дээрин берип, башка нерсеге кызыкчу да эмес. Бирок мугалими Заднепровский келгенде, баары өзгөрдү. Ал аны асманга жеткире мактап, абдан жогору баалады. Музейдин кызматкери Шазада Саттарова көп жылдар бою Елена Васильевнанын жанында иштеп, аны сапарга көп ээрчитип алчу. Ал Заднепровский Ошко келери менен мени унутуп калчу деп эскерет. *«Мен мугалимимдин жанында болом. Шаза, сен кете бер»,* – дечү.

*«Үйүнө менден башка эс кимди чакырчу эмес. Мени жана Заднепровскийди эле чакырчу. Үчөөбүз анын үйүндө көп болчубуз. Ал Заднепровскийди абдан баалап, пириндей эле көрчү. Заднепровский Елена Васильевнадан көп нерсе алды. Ал сураган нерсесин машинкада терип берип, ага көп эмгегин жумшады. Ошентип Заднепровский Заднепровский болду. Буга көбүнчө анын (Еленан Васильеванын) эмгеги сарпталды. Өзү буга: «эмне болуптур» деп колун шилтеп койчу». Заднепровский негизинен Ошко жай мезгилинде казуу иштерине келчү. Экөөнүн отурганын музей кызматкерлери байкашчу. Экөө жумуш жөнүндө сүйлөшүшчү. «Ал жазышы керек, жакында кетет, ушуну аткарып алышы керек» деп көп айтчу Елена Васильевна. Анан анын жумушун аткарганы кетчү»,* – деп эскерет Шазада Сатарова.

***Машинистка.*** Елена Васильевнанын кичинекей кара машинкасы бар эле. Ошол машинкасы менен көп иштеди. Кээде колго жазчу. Түркolog-лингвист Четин Жумагулов Елена Дружининадан алган эки катты сактап калган – бири кыска, экинчиси узунураак. Бири кол менен, экинчиси машинка менен жазылган. Ал өзүнүн «Байыркы Оштун эпиграфиялык эстеликтери» аттуу китебинде Елена Дружининага таазим этип, анын аркасы менен 70-жылдары Ош оазисин, Оштун айланасын жана Сулайман-Тоо эстеликтерин изилдөө иштери жаңы деңгээлге чыгарылганын баса белгилейт.

## *БИРИНЧИ КАТ*

*Ош, 16-январь, 1973-жыл.*

*Четин мырза, саламатсызбы!*

*Алгач сизди жаңы жылыңыз менен куттуктап, сизге жана үй-бүлөңүзгө чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт жана илимий иштерде ийгиликтерди каалайм.*

*Экинчиден, мен сиз жибергендин баарын алдым: куттуктоолорду, каттарды, белек китептердин жана макалалардын нускаларын. Бул үчүн чын жүрөктөн ыраазычылык билдирем. Китебиңиз колума тийгенде, Юрий Александрович Заднепровский жанымда эле, ал да «Кыргызстандын сиро-түрк (несториан) эстеликтеринин тили» китебиңиздин бир нускасын жиберсеңиз жакшы болот эле деп айтты. Сизде дагы бир нускасы болсо, жиберсеңиз, ал сизге абдан ыраазы болмок. Сүрөт үчүн рахмат, эгер кошумча нускасы болсо, Сахабалар мазарынын сүрөтүн жиберсеңиз да, жакшы болмок, анткени, мен аймактагы соңку мезгилдеги мазарлар боюнча да маалыматтарды чогултуп жатам. Четин, жай бою «жүгүрүп» жүрдүк: Ю.А. Заднепровскийдин ийриминин мүчөлөрү менен бир ай казып, андан кийин ал 14 жылдан бери иштеген жерге, Дальверзинге [Далверзинтепе – Өзбекстандын түштүгүндөгү байыркы конуш. Б.М.] балдар менен барып жардам бердик. Негизинен бул сезондо биз ага көп жардам бердик. Андан соң тоого чыгып келдик. Мен эки ай бою күн сайын пахта тердим. Экспедиция менен жөө жүрүштүн ортосунда мен жолдошумду (сен келгенде, ал ооруканада болчу) жерге бердим. Фрунзедеги операциядан кийин бир жыл Оштогу онкология бөлүмүндө жатып, инисинин үйүндө каза болду 1972-жыл ушундай жаман жыл болду. Бул жылы партиядан чыгарып салышты. Катуу көрсөтмө (строгач) [жеке делого киргизилген катуу сөгүш, В.М.] киргизишип, музейден чыгарышты. Эмнеси жакшы. 1971-жыл деле мындан жакшы болгон эмес. Бул жылы деле эмнени күтөлү?*

*Четин, албетте, Сахабалардагы калькалардын барынан эле жыйынтык чыкпаганы мыйзамченемдүү нерсе.*

*Ошончо эстеликтердин массасы, убакыттын аздыгы. Баарын жасап үлгүрүү мүмкүн эмес. Жазында көбүрөөк убакытка келиңиз, мүмкүн болсо, мага калька кагазын (тазасын) ала келиңиз. Мен бул жерде жазуулар боюнча бир нерселерди жасадым: биринчиден, Чоң Ноокаттагы Дангиге бардым: араб жазууларын, уйгур сүрөттөрүн калькага алдым. Жумушка жарым күн эле убакыт бар болчу, балдарды караш керек, 10 км жолду толук жабдыктар менен жөө басып бардык. Жазууларды дагы текшериш керек. Жазында дагы барышыбыз керек. Мен ошол жол менен – каршы жээкти бойлой басып өттүм. «Советтик Кыргызстанга» (25-ноябрь, 1972-жыл) макала жазгам. Бирок адаттагыдай эле, гезит кеспей турган жерин кесип чыгарышыптыр (уйгурлар боюнча маалыматтардын бир жок). Деги гезиттерден эмнени талап кылмак элем. Ушул калькалардын баарын кантип татыктуу илимий басмада жарыялоону жана кайда жөнөтүүнү айтып берсеңиз жакшы болмок. Мен быйыл командировкада Совет районунда [Ош облусунда, Б.М.] болуп, Кыз-Мазарга дагы бардым. Бирок менде калька же керектүү кагаз жок болчу. Ошондуктан карап чыкканга гана үлгүрдүм. Мени аябай шаштырышкандыктан, шагыл таштарга тийген да жокмун. Ал жакка жазында да барсамбы дейм, ошондо сүрөткө тартам. Мага Кытай менен чектешкен жерден жазуусу бар дагы бир ташты убада кылышты, бирок аны райондун борборуна алып келгиче күтүү керек, себеби жазында ал жерге жетишибиз мүмкүн эмес. Ал жакта кытайча (?) жазуусу бар дагы эки таш бар. Эгерде жүрүш боло турган болсо, мен ал жерлерге жетем.*

*Айтор жазууларды таап, аларды жазып калуунун үстүндө иштеп жатам, бул ишимди дагы уланта бермекчимин. Оштогу көрүстөндө калган кайрактан калька жасайм, ал ордунда эле турат, кечээ эле ошол жерде болдум. Жазып туруңуз. Баса, сиз Абшыр-Сайга барып көрдүңүз беле?*

*Терең урматтоо менен*
*Е. Дружинина.*

## *ЭКИНЧИ КАТ*

*Ош, 26-июнь, 1973-жыл*

*Четин мырза, саламатсызбы!*

*Сизден эч кабар жок.*

*Ю.А. Заднепровский келди. Аны менен Ноокатта мүрзө каздык. Сахабага (жергиликтүү эл Сахабалар мазары деп аташат) бардык. Тоодо, Кызыл-Кыя шаарынын аймагында кайрак бар деген маалымат бар. Мага анын көчүрмөсүн жасап, сүрөткө тартууну тапшырдым. Алар муну жайында жасашы мүмкүн.*

*Ю.А. Заднепровский Лившицке Ноокаттагы Катта Дангидеги уйгур жазуусунун көчүрмөсүн көрсөтүптүр. Ал жазуу согдулук деген божомол бар. Лившиц быйыл Токтогулда болсо, анда аны менен бирге Ноокатка саякат уюштуруп көрүңүз. Музейге Кыз-Мазардан келген Кайракты айдоочу алып келе элек.*

*Күзгүдө тартылган сүрөттөрдү бирөөгө көрсөттө алдыңызбы? Моненталар Фрунзеге жеттиби? Негедир М.Н. Федоров эч нерсе жазбайт. Мага Кан-и-Гут жөнүндө китепти салып жибергенди унутпаңыз. Мен текшерилиши керек болгон кайрактары бар жерлердин тизмесин күтүп жатам. Сиз өргүүгө чыкканда, Москвага барасыз, ошол учурда мен да бир нерселерди текшерип алганга үлгүрүп калам го. Жакынкы күндөрдүн биринде чөп чабууга Өзгөндөгү Жазыга барам. Ошол жердеги Кызыл-Дыйкан мазары тууралуу Д.Ф. Винник менен сүйлөшөм. Балким, ал жакта кайрактар бар чыгар? Быйыл сиз барган Үч-Капталды текшериш керек. Сиз Шах-Фазил аймагындагы башка жерлер жөнүндө да айттыңыз, жаздыңыз эле.*

*Ю.А.Заднепровскийке кызыктуу көрүстөндү көрсөттүм. Ноокатта 19 көрүстөн каздык. Алардын мезгили түрк дооруна таандык. Мен көп кезип жатам, тынбай десем болот. Мага баягыдай эле үйдүн дарегине жазыңыз. Кошуналар почтаны чогултуп коюшат, баары колума тиет. Айтарым ушуну менен болду го.*

*Терең урматтоо менен*
*Е. Дружинина.*

***Насаатчы.*** Елена Дружинина музейде иштеген алгачкы күндөрдөн тартып, революцияга чейинки тарых бөлүмүнүн алдында иштеген жаш археологдордун ийримине жетекчилик кылган. Бул ийримге Ош шаарынын ар кайсы мектептеринин окуучулары катышкан. Окуу жылында орто эсеп менен 60тан ашык окуучу каттаган. Көптөр бир нече жылдап окушкан. Балдар 3-класста эле ийримге бара башташчу, бирок эреже боюнча 5-класстан жана андан жогорку класстардан окуучуларды кабыл алуу башталчу.

Алардын көбү жайкы мезгилди археологиялык экспедицияларда өткөрүшчү. Анын жетекчилиги менен ошол жаш балдар коло доорунан орто кылымга чейинки ар кандай эстеликтерди, тургун жайларды казып, аскадагы сүрөттөрдү изилдешкен. *«Алар 1978-жылы азыркы Ош шаарынын өзөгү болгон Сулайман-Тоонун аймагы коло дооруна тааандык шаарчаны изилдеп, Күрпсай ГЭСинин каптап калган жерди, Ноокатта казуу иштерине катышышкан. Дружинина өз баяндамасында: Бул жылы Ош тургун жайынын чоң аянтын казуу пландаштырылууда, андан соң казылган жерде «Ошко 3000 жыл» деген ачык асман алдындагы музей түзүлөт», – деп жазат. Ийримдин бардык мүчөлөрү тарых жана маданият эстеликтерин коргоо коомунун мүчөлөрү болуп, «пассивдүү болбой, чыны менен чоң иштерди аткарышкан. Алар тапкан эстеликтер тарых илиминин менчиги болуп калат»* (Дружинина). Жаш археологдор изилдөөчүлөргө чоң жардам берип турушкан.

Дружинина өзүн жаш археологдорду даярдоого арнап, студенттер менен стажировкаларды өткөргөн, аны менен бирге казуу иштеринде катышкандардын көбү аны абдан жакшы эскеришет. ОшМУнун филология факультетинин тарых бөлүмүнүн студенттеринин бири Феруза Амадалиева 1985-жылы окууга тапшырган студенттерге аны менен баарлашуу мүмкүнчүлүгү болгонун айтып берди. *«Билесизби, мен биринчи жолу ушундай адамды көрдүм, толугу менен өз ишине берилген киши экен, ал жумушу менен жашап өттү. Дружинина канчалык көп иш кылганын эми түшүндүм. Аты калсын деп, эч кандай сый-урматка, же акчага,*

*жогору маянага, же кандайдыр бир артыкчылыктарга кызыккан эмес. Ош шаарынын тарыхы деп жашап өткөн. Ал музей менен, ошол жердеги экспонаттар менен жашачу»,* – деп эскерет Феруза Амадалиева.

***Елена Васильевна*** Оштогу жалгыз археолог болгон. 1972-жылы жаңжалдан кийин ал музейге мурдагы кызматына – СССРге чейинки мезгил бөлүмүнүн башчысы болуп иштей баштаган. Баштаган ишин улантып, жаңы эстеликтерди таап, изилдеп, казуу иштерин жүргүзгөн. Юрий Заднепровский менен биргелешкен изилдөө өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин түзмө-түз уланган. Ал 1987-жылы май айында Черемушкидеги батиринде жалгыз каза болгон. Жалгыз кызын Ленинградга окууга жиберип, күйөөсү оорудан кийин 1972-жылы каза болгон. Май майрамдарынан кийин ал жумушка келген эмес. Музейден бир нече адам анын үйүнө барышса, колуна гезит кармаган бойдон диванда жаткан экен. Ал түштүк-батыш шаардык көрүстөнүнө коюлган. Аны музейдин бүтүндөй жамааты жерге берген.

Бүгүнкү күндө «Ош тургун жайына» жакын жерде үч тилде





*Елена Дружинина.*
*Ч. Жумагуловдун фотосу. 1972-ж.*

*Е. Дружинина Ч. Джумагулов жана М. Толубаев менен. 1972-ж. сүрөт.*





*ОшПИнин студенттеринин отряды. Борбордо Е.В. Дружинина, жанында Ю.А. Заднепровский (экспедициянын башчысы) 1980-ж. сүрөт Ю. А. Заднепровскийдин. «Ош конушу соңку коло доорундагы Ферsuccessful тарыхына карай” китебинен алынды. Бишкек, 1997-ж.*

*Ош чөлкөм таануу музейи. 1980-жылдардагы сүрөт.*

маалымат стенди орнотулган. Бирок Елена Дружинина жөнүндө сөз жок. Дээрлик ар бир экспонат Елена Васильевнанын колунан өткөн археологиялык табылгалар коюлган залда Дружинина тууралуу маалымат жок.

Юрий Заднепровский Елена Дружининанын жаркын элесине «Ош тургун жайы: Ферғананын соңку коло доорундагы тарыхына карай» деген китебин арнаган. Ал китепте мындай деп жазат: *«Ош тургун жайындагы иште ишенимдүү жардамчы болуп, негизги казууларга жетекчилик кылган. Автор анын көптөгөн изилдөөлөрдөгү жардамы үчүн ыраазылык билдирип, бул эмгегин Елена Васильевна Дружининанын куттуу элесине арнайт»*. Анын Ош шаарынын тарыхын изилдөөгө кошкон чоң салымын изилдөөчүлөр В.Я. Галицкий, В.М. Плоских, А.Е. Захарова, К.Ж. Малтаев, Ч. Жумагулов, Т. Аюпов белгилеп кетишкен. Ал каза болгон жылы белгилүү «Ош аймагы» энциклопедиясы чыгып, ага кеңешчи жана макалалардын автору катары катышкан. Анын бай китепканасы болгон, китептердин көбү ал көз жумган соң, музейдин китепканасына өткөрүлүп берилген.

***Соңку сөз.*** Елена Дружинина жөнүндө маалыматтар тамчыдай чогултулду. Иликтөөнүн башында интервью берүүдөн баш тарткан кээ бир адамдар да болду. Мага алар Елена Васильевнанын иши тууралуу жакшы билгендей көрүндү. Дружинина каза болгондон кийин, анын жазуулары, кол жазмалары жана баалуу китептери сырдуу түрдө жоголуп кеткен.

Жакында (2024-жылдын август айынын экинчи жумасында) музей кызматкерлеринен анын күйөөсү менен кызынын ысымдарын сурадым.

Кызынын аты Ирина болчу экен, бирок анын тагдыры тууралуу Ленинграддагы университетке тапшыргандан башка маалымат жок экен. Балким, Дружинина Ошко келгенге чейин жашаган Санкт-Петербургга барып изилдеп келүү кажеттир.

# ШЕКЕРДИН ТАГДЫРЫ

*Клара СООРОНКУЛОВА*

*«Канаттуу куштай кайып учуп бараткан, адам өмүрү өтпөчүдөй мемиреп сезилгени менен, бүгүн көргөн – эртең жок, кечээги эле биз бир четин көрүп калган ата-энелерибиз жашаган доор кайда калды? Алардын заманы биротоло өтүп кетти, бирок биздин жүрөгүбүздө сакталып калды. Өткөнгө өкүнүүнүн, кайгыруунун кереги жок, келечекти ойлойлу дегенибиз менен, биздин мезгил да билинбей өтүп баратат»*, – деп атам Сооронкулов Сыргакбек ата-энеси тууралуу, атасынын, айрыкча, өтө оор тагдырды башынан кечирген апасы Шекер тууралуу баянын баштачу эле. Атам бул баянын өзүнүн жана башкалардын эскерүүлөрүнүн негизинде келечек муундар ата-бабаларынын басып өткөн жолун билип, эстеринде тутат деген ишеним-үмүт менен жазган эле.

Апам Шекер 1903-жылы туулган, болгону 34 жыл гана өмүр сүргөн. Анын кыска өмүрү драмалуу окуялар менен, чоң жоготуулар менен коштолуп өткөн.

Биздин таятабыз Курман каруулуу болуп, күрөштөргө түшүп жүрчү экен. Бир жолу дунгандардын айлына барып, бир балбан менен кармашып, жыгып, байгесин алат да, кайтканда атына мине албай коёт, көрсө, омурткадан мертинип калган экен. Ошондон, жыл маалына жетпей, кайтыш болуп калат. Жыл айлантып аш-суусун беришип, ата-салт каадасы боюнча Курмандан жесир калган жеңеси Каличаны Бечелге нике байлашат. Бул кыргыздын ата-бабасынан келе жаткан салты болуп саналат. Кайтыш болгон кишинин үй-бүлөсүнүн жашоо тиричилигин келечек тагдырынын жоопкерчилигин бир туугандары, эгер жалгыз болсо – анын кыйыр туугандары моюнга алууга милдеттүү. Тагдырдын машакатынан ким качып кутулмак. Ошентип, Калича эки үйдү бир үйгө бириктирип, кызы Шекер менен уулу Белкожосун ээрчитип, Бечелдин бүлөсү болуп калды. Кийин Бечелге бир уул төрөп берди, анын аты Ашым болду.

Аңгыча Шекер бойго жетип, он алтыга чыгып калды. Атасы Курман тирүүсүндө сөйкө салып кеткен кудасы бар экен, тоюн түшүрүп, ызаатын жасап, алып кетишти. Барганына жыл малы толо электе, көчкүдөн кырсыктап күйөөсү өтүп кетет. Боюнда жети айлык баласы калып, ал эркек баласы дагы төрөлгөндөн кийин чарчап калат. Күйүт үстүнө күйүт кошулуп, байкуш Шекер күн-түнү боздоп ыйласа, апасы *«Чайга салган шекер болуп эрип кетчү болдуң го, каралдым, токтотсоң боло!»* деп сооротчу экен.

Ошентип, атам Сооронкул, 1922-жылы ошол көз жашы тыйылбаган, солкулдаган он сегиз жаштагы Шекерди алашалбыртында көчүрүп келген экен. Жашоонун башка жактары ойдогудай, каалагандай болгону менен, жакындарын шум ажал катарлаштыра жамсап, андан жабыркаган эр жигит кырк төрт жашында, көзүнөн жашы кургабаган, кайгыдан баш көтөрө албаган жаш келин Шекер менен, түбөлүккө антташып, баш кошту. Кайгы-муң каптаган азаптуу мезгилди артта калтыруунун аракетинде, зор үмүттүн багытына кол кармашып, бакыт-таалайга аттанышты. Жараткан жаштардын тилегин берип, жаш эне эки кaат болуп бою жетилди.

Кубанычы койнуна батпаган ата, «балалуу болсом, калың журтту чакырып, чоң той өткөрүп, бата аламын» деген ниетке термелип, жанына эки жигит алып, Үчкоргон, Наманген тараптан өрүк, мейиз, жаңгак, нават, бал, дагы керектүү кийим-кечектерди алып келемин деп, аттанып кетет. Кетеринде иниси Турсункулга тескейдин оту суюлуп кетсе, мен келгиче айылды көчүрүп, Эчкили тарапка бир ай ичи багып кел, *«кайын журтума дайындап койдум»,* – деп тапшырма берет. Ошондо эки короо кою, беш үйүр жылкысы бар экен.

Баягы болжогон күнү келип калып, айткан тапшырманы аткарып, көчүүгө камынып, Турсункул үйлөрдү чечтирип жиберет, беш үй экен, даяр болот. Аңгыча эле Шекер апанын эти ооруп калат, энелер кийлигишип, эсен-аман көз жарат. Баланы ороп-чулгап, энесин бооруна бастырып, жарыкта Талас суусунан Күнгөйгө өтүп алалы – деп,

шашылыш жолго аттанышат. Жаңы көз жарган эне жаны ооруганына чыдап тиштенип баласын өңөрүп келе берет ат үстүндө, суудан өтүп жаңы журтка түшөөрү менен экинчи эркек баласы төрөлөт. Көчүп келишкен эл өз аракетинде болушат. Төрөгөн эне эки бөбөгүн кучактап, төрөт каны токтобой, жан аракетинде болуп жатып эсин жоготуп коёт. Денесинде каны аябай азайып кетип, эртеси сүт чыкпай калат, эки күндөн кийин эки бала тең чарчап калат. Жерге берерде атын коюш керек болгондуктан: улуусун, эртерээк келгенин – Эдиге, кичүүсүн, кечирээк келгенин – Кедиге деп ат коюшуп, кара жерди томпойтуп көөмп коюшат. Ошентип күткөн кубанычтуу күндү кайгы каптайт. Эне болсо, ордунан араң отуруп турган абалда болот, бир табып сөрөй келип: «Төрөт кепер ысык болот» деп көк суугa (кайнак суугa аз гана сүт катыктайт ) отургузат, башка тамака тыюу салынат. Үч атка оокат, товар артып кубанычка шашкан Ата кырсыктуу күндөн кийин бир жумада келет, үйүнө кирип барса, аялы *«сүйлөбөйт да, укпайт, көк суу иче берип жеттигип, жыгылганы калган экен, чөгө түшүп мандайынан сүйсөм, муздай болуп муздап калган экен»* дечү эле атам ыраматылык. Көк сууну көрүп капаланып, тез арада бир семиз серкени союп апамды майлуу, жылуу териге ороп, шорпого тойгузуп, тамагын күчтөп багууга өткөрөт. Атамдын малга, адамга табыпчылыгы элге тараган эле. Колунан келген аракетин жасоого киришет.

Бир жылдан бери көңүлүн толкутуп жүргөн кубанычы тарап, эки наристесин бирге көмгөн мүрзөгө барып өксүп, *«менин пешенемдеги жазылганы бир уул, бир кыз турбайбы, мен шордуу турбаймынбы, жашоодогу негизги байлыктан куру жалак жаралган турбаймынбы»* деп өрөпкөп ыйлап турганын айтчу эле. Эчкилиде узакка турбай, Апелекке көчүп барат. Шекерде анчалык деле кубанарлык жылыш болбойт. Бир күнү күтпөгөн жерден Олуя-Атадан казак достору, аларга кошулуп Алакчын элиндеги кучакташкан достору болуп, *«көңүл айтып келели»* деп ат жетелеп, үйгө келип түшүп калышат. Кыйышпас досторунун келишкенине жетине албай, колунан келишинче сыйлайт.






*Соорокуловдор үй-бүлөсүнүн сүрөтү.*

*Сыргак Сооронкуловдун жаш кези.*

Бир трган Кашкары-Барак эли кошо жүгүрүшүп, сыр алдырбай конокторд узатышат. Ал эми келген кеткендер менен, алтурсун, алган-жуткандар менен эч түйшүгү жок Шекер байкуш тулганын бир бутун тиктеген бойдон мелтиреп олтура берет. Атамдын жаш кезинен жанаша өскөн Жадыра деген тарсылдаган коңшусу меймандар кеткенден кийин, байдын жанына келип отуруп: *«Куда кааласа, бай болдуң, кадырман болдуң, жолдош-жорону көп күттүң, досторуңду алыбыздын келишинче тейледик, болгону, кантсе да, аялын башында турса жарашат эле, Шекер байкуш узакка ооруйт окшойт, колуңдан келет, Шекерге жандооч алып кел, колунан келгендер кош никелүү болуп эле*

*жатышпайбы. Ботояр калдайдын кызы күйөөсүнө таарынып төркүнүндө олтурганына бир айдан ашыптыр, макул болсоң, барып сүйлөшүп келейин»*, – деп калат. *«Эртең жооп берейин» деп, сөз токтотушат. Эртеси эки тууган макулдашып алып, Улуу жолчуда отурган ботоярларга барып, таарынып келген келиндин агасы Шатман менен сөздү бүтүрүшүп, келин менен сүйлөшөт. Аты Айке экен. Он алты жашында сакоолордон Нусубалыга чыгып, эркек бала төрөп, аты Жолдошбек экен, эки жашында сууга түшүп кетип чарчап калат. Атасы «баланы карабай койдуң»* деп таарынып Аксыга кетип калып келбейт. Экинчи жолу ошол эле ботоярдан Жээналы уулу Өмүрбайга чыгып, анын биринчи аялы Багымкул деген экен, экөө батыша албай, баса берген экен. Жыйырма төрт жашка толуп, турмуштун ачуу-таттусун көрүп калган сүйкайган сулуу чалыш ургачы экен. Атам *«ар жолу сулуу аял алып, эч жакшылык деле көрбөдүм, буларга көз тийип кетет экен, албай эле койсом окшойт» деп, сөзүмдү буруп: «солкулдаган жаш чагың экен, мен болсо кыркма сакал, кыл мурут, кырктын жарымынан өткөн кезим болуп турат, эгер агаңдын сөзүн кыялбай эле макул болуп жатсаң, сырыңды айт, аттын башын убактысында бурушка мен даярмын» десем, «Кыл мурутуңуздан сылап, ошо бура турган атыңызга учкаша кетүүгө мен даярмын» деп күлө карап кишендеп алган» дечү эле. Ошентип, тиешелүү каада-салты менен калыңын төлөп алганын айтчу. Бул ишти оорукчан Шекер апа бир айдан кийин сезип: «Башка аял алыпсың го, мени неге жеткирип койбодуң, таарынбайм, ооруп калбадымбы»*, – деген экен, анда байы: *«тиричилигибиз чачылып, үй-жай башкарылбай, келген-кеткендер күтүлбөй бейсарамжал болуп кеттик, сонуркап алган жокмун, мени кечир, көңүлүңдү оорутпайт, үйүңөр бөлөк, ашканаң, чыгданың, эшик төрүң, коломтоң өз колуңда болот»*, – деп, Айкени чакырып үчөө отуруп бир казанга баш кошушуп жашоо жөнүндө сүйлөшүп, кучакташышып көрүшүшөт. Андан ары үч токур, бир бакыр болуп ынтымактуу жашашат.

Көп өтпөй Шекер апа куландан соо болуп сакайып кетет. Ал киши да ургаачынын аңдуусу болуп эки көзү бакырайган, ирeңи кыпкызыл, чачы капкара болуп согончогуна жеткен, байдын бүлөсү болгондон кийин кийген кийимдери боюна жарашкан, тамак-ашты, айрыкча, нан жасап бышырганда, даамына чыгарган, курбуларынын боорун катырган кызык сөздөрдү көп айткан киши болгон экен. Апаңар мындай айтчу эле дешип, кийин бизге да айтып берип жүрүштү жеңелерибиз. Жалгачы Кудай өзү жалгап, Шекер апа кош бой болуп, 1926-жылдын жаз айында, жыйырма үч жашында уулду болушат. Айылга дин жаатында эл аралап иштеп жүргөн аксакал Кожо келип калган экен, атам чакырып келип мейманчылап, сарпай кийгизип баласына ат койдурат. Азан чакырып, аты Умар болсун, ислам дини үчүн, адилеттик үчүн күрөшкөн, пайгамбарымдын нөкөрлөрүнөн болгон батасын берет.

1929-жылы Шекер апа дагы уул төрөп, «тойдогу элдин батасы тийди, дурус болду» деп, атасы Турусбек деп ат коёт. Эки апабыздын ынтымак-ымаласы жакшы болуп, убактысы келгенде, мамасын эмиздирип алат да кечке колунан түшүрбөй Айке апа эрмектейт. Он эки жылдан бери бала эңсеген байкуш өзү төрөгөндөй сүйүнөт. Шекер апа болсо, ден соолугу калыбына келип, тарсылдап тиричилигин жасап, куйкум сөздөрү менен укканды кубантып, кадимкидей чоң үйүн тейлеп кетет.

Бирок коомдук турмушта тынчтык болбой, кажылдаган орус элинин көчүп келишинин күн санап көбөйүшү Талас элинин тынчын алды, түз жерлерди айдап, жазгы, күзгү жайыттарды тарытып элдин макулдугун сурабай эле өздөштүрө беришти. Орустар каалаганын жасап, каяша кылган жергиликтүү элди уюша калып, сабап койгон учурлары көбөйдү, «опoломочундар» ошолорго жан тартчу болду. Чочколору сегизден, он экиден тууйт экен, аларды көбөйтүшүп, суулар-ды бойлотуп айдап жиберсе, ал арам нерсеге кыргыз жийиркенип жакындай албай, алар болсо барган жерин челе казып баткакка айлантып, ага чочколорун оонатып көрдөй кылып, ал чөйрөгө жылкы кошкуруп, уй мөөрөп, койлор

үркүп, ал тургай, андай көрбөгөн, көрдөй жаңылыкка ал кездеги иттер дагы жолобой качып кетчү экен.

Келгендер суу аккан өзөндөрдү, эгин эккен, мал жайган түзөндөрдү аз-аздан ээлеп, жергиликтүү элди төш таянтып сүрө баштаган. Бул меймандар «доспуз» деп келгени менен, жай замандын баскынчылары тура. Кең Таластын Үрмаралга окшогон берекелүү мекенин падышалык Россия немистерге алып бергени аз келгенсип, *«Кеңеш деген өкмөт калган чүйгүн жерлерибизди орус каапырларга алып берет окшойт. Булар менен кантип чогуу жашайбыз, жашай албайбыз. А жашабасак, кайда кетебиз? Мана атадан калган ыйык мекенибизди жатка берип, кайда тентип кетебиз? Жерибиз үчүн, элибиз үчүн, мекенибиз үчүн, өсүп келаткан балдарыбыз үчүн, ата-баба арбагы үчүн кара жанды курмандыкка чалышыбыз керек»* – деп, колдойгон калың Талас эли козголо баштады. Ак падыша замандагы болуштар, бийлер, молдокелер жаңы заман дооруна ыкталыша албай, эл арасындагы эр жүрөк азаматтарга, баатырларга таянышып, элден тапкан авторитеттерин пайдаланышып, Таластын баш-аягы байланыш түзө башташты.

Күркүрөгөн күздүн маалы эле, жыйын-терин бүтө жаздап калга маалда жакшылар дүрбөп «Алтыбайдын сазы» деген көк шибери көйкөлгөн, күзгүдөй тегиз талаага топтолушту. Чогулуштун аты Курултай экен. Бул курултай, айрыкча, биздин тагаларга таасири чоң болгон экен. «Мындан ары болуш-бий деген болбойт, бардыгы жаңыча болот, кандайча болорун күтүп турабыз, ким жаңы тартипке көнбөсө, өкмөт тарабынан камалат» деп чочуткан Совет бийлигинин саясатына моюн сунбаган таятабыз Бечел айылдын азаматтарын ээрчитип, Курултайга кетет.

1929-жылы ноябрдын орто ченинде таластыктардын кылкылдаган калың эл чогулган жыйыны өтөт. Чогулган элди аттан түшүрүп, сүйлөгөн сөзмөрлөр атка минип туруп сүйлөшөт. Таятам Бечел сүйлөп, Көнөк баатырдын Кытайга чейин барып кыргындарга катышканын, Тубай баатырдын Шыгай хандын аскерлерин баштап, калмактарды Кашкар-

дан ашыра кууганын, Эр Эшимдин ата өчүн кубалап, калмактарды Иледен өткөргөнүн айтып, чогулушка катышкандарды намыстантып, шердентип күүлөйт. Алардан башка да толуп жаткан журт башчылары чыгып, эл коргоп, жерибизге кирип келгендерди житире кууп, Манас атадан калган ыйык Мекенди эч кимге кор кылбай коргогондорун айтып, элди эрдикке, ар намыстуулукка, биримдикке, ынтымактуулукка, боордоштукка чакырышат. Азыр суук башталып калгандыгына байланыштуу, жаз чыкканда (1930-ж., апрели) жапырт көтөрүлмөк болушат.

Согуш ыкмалары учкай айтылып жатты, негизинен ата-бабалардан калган найзалар, айбалталар, табылышына жараша мылтыктар менен куралданып, Таластын башынан кирип этегине сүрө айылдарды орустардан тазаламай, каяша көрсөткөн кишилерди өлүм жазасына чейин жазаламай болуп сүйлөшүлдү. Ар айылдан жигит агаларын дайындап, жаштарды топтоп, алдыңкы чабуулга салмай, улуулар баш-көз болуп, артынан кошо жүрүшмөй болуп, көп нерселер сүйлөшүлдү.

Карыялардын айтуусунда он бир жыл өтүп кетсе да, эл арасында жаңы социалдык формаларды, совет бийлигин, эл бийлигин, элдин, коомдун келечегин түшүнгөн адамдар аз болгон. Алар элге түшүндүрүүгө үлгүрө албаган, кыргыздар мурда көрүп, билбеген орус элинин каптап келишин жат көргөн, каршы кабыл алган, алар да жат кабыл алган, чатак чыккан жерде мылтык колдонушкан. Ошондуктан элдин максаты жат элди киргизбей, келгендерин айдап чыгаруу, мекенди коргоо болгон.

1930-жылдын башында большевиктер партиясынын коллективдештирүү саясаты кызуу башталып калды. Байлардын малын ортолукка деген шылтоо менен «ополномочтор» талай баштады. Байлардын миңдеген койлору болсо, бүкүлү менен алып коюшкан, аларды баккандар дагы жабыркаган, алгандар менен алдыргандар чатакташкан. Жылкыларды, уйларды, төөлөрдү айдап кетишкен, каяша көрсөткөндөрдүн өздөрүн кулакка тартып, соттоп Оренбургга айдашкан.

Алтыбай сазындагы курултай чечими боюнча белгиленген мөөнөткө бир жарым ай калганда, өрөөндө тополоң чыгып кетти. Саруу калкынын негизги бөлүгү болгон Айтамга, Жети уруу эли козголо баштады. Курултайга катышкан орустардын келишине каршы башчылык кылган адамдардын тизмесин түзүп, куугунтук башталды. Эл тарабынын «баарыбыз баш кошуп ынтымактуу болсок, Талас жерибизди бөтөндөрдөн тазалап алабыз» деп дуулдап жатышты. Ошентип кызуу кандуулукка алдырып, 1930-жылдын март айынын башында НКВДнын бир топ жоокерлери башчыларды кармап келишке аттанып баратышканда, айтамга, жети уруунун төрт жүздөн ашык жигиттери Таласка бет алды. Үч топко бөлүнүп: бири НКВДга, бири кантондун мекемесине, бири түрмөнү басып алышка чабуул коюшту. Бирок максаттарына жетише албады, булардын келатканынан кабардар болуп турган органдын солдаттары мыкты куралданып, даярданып турушкан экен, алдыңкы эле түрмөнүн алдында пулемёттон ок менен тосуп алышты. Чабуулчулардын астында келе жаткан баш болгон төрт адам окко учту, үчөө жан берди, бирөө жарадар болду.

Ошентип, Алтыбай курултайында баталашкан максаттар ала тополоң менен башталып, төрт кишинин каны менен бүттү. Түрмөдөн алыстап кетелекте элдин пешенесине калың туман басып калбаганда, пулемётчон орустар куралсыз элди түгөтүп коюшу мүмкүн эле дешчү карыялар. Айтамга, жети уруу артын карабай айылдарына тарап, жашырынганы жашырынды, куугунтукка учураганы «ач, Ала-Тоо койнуңду» деп качкынга айланды, ошондон баштап бул калдайган калың эл басмачы аталды, бирөөнүн бир нерсесин басып алмай кайда, кара жанды карч уруп, тоодон-тоого ач-жылаңач урунуп, ыгы келсе – табышып, келбесе – эчкидей болуп аскаларга жашынып, жан сактамай. Жаманатты жашырыш кыйын экен, бир кылымга жакын убакыт өтсө да «силер басмачысынар» десе, «ооба» деп башты шылкыйтабыз.

Миңдеген кишилер түрмөгө түштү, канчасы өлүп, канчасы калганына эсеп жүргөн жок, качып жүргөндөрдүн

канчасы окко учуп, канчасы ачкадан өлүп, канчасы түштүк тарапка ооп кетип жансактаганын да эсепке алган эч ким жок. Убакыты өткөндө унутулаары чын экен. Алтыбай курултайы сөз болуудан калды, катышкандар барганын, бакылдап сүйлөгөндөр сөзүн танды. Кайран кыргыз, Совет өкмөтүнүн чакырыгын аткарып уюшулган топтор, баканоздор күчөдү. Бир жакадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгарып «басмачыларды» жок кылышка өтүштү, алардан жер жүзүн тазалаш «багытына» өтүштү. Атамды да суракка алып, Таластын түрмөсүнө камап коёт.

Атам Талас түрмөсүндө жыйырма эки күн олтурат. Башоту жок дооматтарды айтып сабай берчү экен. Камактан азаттыкка чыгып, Шекер апаны ээрчитип кайната-кайнагаларына ызатын жазатып, куран окутуп келишти. Ошол жерде дагы байбичесинин кайгыны көтөрө албай шакыйы кармап калды. Ошондо жеңелери, эжелери: «Бул эжебиздин кайгыдан боору эзиле берип жукарып кетти. Элибизди кайгы менен азап каптады, айрыкча, ушундай боорукер байкуштардын бөздогону басылбас болду. Деги мындан ары бул кишини кайгылуу жерлерге алып барбай эле коюңузчу», – деп суранышты. Эл ичинде Таласты орустардан бошотмой деген опурулган ураан таптакыр өчтү. Орустар Волгадан жана башка жактардан Ысык-Көл, Чүйгө кандай каптап кирсе, Таласка андан бетер жер тандап жайланышып жатышты, орус улуту мамлекеттик коргоого өттү, кыргыздар эки кишиден ашык баш кошуп сүйлөшсө шектүү деп таркатылды.

Совет бийлигинин келиши, социалисттик системанын байырланышы Талас өрөөнүндө, айрыкча, биздин Ленинполь районунда салыштырмалуу татаал болду. Социализмдин жарылып чыккан жери Орусия экен, калгандары ага колония экен, орусту жериген Алтыбай курултайынын жоругу бүтүндөй Орусия бийлигинин көңүлүн бурду. Ал эми күнөөлүүлөрдү аныктоодо түрмөгө чабуул койгондордон башкалар эч нерсени моюнга алышпады, Айтамга – Жети уруу элинен башкалары Алтыбайды көрө элекпиз дешип, алиге чейин эч ким моюнга алышпайт. Ал турсун, борбордон

келген аскерлерге кошулуп кызмат кылышып, кайсы айылда кандай сөздөр бар экенин жеткиришип, шектүү кишилердин тизмелерин беришип, аларды артынан кубалашып кармашып, түрмөгө салып жатышты. Колхозго каршы болуп малын бербегендер, эскини эңсегендер, совет бийлигине жат элементтер дагы башка шылтоолор менен бала-чакасынан ажырап, камалып дайынсыз кеткендерди эч ким издей албады.

Алтыбайдагы курултайга катышкандардын артынан куугунтук узакка жана катуу жүргүзүлдү. Кадимки тап күрөшүндөгүдөн болуп, убактысы келгенде кек кууйт, өч алат дегендей тизмеге киргендердин бала-чакаларынын да көзүн тазалоого аракет токтободу. Тагдырдын татаал мезгилдери курчап өлгөндөрдөн калган тагаларыбызга өкмөттүн куугунтугунан калкалаш зарылчылыгы калды. Ала-Тоону ашып Аксыга корголош чечимине келип, үч күнү жол жүрүп Аксынын Карасуу деген жеринен жай таап, жек-жааттарга корголоп калды. Алар жөнөп кеткенден кийин бүткүл өрөөнгө белгилүү болгон кайратман сөзмөр Бечелдин журту сыйпалып, керегеси жайылбай калды. Күнү-түнү төркүндөрүн ойлоп, талаада калгандай аңгырап боорукер Шекер апанын боору эзилип жакшы кургабай калды. Инимди, синдимди сагындым, апамды, агамды көргүм келет, Аксыга мени алпарып кел деп, байынын тынчын алып, акыры макулдугун алды. Ошентип, эл жатакка чыга баштаганда, маймыл жылы жазында Сыргакбегин көкүрөк сүттөн чыгарып, келини Уулбай апага тапшырып, кайниси Турсункулдун коштоосунда Аксыга жол тартты. Жоготкондорун Аксыдан таап алчудай жортуп-желип, эки күндө Атойноктон Өкүнгө ашып кирип барышты. Элинен алыстап, жортунан адашкан өңдөнүп, алар да жакшы көнө албай жүрүп, эми жыл айланганга чейин кичине үйрөнчүктөп көнө башташкан экен. Чоңдор кучакташып көрүшүп, кичүүлөрү өбүшүп, жыттaшып, айрыкча, Шекер апа кумардан канып, көңүлү ачылды. Үч түнөп кайтышка макулдашылган экен абышкасы менен, Аксыга барып боордошторунан жыт алышкандан кийин, ажырашкысы келбей: *«Эми бир айга жетпей жай-*

*лоого келесиңер го, ошондо Атойнокко жетип барайын, анын үстүнө кичинекейим жаңы эле көкүрөгүмдөн бөлүндү эле, жайлоого келгиче түнүлүп калат»*, – деп, өз чечимине кайнисин көндүрүп Таласка жөнөтүп жиберет. Кийинки эле күнү эртең менен кичинекейлерин сагынып калган Шекер апа ошолор менен каткырышып күлүп бала кыялданып жатканын өзү да байкабай калыптыр, үйдүн короосунун эргенчегин ачып эки киши кирип келди. Шыңкылдап күлүп аткан сулуу аялды тиктеп туруп калышат, чоочундардан жазганып үйгө кирип кетишет. Эртеси күнү эртең менен күн көтөрүлүп калганда бир аттуу киши кой өңөрүп келип, эшиктин алдына токтотуп: *«Ой, жээн! Эшикке чык!»* – дегенинен аттан түшүргөн койду шашып короого байлайт. *«Бул эмне деген кой?»* десе, *«Селсевет кече ушу жерде жүргөн сулуу келинге нике кыйдырам деп жатат. Өзү түштөн кийин молдону ээрчитип келет, андан көрө жардамдаш койду союп коёлу»*, – дейт. *«Эй, тага! Андай болбойт, келгенине үч эле күн болду Таластан! Үч баласы, атактуу эри бар! Сурабайсыңарбы?»* – десе, «аны «селсевет» билет да, балдарын алып келип бала кылып багып албай жаны жокпу», – деп койду союп коюп кетип калат. Ниязбек таяке, эжесине айтат: *«эми кантебиз «качкын» деген ушул экен да бөлөк эл, бөтөн жерде ким жардамдашат? Айтканын аткарбасаң, качып келди «качкын» деп каматып салат» деп айласы түгөнөт. Анчалык деле отурукташып кеткен жери жок, текшерүү, көзөмөл көп, качан кимиси байлап кетет дешип ар таңды кооптуу аттырышат».*

Шекерди болсо шор басты, бакырайган көзүнөн булак болуп жаш тыйылбай калды. *«Мен ушул жерге ашуу ашып, эрге тийгени келипминби? Өлгөн ата-энелерим, бир туугандарым, балдарым эсимен чыкпай, чүнчүп, кыйналганымдан, жалгызданбай силерди көрсөм тыңып кетермин деп келбедим беле? Эми шорум кайтпадыбы? Мындайды билгенде кечээ эле кайним менен кете бербейт белем? Бөбөктөрүм менен ойноюн дебедимби, омурткам сынарын кайдан билдим? Элден ашык болгон эримди таштап, оймончоктой болгон үч баламды бозортуп, акыга келип*

*«селсеветке» тиемби? Эрге тийгиче, жерге тийейин! Мени «селсевет» келгиче белден ашырып кой, түнү менен мени жоготуп кайра келип кал»*, – деп эжеси чамынып кийине баштады.

*«Эже, азыр суурлар чыга элек, карышкыр күч… сиз менен барсам, ал жактагылар кармап камап таштайт, анда булар эмне болот? Сизди жалгыз жөнөтсөм бүгүн эле түнү карышкырлар талап кетет»*, – деп, мүшкүрүнүп отурду. *«Тур, атыңды току, мени Өркүндүн белинен ашырып коюп кайра келип калсаң, эч нерсе дебейт. Кечээ эле мага айтпастан кетиптир»,* – деп айт. «Сиздин тагдырыңыз не болот? Кантип кетесиз», – десем, *«Менин тагдырым «селсеветке» тийгенден түзүк болот … Бол, эрте»,* – деп Шекер апам күйүп-бышып шаштырып боордоштору менен кучакташып, өбүшүп, ыйлап-сыктап коштошуп, жолго чыгышка аргасыз кылды дечү эле Ниязбек таякем. *«Тору быштымды токуп, Шекер апама мингизип алып, экөөбүз унаалуу-жөө ээрчишип түш оогондо жолго чыктык. Жолдон кара талдын түпкү бутактарынан таяк кыйып, аппак кылып аарчып, таянып алдым, жүрүп отуруп каш карайганда акундун белинен түштүк. Шекер апа: «Болду эми кете бер, эч кимге көрүнбөй, караңгыда үйүнө кирип кет»*, – деп колумдагы аппак таякты алып, мени узатты», – деп айткан таякем.

*«Ат ордуна ак таякты колго алып а, кудай өзүң колдо»,* – деп апам ылдый шакылдап жүгүрүп жөнөйт. Караңгы киргенден кийин эле торпоктордой болгон эки карышкыр ээрчип алышат. Тиштерин шакылдатып кыйла эле жакындашып келип, анан кайра канткени менен адам баласына, анын үстүнө колундагы ак таяктан чоочуп кол сала албайт. *«Адегенде коркконум менен адамдын денеси өлүп калат окшойт, акырындап үйрөнүшүп калдым, Торгой төбөгө келгенде, таң атып кетти, жарык киргенде, алар алыстап кетишет экен. «Жеңем түйүп берген биртке оокатым бар эле, аны басып жүрүп эле жеп келе бердим, отурсам эле бир балекет басып калчудай канчалык кайраттансам да, коркуу сезими сакталып кала берди. Эки*

*түн, эки күн жол жүрдүм, жайлоого эч ким каттай элек кези экен, Ниязбегим жасап берген ак таягым жан шеригим болуп бөрүлөрдөн да сактады. Узак жолдо басканыма да туруктуу өбөлгө болду»*, – дечү экен.

*«Экинчи күнү күүгүм кире баштап, Беш-Көлдүн белине келгенимде, баягы эки шумшук күлгөн өңдүү ырсайышып, артымдан кайра пайда болушуп калды. Көрсө, мага көрүнбөй алар деле келе беришкен экен. Адаттарын карматып улам ынтылып коюшат, мен дагы адатымча чаап таштачудай тап берип коёмун. Айрыкча, жол ойрумаларында жоолашкандар жакындашып калыштын шарты бар экен, ошол учурларда шашып калып жаттым. Анчалык деле далбастап, бакырып-өкүрүп өзүмдү жоготпогондугум, кайраттанган сергектигим, бөрүлөрдүн курчоосуна түшсөм да, «селсеветтин» жайган торуна түшпөй кутулганым кубаныч алып келе жатты»*, – дечү экен раматылык апам.

Ээрчип келаткан немелер Беш-Көлдүн ойрумасынан сайга түшкөндө, токтоп калышканда, түш ооп калган экен. Балээден кутулгандай чымылдай Беш-Көлдүн оозуна жетип, оң жагын караса, Табылгытыдан бир аттуу киши түшүп келе жаткан экен. Ээн тоо арасынан эрбеңдеп жүргөн жалгыз аялды көрүп чоочуп кетип, бастырып келип жай сурашат, аял киши отура калып өксүп-өксүп ыйлап жиберет. Ахывалына кыскача түшүнгөн аксакал киши, болбой жатып атына мингизип өзү жөө басат. Көрсө, ал киши көчүп келиш аракетинде ата-бабадан калган жайытын көрүп жүргөн атамдын жолдоштөбөт элиндеги таякелеринен экен. Биздин айыл Апелектин оозундагы эски короодо отурушчу экен, жайлоодон жолугам деген киши төртүнчү күнү кечинде, эшиктин алдына аттан түшүп калат.

Жаңы басып жүргөн Сыргагын көтөрүп, Умар жүгүрүп келет, артынан Турусбеги келет. Үч кулунун өпкүлөп, жыттагылап атып, эсинен танып жыгылып калат. Ошол бойдон эки жылга өзүнө келе албайт, көп сүйлөбөйт, сүйлөсө да, дайыны жок нерселерди айтып күлө берчү экен. Андан ары мурда болуп көрбөгөндөй ахывалга жетип, жолго чыгып

өйдө-ылдый жакка басып кетчү болот. Көбүнчө ачуусу келип кыжынып, *«окшошкон карышкырлар»* деген жемени көп жолуккан адамдарга коркунуч туудура баштаганда, үйүбүздүн бир бөлмөсүнө камап коюшчу болот, анда айнекти, эшикти койгулап сындырганга чейин барат. Акыры тажаганда короодо буудай көөмп сактаган, үч метрче терең кенен оробуз бар эле, ошого түшүрүп койсо, чыгалбасына көзү жетип, отура берчү. Тамакты ошо жерге алып барып беришчү, бир жолу арткан тамагын Умарды чакырып колуна карматып курсагын ачкан жокпу? – деп айтканын баласы алиге чейин айтып жүрөт. Эне деген асылзат, кандай кырдаалда болсо да, бала деген немеге эзилип күйүп турат экен го. Колунан келген аракеттерин жамап, молдо бакшыларга окутуп жүрүп ит жылы 1934-жылы күзүндө акылына келип Шекер апа сакайып кеткен экен. Балдары үчүн башын сайып, алардан башка нерселер көзүнө көрүнбөй, бардык жакшылыктардан кечип, көрбөгөнү көр болгон эненин садагасы кетсек аз эле, бирок, үлгүрбөдүк. Ошол бойдон Шекер апа сакайып кетти, башынан өткөргөн мүшкүл иштерин жомок кылып айтып берчү экен. Жашоонун жаңы барактарын ачып, арабызда жүргөнүнө жакындарынын баары кубанчу.

Күлүк чабууга кумарланган саяпкер, оорусун сакайткан доктурчулугу бар эле, ал эми апам болсо, абышкасына жардам берип кошо иштешет эле. Андан башка тамак-аштын милдети толук ошол кишинин мойнунда эле. Айке апабыз болсо, баарыбыздын кийим-кечегибизди тигип, жыртыгыбызды жамап, эскибизди жаңыртып, иштермандыкты мойнуна алган иштүү киши эле. Алтурсун, айылдагы туугандарыбыздын тебетей, такыя, көйнөк – шымдарын колго тигип кийгизип койгондон ыракат алып, алардын сыйын көрөт эле. Ошентип, бактылуу эле тынччылыкта жашап турган биздин үй-бүлөнү кырсык чалып, бактыбыз башыбыздан тайгандай болду.

***Туйгун качты. Булбул учту.*** Ал мындай болду. 1936-жылы болчу. Ата-энелерибиз орозо кармашкан. Үч күндөн кийин айт болот деп, даярданып жатабыз, мингичтерди

бөлүштүрүп, айт эрте эле келсе экен деп шашабыз. Айке апабыз биздин фабрикабыз, баарыбызга бирден ак көйнөк тигип кийгизди, бирден тебетей жасап берди. Эң жакшысын Турусбек киет, анткени ал Айке апанын баласы, кичинесинен баккан, эмчектен жыл маалына жеткирбей эле чыгарып алган. Сегизге чыкты, энеси жалгыз баласына жалбырак болуп турат, өзү да баарыбыздан татынакай, жүргөнү да чыйрак, тыкан, ата-энеси жана башка кишилер менен ошолордун денгээлинде сүйлөшөт, акыл берет, көзүнө көрүнгөндү жамактап төгүп ырдайт, башка жактан кишилер келгенде, атасы *«эшикке чыкчы, тигил жакка барчы»* – деп, сүйлөштүрбөй корголоп турчу, антпесе сөзүн уккан кишилер таң кала берчү. Тили жаңы чыгып келатканда, батышты карап: *«Туу…туу… апа тарс…»* деп ыйлап, ошол жактан биздин айылды солдаттар каптап келерин жарым күнү мурун билген. Бир күнү Малайбек деген жездебиз жылкы кайтарчу экен, жамгырга суу болуп, эшиктен кирип оттун боюнда олтуруп калса: *«Оой, байкуш жездем … шөмтүрөп суу болуп калыптыр, сиздин тайыңыз дагы көпүрөнүн жанындагы шаркыратмага түшүп, өзүңүздөй болуп шөмтүрөп суудан чыгалбай турат, барбасаңыз өлүп калат»,* – дейт, анда жездебиз *«кандай эле силердин көп тайыңардан өлбөй, менин жалгыз тайым өлөт экен, өлбөйт-этпейт, сууга деле түшпөйт»*, – дейт, анда кайын атасы: *«Ой, Малабек, тез жөнө! Бул жөн эле сүйлөй бербейт! Чаап жет …кечигип каласың»* деп шаштырат. Атын чаап жетип барса, айтканындай болуп, баягы айткан жерине түшүп суудан чыгалбай титиреп турган болот. Чыгарып жетелеп келип кургатат. Бир жолу үйдө олтуруп эле: *«Апа, сенин бутун ооруйт, анан баса албай каласың, анан Сүйөркул таажездем жылкы соёт, мен этинен, казысынан алып келип жараңа тартам, сага ысык шорпосун ичирем, анан жаран жарылып айыгасың»*, – дейт. Апасы *«эмне дейт, кайдагыны айтат»* деп, үрөйү учат, бирок көп узабай эле, айтканындай турмушунда болуп өтөт. Айке апанын эки жерине сыздоок чыгып, ордунан тура албай калат. Баласы айткандай болуп таажездебиз жылкы союп,

ошонун этинен казысынан алып келип жарасына тартып, шорпо ичирип, беш күндө ордунан турат. Ушундай учурлар абдан көп болуптур, ата-энеси айтчу эмес экен.

Ошентип, айтка карата Айке апабыз Умарга суусардын кара кылканынан терип, кийинки жакшынакай жерлеринен тандап, өзүнүн баласына, анан кесиндилерин бору төшү тарабынан чогултуп Сыргакка, баарын кызыл баркыт менен тыштады. Үчөөбүз тең кийип алдык, жарашып эле калды. Мен Шекер апама көп байырлачумун, кичүү баласы ошондой болот тура. Ал киши мени карап туруп: *«сенин тебетейиң, көйнөгүң дагы тигилердикинен жакшы экен»* – деди, мен мактанып нары-бери басып калдым, ошол учур дайыма эсимде. Биз күткөн таң атты, айт келди, анда айт абдан шаңдуу болчу. Аттуу-жөөлүү болуп Маданият деген чон айылды кыдырчубуз, тестиер балдар башка айылдарды да айттап, баштыктарды толтура боорсок, нан, эт, кант алып келишчү, ар кимибиз баштык көтөрүп алчубуз. Атамдын бөлүштүрүүсү боюнча Умарга жорго кунаныбыз, Турусбекке тору кашка атыбыз, атам экөөбүзгө кашка бээбиз токулду. Күтпөгөн көрүнүш болуп кетти. Эми жөнөйбүз деп турганда, Турусбек айныды, *«айттабайм, апамдын жанында олтурам»,* – деп, көшөрүп калды. *«Ушунча күндөн бери даярданып алып, барбай үйдө олтурмак белең?»* – деп апасы жалынса да көнбөдү. Акырында, барасың деп, апасы эшикке колунан кармап сүйрөдү эле, «*барбаймын, жаныңда олтурамын»* деп немис достору жасап берген эшиктин жыгач кармагычын кармап алып, тырышып коё бербей ыйлаганы алигиче көзүмө элестей берет. Акыры чогубуз менен айтташты чечтик. Атабыздын даярдыгы боюнча аттандык. Турусбек чатагын бүтүрүп, жаркылдап, күлүп ойноп калды. Апасы атка көтөрүп мингизип, бетинен өөп коштошту. Эне-бала өтө ысык жашашчу эле, ээрчишип эле турчу.

Айттын расмии боюнча үйлөрдү кыдырып, куран окутуп батаны бетке сүртүнүп, ар үй-бүлөнүн шартына жараша даярдаган даамдарын татып жүрдүк. №1 бригадада жашаган Медетбек деген тууганыбыздын үйүнө барсак, кечээ

тоого барып бир короз Улар атып келиптир, кантип атканын айтып берип жатты. Анын сөзү бүткөндө, биздин Турусбегибиз ал кишинин сөзүн ырга кошуп, төгүп ырдап жатты, кээ жерлери эсимде калыптыр:

*«Айры белдин башына аткыч Мекем барыптыр,*
*Андып журуп улардын атасын атып алыптыр,*
*Күндө чөпкө тойгузуп, Кудайым өзү багыптыр,*
*Качып кетпей Мекемдин кароолуна түшүп калыптыр,*

*– деген сыяктуу, тууганчылыкты эске алып, атам экөөбүздүн канжыгабызга байлап береби?»* дегендей сөздөрү бар эле. Кыскасы, кыргоолду бере тургандай кырдаалды түздү окшоду. Мекем илинип турган кыргоолду алып келип, Турусбекке кучактатты, отургандар кубаттап күлүп калышты. Ошол жерде олтурган Акылбек деген киши: *«Ой тооба, Сакемдин ушул баласынын оозунан ыр деген неме куюлуп турат, сөзүнүн курчтугу кылычтай, ушундай кичинекей акынды биринчи көрүшүм»* – деди эле, Эрдеш агабыз: *«Ай, этияттап сүйлөгүлө, назарынар түшөт, жаш бала назик болот, анын үстүнө бул бала өнөр ээси ...аман болсун»* – деп, сөздү кыскартты.

Кыдырып жүрүп кечке маал айылга келип калдык. Атамдар үйгө кирип кетишти. Ангыча Турусбек байланып турган биздин бээни чечип, мен ойноп турган жерге жетелеп келди да *«кел, мени атказып койчу»* деп мага кайрылды. Мен бир бутунан көтөрүп атказып койдум, жолго чыкты, бизди үйдү карай желдирип кетип калды. Бир аздан кийин атамдар үйдөн чыкты эле, мен анын кеткенин айттым эле, *«ээ... ал ошентет энесине жакындап калбадыбы, качты да, чыдабайт»* деди. Андан кийин Сүйөркул таажезденин үйүнөн айттадык да, кеч болуп калгандыктан үйгө бардык. Кудай бетин көрсөтпөсүн, үйдүн ичи topoлоң, Айке апам чырылдап ыйлап жүрөт, Турусбек дагырага окшуп атат, кусундусунун жарымы кан болуп түшүп жатат. Бир убакта Шекер апам үйдүн кире беришиндеги кемегенин оозуна шам жакты эле, шамы өчүп калды ... *«Оо шоруң курган, Айшанын шору курат окшойт»* деп, акырын айтты да, эчкирип ыйлап басылды.

Ал кезде доктурду ким көрүптүр, медицина дегенди уккан эмеспиз, ар кандай ыкма менен колдон келишинче ырымдап жатышты. Эч нерсе өзгөрбөдү, ата-энелерибиз өкүрүп-бакырып ыйлап сооронушту, биз да ыйладык, денесин жуурканга ороп коюшту, эс акылынан ажырап, Айке апа турбай жатып калды. Шекер апа эшикте ыйлап жүрдү. Атам болсо, көз жашы кургабай тиешелүү кишилерди чакыртып жатты. Ошол элдин баары кубанычта жыргап жүргөн айт күнү биздин үйдү шор басты. Топураган журтту жарган булбулубуз учуп кетти. Ошентти, атам: *«булбулум учту»* деп ыйлады. Айрыкча, энелерге кыйын болду. Айке апа ордунан бир аз туруп, кайра эле эсин жоготуп коюп атты. Шекер апа ордунан козголбой эле баласынын аягында олтурду, көңүл айткандардын сөзүн угушка кудурети жетпеди. Андагы биздин үйгө түшкөн кайгыны толуктап жазууга азыр дагы мага оор. Сөөгүн атка өңөрүп барып жогорку Кара-Коого коюшту. Атама учкашып барып, мен да катыштым. Эртеси эртең менен Айке апаны төшөгүнөн таппай калдык, көрсө, таң ата электе барып, баласынын мүрзөсүн кучактап жатып алыптыр, ал жер үйдөн төрт чакырымдай ыраакта. Атам чапкылып барып алып келди. *«Эмне кеттиң, уят эмеспи» десе, «мага ошол жак жылуу экен»* дейт.

Ал эми атасы болсо, илгеркидей болуп сүйлөбөй, санжыра деле айтпай калды, тунжурап эле ойлонгону көп. Бир жолу Акжол деген акебиз келип куран окуп, анан атама карап, көп кайгыра бербей бел бууңуз эми, калган өмүрүн мына бул балдарыңызга берсин Кудайым – деп көнүл айтса, атам: эми айла канча Акжол иним... булар экөөбүзгө окшогон урук болоор балдар, ал тиги башкача бала эмес беле, белди сындырып кетти, эки энеси тең акылына келбей жатат – деп, сүйлөшкөн сөздөрү алигиче көңүлүмө жат болуп калыптыр.

Өз эненин күйүтү башкалардын сезиминен күчтүү болот, Шекер апа Турусбектин күйүтүн көтөрүп кете албады, баягы илгерки эгиз төрөп каны агып калгандагы ахывалды кабыл алып, мелтиреп олтура бериш, көнүмүш жашоо болду. Балдар менен ойноп кетип курсагың ачып келсең

деле, апаң ордунан козголбойт, а Айке апа үйдөгүлөргө тамак берип көнгөн эмес, тигил күндөшүнүн таштаган иштерин колго алышка кудурети болгон жок, өзү чамасы ошондой эле. Шекер апа алты айча ооруп жатып, бир күнү пендечилик кылды, баласынын жанына алып барып коюшту. Биз болсо, эки баласы жетим калдык. Үйрөткөндөргө макулбуз, ким төрөдү десе, Айке дейбиз. Жетим болгубуз келбейт, бирок жетимбиз.

Шекер апанын кыска, кейиштүү тагдыры өткөн замандын катаал шарттарында жашап, оор азап-тозоктуу өмүр кечирген бир аялдын гана турмушун эмес, ошол доордогу бардык кыргыз аялдарынын жашоо-тагдырын көрсөтүп, бүтүндөй элибиздин трагедиялуу басып өткөн жолун чагылдырып турат.

# «ТОТАЛИТАРДЫК ӨТМҮШКӨ КАЙРА КАЙТЫП БАРАБЫЗБЫ?» ЖЕ РЕГИНА ХЕЛИМСКАЯНЫН КЕРЭЭЗИ

*Айгүл ӨМҮРКАНОВА*

***Бишкекке «Кыргызстанда 1918–1953-жылдар аралыгында болгон саясий репрессиялардын курмандыктарына» деген жазуусу менен Ысык-Көлдүн кара гранитинен таш эстелик коюу керек. Ал Москвадагы Соловецкий ташы жана Киевдин борборундагы Голодомордун курмандыктарына арналган эстелик сыяктуу болушу керек. Ал эстелик таш азыркы «Достук» үйүнүн жанында болгону оң. Себеби Сталин доорунда анын жер төлөлөрүндө камалгандар атылган камералар жана ошо кездеги кадимки түрмө камералары жайгашкан. Чоң-Таштагы «Ата-Бейитке» гүл коюу үчүн, ал жакка бардык эле адамдар бара алышпайт. Бишкектин мэрлери таш эстелик орнотууну убада кылышкан, иш анын ордун тактоо баскычына чейин жеткен, бирок, тилекке каршы, ошол бойдон токтоп калган. Эми эмне биротоло токтоп калабы? Саясий маданиятыбыздын төмөндүгүнө уялар киши болобу?».***

***Регина Хелимская, журналист***

Регина Хелимскаянын бул айткандары өзүнүн маанисин ачык эле түшүндүрүп турат. Хелимскаянын документалдуу баянынын фонунда менин ал тууралуу жазууга аракет кылгандарым ашыкча жана апокрифтик мүнөзгө гана ээ болуп калат. Бир гана нерсени жазбай кетсем болбойт. Кызматташтары анын бир иш жыйындагы мындай диалогун эскеришет:

– Хелимская, сиз журналистсиз да! Командировкаларга барып иштешиңиз керек. Эмне үчүн качып барбайсыз?

– Анткени редактор командировкага өзү менен гана барышымды талап кылат!

Бул жетекчисинин артынан эмес, редакциядагы бардык кызматкерлердин көзүнчө айтылат. Андан кийин жетекчини, коньяк менен өзүнө келтиришкен деп айтышат. Регина Хелимская журналистикага бул кесип эркектерге ылайыктуу деп эсептелген учурда келгенине карабай, бул кесиптен өз ордун тапкан.

Хелимскаянын эң негизги китеби – «Чоң-Таштын сыры» эмгегинде ал окурмандарга мындайча таанызштырылган:

«Регина Хелимская Ыраакы Чыгышта чек арачы офицердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик университетин жана М. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин аспирантурасын бүтүргөн. Теле-маалыматтар, даректүү тасмалар жана этностор аралык мамилелер боюнча макалалардын жана китептердин автору. Бишкекте жашайт.




*«Чоң-Таштын сыры» китебинин мукабасынын жана анын авторунун сүрөтү.*

Бул чакан, бирок маанилүү китептин аннотациясында: «Китеп реалдуу окуялардын изи менен жазылды: 1991-жылдын жайында Кыргызстандын борбору Бишкектин чет жакасында адам сөөгү көмүлгөн массалык көрүстөн табылган. Чоң-Таштын сырлары жөнүндө «Слово Кыргызстана» гезитине жарыяланган макалалар сериясы коомчулукта кеңири кызыгууну жаратты. Республика тургундары акыры өздөрүнүн аталары, күйөөлөрү, бир туугандары жана көптөгөн улуттагы адамдардын болуп көрбөгөндөй

террордун курмандыктары болгон тагдырлары тууралуу чындыкты билишти. Автор күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнө жана архивдик маалыматтарга таянып, жарым кылым мурдагы окуяларды калыбына келтирди. Китепте мурда жашыруун болуп келген документтер жана республикалык НКВД-КГБ[1] архивинен алынган материалдар, буга чейин белгисиз болгон сүрөттөр алгач жолу жарыяланууда», – деп айтылат.

***«Кандай болгон?».*** Тарыхый иликтөө. Маалыматтар 1991-жылдын 15-июнунан баштап республикалык «Слово Кыргызстана» басылмасында жана «Жума аягында» тиркемесинде «Чоң Таштын сыры» аттуу жалпы темада «Кандай болгон?» рубрикасы менен жарыяланып турган. Макалалар китепке дээрлик өзгөртүүсүз жана ошол эле тартипте киргизилген. Журналисттик иликтөө учурунда маалыматтардын булагы күбөлөр, каттардын, күндөлүктөрдүн, оозеки маалыматтардын сактоочулары, бул ишке байланышы болгон түрдүү адистер болушкан. Албетте, мамлекеттик мекемелер жана архивдер да колдонулган.

Регина Хелимская өзүнүн материалдарында бул эки топтон келген маалыматтарды чеберчилик менен айкалыштырган. Ал репрессияга кабылган адамдардын жакындары менен жолугушкан, археологдор, криминалисттер, тарыхчылар жана КГБ кызматкерлеринен маек алган, архивдик документтерди, репрессияга кабылгандардын иштерин, арыздарды, даттанууларды, айыптоолорду, указдарды жана чечимдерди изилдеген.

Бул иликтөө болгону оозеки айтылган сөздөн башталган.

***Керез – мурас.*** 1930-жылдары НКВДнын Чоң-Таштагы дачасында күзөтчү болуп иштеген Абыйкан Кыдыралиев 1973-жылы улуу кызы Бүбүйрага дачанын аймагында, кирпич бышырган мештин ордунда аттууга кабылган жүздөгөн адамдардын сөөгү жаткандыгын айткан.

1980-жылдардын аягында гана Бүбүйра Кыдыралиева атасынын керээзин аткарып, 1938-жылы өлтүрүлгөндөрдүн сөөгү ташталган жерди көрсөтүү үчүн ишенимдүү адамды издөөгө киришкен.





*Буга чейин Бүбүйра Кыдыралиева КГБнын капитаны Болот Абдрахманов менен жолугат. Ошол жолугушуудан кийин Болот Абдрахмановго СССРдин Ички иштер эл комиссариатынын кызматкерлери тарабынан XX кылымдын 30-жылдарында жасалган иштерди сөздүн түз маанисинде казып ачыкка чыгарууга туура келген.*

*«...Үч бөлмөдө тең столдордо, шкафтарда адамдардын баш сөөгү тизилип турат. Ал баш сөөктөр Чоң-Таштагы «көрүстөндөн» чыкканын ар кыл өлчөмдөгү ок оюп кеткен жерлеринен байкоого болот. Ок чекеден кирип кежигени тешип өткөн. Же кежигеден кирип, ээктен чыккан. Же кежиге менен баштын эки капталы оңурайып калган»,* – деп белгилейт журналист Хелимская.

Китептен үзүндү: *«1937-ж. 27-июлда Михаил Калинин Николай Ежовго Ленин орденин тапшырат. Ошол эле жерде мамлекеттик коопсуздук комиссары өзү сүйлөп жатып: «Дүйнөдө мамлекеттик коопсуздук органдары эл менен ушунчалык тыгыз байланышта болгон башка мамлекет жок... Бизде чалгындоо органдары, мамлекеттик коопсуздук органдары совет элинин кызыкчылыгын коргойт. Ошондуктан совет элинин баарынын сыйына жана сүйүүсүнө татыктуу».* Хелимская ошондой эле Ежовду «баатыр» деп даңктаган ыр жазгандарды эскерет.

***Күнөөсүз. Тергөөсүз. Сотсуз.*** *«Кандай заманда, кайсы мамлекетте киши кылмыш үчүн КАНДАЙ жаза күтүп турганын билип туруп: «Мен камакка алынганга чейин активдүү контрреволюциялык ишмердүүлүк менен алектенгем, 22-жылы контрреволюциялык ишмердүүлүккө*

*кошулгам, Кыргызстанда Совет бийлигине каршы көтөрүлүш даярдоо боюнча менин ишмердүүлүгүм тууралуу бир нече сөз айтайын, ушул учурдан баштап менин активдүү террордук ишмердүүлүгүм башталган» деп айтат? Мындай к*ачан жана кайда болушу мүмкүн? Мындайды адамдар күн сайын, ай сайын, көп учурда жылдар бою айтышкан. Өздөрү күнөөсүз экенин билип туруп айтышкан. Жыйырма жылдан кийин башка бирөөнүн колу архивдик ишке Аскердик коллегиянын башка бир документин: кылмыш курамы жок болгондуктан, ишти токтотуу жана өкүмдү жокко чыгаруу боюнча чечим тиркээрин билбестен айтышкан», – деп жазат иликтөөчү журналист.

Китептин ар бир главасы Чон-Таш дачасындагы НКВДнын кирпич мешинен сөөгү табылган адамдардын ар бири жөнүндө жаңы окуяны баяндайт. Окуяда иштин материалдарынын сүрөттөлүшү, автордун жана адистердин комментарийлери берилет.

*1939-жылдын 24-октябры*
*Москва, эл комиссары Т.Берияга*

*«... Кыргыз ССРнин НКВДсынан алган маалыматыма караганда, менин жолдошум 1938-жылдын ноябрь айында үчтүктөр тарабынан кат жазуу укугусуз 10 жылга камалып, Ыраакы Чыгышка сүргүнгө айдалган. Жогорудагылардан башка, жолдошум тууралуу эч кандай маалымат ала албай жатам жана анын тирүүсү же өлүүсү мага белгисиз. Акыркы учурда эл душманы деп айыпталган көптөгөн адамдардын күнөөсүз экени аныкталгандыктан, сизге кайрылуу-ну чечтим жана жолдошумдун ишин кайра карап чыгууңузду суранам».*

*Нагима Айтматова*

*1939-жылдын 22-ноябры*
*Кыргыз ССРинин Киров НКВДсынын*
*райондук башчысына*

*«Айтматова Нагимага... анын күйөөсү туура соттолуп, кат жазуу укугусуз алыскы лагерге сүргүнгө айдалганын түшүндүрүңүз».*

*Кыргыз ССРинин НКВДсынын*
*1-атайын бөлүмүнүн башчысы,*
*мамлекеттик коопсуздук кызматынын*
*лейтенанты Сааков.*

*«Бул аялдардын, балдардын, бир туугандардын даттанууларын, каттарын, арыздарын жабык архивдерден чыгаруу керек деп эсептейм. Биз, бизден кийинкилер да КАНДАЙ өтмүшүбүз болгонун, азыр эмнеге ушундай болуп калганыбызды билиш үчүн түпкү булактарды так билүү максатында бул ишти жасашыбыз керек»*, – деп жазат Регина Хелимская.

***1991-жылы 23-августта репрессиянын 138 курмандыгынын сөөктөрү кайрадан коюлган. Ново-Покровка айылынын тургуну Иван Иванович Тютюников күмөн санап...*** редакцияга кат жазат.

Ал *«Чын эле алар бар бекен?»* – деп сураган. Регина Хелимскаянын материалдары, ондогон адистердин (криминалисттерден баштап мамлекеттик коопсуздук кызматкерлерине чейин) айткандары, архивдик документтер, арыздар, даттануулар, моюнга алуулар, сөөктөрдүн документтик сүрөттөрү да аны ынандыра алган эмес.

Ошондуктан Хелимская иликтөөнүн маанилүү далилдери, атап айтканда, айыптоо жөнүндөгү чечимдердин көчүрмөлөрү кантип табылгандыгы тууралуу видеотасманы телевидение аркылуу көрсөтүүнү сунуштаган.

Ал болуп өткөн окуя тууралуу басма сөз каражаттарынан тышкары, телевидениени да пайдалануу керек деп эсептеген. Журналист катары ал репрессиянын масштабын жана кайрадан көмүүнүн маанилүүлүгүн канткенде жакшыраак жеткире алабыз деп ойлончу.


Хелимская: *«Адамдар жөө келип жатышты. Курман болгондордун сүрөттөрүн алып, гүл көтөрүп, кичинекей балдарын ээрчите келишти. Сүрөтү жок, бала ээрчитпей, гүлсүз келгендери болду. Кары-жашы, оору-соосу, кыргызы, орусу, уйгуру, немиси, белорусу, татары, дунганы, кытайы, корейлери... Муну жогорудан, тик учактан тартыш керек эле»,* – деп белгилеп, «Кыргызфильмдин» операторлору, документалисттер июнь айынын алгачкы үч жумасындагы эң трагедиялуу окуялар өтүп кеткенден кийин гана келип ишке киришкенине өкүнгөн.

Анын сөзү – бул документалдуу хроника: *«...Ар бир күрөк чапкан сайын кирпич жасагандын издери ачык көрүнө баштады. Чакан, үч метрге үч метр келген бөлмөнүн дубалынын үстүңкү жагы ачылып калды.*

*Казуунун биринчи күнүндө КГБ, прокуратура жана соттук-медициналык экспертиза бюросунун кызматкерлери жети адамдын сөөгүн табышкан. Табылгандарга караганда, адамдарды дубалга тизип атышкан. Жарым жартылай чириген көлөчтөр (биринин таманында «Красный богатырь» заводунун эн тамгасы ачык көрүнүп турат), тамандар (бири автоунаанын таманынан), күрөң, жашыл түсү өчпөй сакталган – эки эмаль чыны, бирөөнүн түбүндө, кыязы, «Ростов-на-Дону» деген жазуу, топчунун калдыгы, кийимдин айрындысы. Булардын баары кылдаттык менен чогултулуп, полиэтилен баштыктарга салынып жатты. Криминалисттерди, соттук-медициналык эксперттерди чоң жумуш күтүп турду.*

*Күрөктөр колдон-колго өтүп, казылган чуңкур улам кеңейип баратты. Тергөөчүлөрдүн айтымында, жерден табылган ар бир бөлүк видео жана фотокамерага тартылып жатат. КГБ, прокуратура кызматкерлери, журналисттер, «Кыргызстан» жана «Мемориал» демократиялык кыймылдарынын, коомдук уюмдардын өкүлдөрү акыйкаттык калыбына келтирилип жаткан алгачкы кадамдарга күбө болушту. Бул акыйкат чындыкты бүгүнкү күндө да кай бирөөлөр дагы тереңирээк биротоло көөмп салгылары келет».*





*Досалы Туратбековдун иши. Досалы Туратбековду 1939-жылы 20-июлда бошотуу тууралуу буйрук. Архивдик тергөө ишинен алынды. Д. Туратбеков. 1991-жылдын ноябры. Регина Хелимскаянын «Чон-Таш сыры» китебинен».*

***«Инсан жана зомбулук».*** Регина Хелимскаянын китебинде документтердеги адамдардын үнү менен чоң террор чагылдырылган. Ага бул окуяны кандай болгонун көрсөтүү маанилүү болгон.

*«...Биринчи сурак ошол эле күнү Фрунзеде болду, күнү-түнү тергөөчү суракка алып жатты (фамилиясын билбейм), ал сөгүнүп, кемсинтип, кайта-кайта урду, түн ортосунда Иванов (Кыргыз ССРинин Мамлекеттик коопсуздук башкармалыгынын 3-бөлүмүнүн начальниги, мамлекеттик коопсуздук капитаны – Р.Х.) келип, бир урду да, мени ким качан жалдаганын айт деп талап кылды».*

Анан мага: *«Үндөрдү угуп жатасыңбы?»* – деди зекиди. Түн ортосунан баштап бардык кабинеттерден ыйлаган, бирөөлөрдү нары-бери сүйрөп жаткан, онтогон үндөр угулуп жаткан. Нары-бери басып, кабинеттерде жарандык кийим кийген адамдар жүрдү, менден «айтасыңбы же «сыйлык» алгың келеби?» дешти. Бирок эч кандай уюмга мүчө болбогондуктан, ошон үчүн эч нерсе билбегендиктен, *«билбейм, мүчө эмесмин» деп жооп бердим. Бир сутка сурап, анан жертөлөгө салышты, ал жерде суроосуз эле 47 күн жаттым»*.

Бул эскерүү эмес. Бул 1939-жылы 21-майда республиканын прокурору менен ички иштер наркомунун атына

жазылган арыз, архивдик тергөө ишине тиркелген. Досалы Туратбеков өзү Киров районунан Социал-Туран партиясынын (СТП) мүчөсү экенин эч качан мойнуна алган эмес.

*«...Андан соң мени Киров районуна жөнөтүштү, ал жакта мен 14 ай мурункуга чейин эки жарым жыл Кыргызстан КП(б)нын райондук комитетинин катчысы болуп иштегем. Ошол жерден чынында кыйнап, ур-токмокко алышты. Келерим менен машинеден түшүрүп эле суракка алып кетишти, 38 күн бою НКВДнын райондук бөлүм башчысынын орун басары Петуканын жанындагы отургучта отурдум, бир саатка дагы эч жакка чыгарышкан жок, ордумдан жылбадым. Ошол учурда Юрченко менен анын адамдары моюнга, бутка, ээкке урушту, сутка бою башымды чайкашты, суу куюшту. Юрченко Ташиев, Шабданов, Курбанов деген кулактардан, хулигандардан «мурун талкалоочулар»[2] тобун түзгөн. Булар Юрченконун буйругу менен мени жана башкаларды уруп кыйнашты. Муну Киров районунан камакка алынган бардык жарандар ырасташат, ошондой эле камактагылардын бири Ташиев ар күнү чакырып турганын ырастай алат. Юрченко менен анын тобунун кыйнаганынан улам, жалган жана туура эмес көрсөтмө берүүгө аргасыз болдум... Чындыгында мен СТП тууралуу эч качан уккан да, билген да эмесмин, зыяндуу бир иштерди дагы жасаган эмесмин, тескерисинче болчу. Көрсөтмө алгандан кийин мени кайра Фрунзеге алып келишти».*

Мамлекеттик коопсуздуктун кичүү лейтенанты Юрченко Мамлекеттик коопсуздук башкармалыгынын төртүнчү бөлүмүнүн начальниги, улук лейтенант Идашкинге Досалы Туратбековду сегиз күнгө карцерге камоо тууралуу эл комиссарынын орун басары, полковник Окуневге сунуш киргизүү үчүн рапорт жазган. Аны карцерге которушкан, булардын бардыгы иште белгиленген.

*«...Андан соң мени беш күнгө карцерге камашты, ошондо да кол койгон жокмун, үч-төрт жолу арыз жаздым, алардын баарын тытып салды. Анан мен бирөө бир начальникти чакырып берүүсүн сурандым, бир аз убакыт*

*өткөндө бир жаран кирип келди, Юрченко: «Мына бөлүмдүн начальниги Сорокин»*, – деди. Мен ага Юрченко мени жалган көрсөтмөгө кол коюуга мажбурлап жатканын айтсам, ал Юрченкону карап: *«Жумурткасынан байлап илип койгула, анан кантип кол койбойт деп ойлойсуңар?»* – деп айтып чыгып кетти. Андан кийин Юрченко мени ого бетер катуу уруп баштады, үч жолу эсим ооп калды, мындай уруп-согуудан кийин жалган көрсөтмө берүүгө аргасыз болдум».

*«Кылмыш болгон эмес. Жаза даярдалып жаткан... Мыйзам режимдин баалуулуктар системасына кирген эмес»*, – деп белгилейт Регина Хелимская.




*Регина Хелимскаянын «Чоң-Таштын сыры» китебинин экинчи бөлүм үчүн коллаж.*

Кызыгы, Википедияда кийин көп жылдар бою ар кандай мамлекеттик жана партиялык кызматтарда иштеген Досалы Туратбеков тууралуу орус тилинде да, кыргыз тилинде да бул окуялар тууралуу эч кандай маалымат жок. «Ал эми 8-ноябрь эмне?» «Унутпайлы, эстейли», – деп жазган Хелимская. «Эс», «эстөө», «эстетүү», «эстейли», «унутпайлы» деген сөздөр анын Чоң-Таш тууралуу ар бир материалында, дээрлик ар бир барагында кездешет.

Регина Хелимская 2009-жылы ноябрь айында саясий репрессия курмандыктарынын эскерүү күнүнүн алдында: *«Чоң-Таш – Кыргызстанда мамлекет өз элине каршы кылмыш жасаган жалгыз документ менен тастыкталган жер. Бул жалпы кырсыктын трагедиялуу символу. 19 улуттан чыккан 138 «эл душманы» – мусулмандар, христиандар, буддисттер, иудейлер – 1938-жылы 5-6-ноябрь жана*

*8-9-ноябрь түнү атып өлтүрүлгөн. Алардын арасында кыргыз совет мамлекетин түзгөн алгачкы эл комиссарлары – Жусуп Абдрахманов, Баялы Исакеев, Касым Тыныстанов, Ысык-Көлдөн чыккан койчу Чекуш Сулейманов (Чөкүш Сулайманов?), Александровкадан чыккан колхозчу Харти Хунлава, Кара-Балтадан чыккан бухгалтер Борис Белошицкий, Ленинполдон чыккан мугалим Борис Бергман сыяктуу инсандар болгон»*[3], – деп жазат.

Ал кыргызстандыктар өз тарыхынын бул кара баракчасын унутпасын, «тоталитардык өткөнгө кайра кайтпасын, сталиндик репрессиялар тууралуу жазып, айтып берүү аздык кылат, саясий репрессиялардын курмандыктары менен байланышкан жерлерди түбөлүккө сактап калуу керек деп эсептеген. 2008-жылы Жогорку Кеңештин токтому менен Кыргызстанда 8-ноябрь Саясий репрессиялардын курмандыктарын эскерүү күнү деп жарыяланган. Бул токтом кабыл алынгандан бир жыл өткөндөн кийин ал президенттин, премьер-министрдин, Жогорку Кеңештин басма сөз кызматтарына, маданият агенттигине, билим берүү жана илим министрлигине, Улуттук китепканага чалып, 8-ноябрь күнү кандай иш-чаралар өткөрүлөрүн сураган. Алар «8-ноябрь эмне күн?» деп сураганын угуп таң калган.

*«8-ноябрь күнү бардык кыргызстандык телеканалдардын программасында эч кандай берүүлөр да, тасмалар да болгон жок. Кайтыш болгондор, тирүү калгандар тууралуу эч нерсе айтылган эмес. «Эл душманынын» балдары болгон уулдары менен кыздары өмүр бою эмнелерди башынан өткөргөнү тууралуу да эч нерсе айтылган жок»*, – деп наараазы болгон. Китебинде ал 1938-жылы ноябрь айында советтик гезиттер дагы рекорддор жана түшүмдөр тууралуу гана жазышкандыгын белгилейт.

Ушундай туш келүүнү кандай кылса болот, 8-ноябрь күнү Кыргызстандын бардык мектеп окуучулары каникулда болушат. «Жыл сайын миллиондогон жаш жана жаңы муундагы жарандарынын эс тутумун каникулга жиберген мамлекетти эмне күтөт? Уят, биздин эс тутумубуз өтө кыска экен. Маңкурт болуп жашай беребиз. Өз тегин билбеген

Ивандардай болуп жашай беребиз. Балдарды да ошондой тарбиялап жатабызбы? Тоталитардык өтмүшкө кайра кайтып барабызбы?» – деп наарazы болуп, ал республика боюнча күзүндөгү каникулду эки күнгө жылдырууну талап кылган.



*Р. Хелимскаянын «Жаамыны дагы, адамды дагы кучакта» китебинин мукабасы (Фрунзе, 1984).*

*«Кыргызстанда саясий репрессиялардын курмандыктарын эскерүү күнүндө кыргызстандык мектеп окуучуларынын күзүндөгү каникулу уланып жатат. Билим берүү тармагындагы чиновниктер экинчи жылы күзүндөгү каникулду эки күн мурун баштоо боюнча чечим кабыл ала алышпай жатат, ошентип демократиялык мамлекеттин келечектеги жарандары эс алышууда. Билим берүү министрлигинин эч бир программасында каралбаган сабактан, адеп-ахлак сабагынан, өлкөнүн мурда жабык болгон тарыхына, өз үй-бүлөсүнүн тарыхына кызыгуу сабагынан эс алып жатышат. Жасаган иштерине жана жоруктарына жоопкерчиликти сезүү сабагынан эс алып жатышат».*

«Ата-Бейит» – саясий репрессиялардын курмандыктарына арналган мемориалдык комплекс. Аты-жөнү бизге белгилүү болгон 137 киши жана мурдагы НКВДнын эс алуу үйүнүн аймагында, коңшу төбөлөрдө, жалпы эле Кыргызстан боюнча биз билген жана билбеген жапырт көмүлгөн жерлерде он миңдеген адамдардын сөөгү көмүлгөн. Бул алардын символикалык жери. Алардан бардыгын тартып алышкан: таза атын, үй-бүлөсүн, балдарын, мүлкүн. Жанын алышкан. Эми аларга 3,087 гектар жерин калтырыңыздар», – деп жазган Регина Хелимская.

Ал «Ата-Бейит» репрессиялардын курмандыктарынын сөөктөрү коюлган жер болуп кала бериш керек, бул жер массалык террорду эске салып, мамлекет өз жарандары менен эмне кылганы тууралуу эскертип турсун деп эсептеген.

Ал эми мамлекет аны акырындык менен моюн сундурган мемориалдык комплекске айландырып жатат. Анын репрессиялар тууралуу музейдик мейкиндиктерге өз көз карашы болгон. Ал тарых музейиндеги «Инсан жана зомбулук» көргөзмөсүндөгү экспонаттардын алынып салынганына да кайдигер караган эмес. Ал бул көргөзмө туруктуу болуп, бүт өлкөгө көчүп көрсөтүлсө деп ойлогон. Жарандар КГБ архивинен алынган документтердин көчүрмөлөрүн, 1937-жылы республикалык гезиттердеги макалаларды, казуу иштери учурунда табылган буюмдарды көрсө деген.

*«Кийимдер, бут кийим, аскердик кадимки чынылар жана ичке фарфордон жасалган чынылар, тиш щеткалары, ширеңке кутучалары, махорка салынган идиштер сыяктуу буюмдар бир жылдан ашык убакыт бою тазаланып иретке келтирилбей туруп калды. Бул буюмдар трагедиянын үнсүз күбөлөрү эле да, биз аларды чогуу таштанды үймөсүнө айландырдык. Ушундай кайдыгерлигибиз дагы канча сырды жутту дейсиз?... Кечээкидей, мурдагы күндөгүдөй эле эс тутумдан да зарыл көрүнгөн башка иштерибизден башыбыз чыкпайт. Ар ким өзү менен өзү... Ошентип байкалбастан акырындык менен коом – адамдардын коомчулугу талкаланууда»,* – деп кайгырган Хелимская.

Китепти «Унутуу чөбү» деген соңку сөз менен аяктаган. Журналист он миңдеген адам репрессияланган республикада жүз отуз жети адамдын гана көмүлгөн жери белгилүү экенине тынчсызданган... Бул темадагы ар бир макалада, ар бир комментарийде жана интервьюда ал репрессиялар тууралуу эс тутум, баарынан мурда биз үчүн жана келечек муундар үчүн маанилүү экенин кайталап баса белгилеген.

2020-жылдын 1-сентябры – *«Кыргызстандын негизги антисталинисти», журналист Регина Хелимская каза болду»*[4] деген некролог жарыяланган күн. Бул суук кабарда анын Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун жана Кинематографисттер союзунун мүчөсү болгондугун, көп жылдар бою «Советская Киргизия» – «Слово Кыргызстана» газетасында иштегендигин, телемаалымат, доку-

*Бишкек шаарындагы саясий куугунтукта жабыркагандарды эскерүүгө арналган эстелик. 2024-жылдын февраль айы. Бишкек шаарындагы Ф. Дзержинскийге арналган эстелик. 2024-жылдын февраль айы. Автордун сүрөттөрү.*

менталдуу кино, эл аралык мамилелер боюнча макалаларды жана китептерди жазгандыгын белгилейт. Бирок ал көтөрүп чыккан негизги темасы «Кыргызстанда жана дүйнө жүзүндөгү Сталинизмдин кылмыштарынын бетин ачып, ашкерелөө болгон», – деп жазылат.

*«Мына эми кажыбаган кайраты менен акыйкаттыкты туу туткан Регина өзү да Чоң-Таштан алыс эмес, Чоң-Арык көрүстөнүнүн еврей бөлүгүнө коюлду»,* – деп некрологдун автору Хелимскаянын көп жылдан берки досу, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмери Александр Баршайдын сөзүн цитата келтирет.

…Регина Хелимскаянын 1984-жылы «Кыргызстан» басмасынан чыккан 70-80-жылдардагы республикалык телевидениенин өнүгүшү тууралуу очерктери «Жалпыны дагы, адамды дагы кучакта» деп аталган. Кичинекей китепте Дооронбек Садырбаев, Альгимантас Видугирис сыяктуу белгилүү кинематографисттер менен болгон маектердин чагылдырылышы, эл аралык кинофестивалдардан репортаждар

берилген. Китептин бир бөлүмү «Бүгүнкү күндүн документи» деп аталат. Эпиграф катары голландиялык документалист режиссер Йорис Ивенстин «Документалдуу тасма – бул доордун абийири» деген сөзү колдонулган.

Р. Хелимскаянын «Жаамыны дагы, адамды дагы кучакта» китебинин мукабасы.(Фрунзе, 1984).

Доорду кандай болсо, ошондой кылып чагылдыруу, анда жалпы коомдук окуяларды да, ар бир адамдын тагдырын да камтуу – бул эки принцип Регина Хелимскаянын бүтүндөй журналисттик ишмердүүлүгүнүн өзөгүн түзөт.

***Сөңку сөз.*** Ал Бишкектеги саясий куугунтукта жабыркагандарды эскерүү үчүн орнотулган ташты «Сейтектеги кызгылт эстелик» деп атачу. Анын ою боюнча, бул эстелик туура эмес жерге орнотулуп, трагедияны толугу менен чагылдыра албайт. *«Ал эстелик эмес, монумент эмес, курман болгондорду эскерүүнү мазактоо. Бишкекте мындай эстелик бар экенин ким билет?»*[5] – деп, ал эстеликке карата нааразычылыгын айткан. Өлкөдө буга тийиштүү бир да эстелик жок экениндигине, куугунтукта жабыркагандардын бардык документтери алиге чейин топтолбогонуна кабыргасы кайышчу.

2024-жылдын 16-февралында Ямало-Ненец автономиялуу округундагы Харп кыштагындагы атайын режимдеги түзөтүү колониясында орус оппозициячысы Алексей Навальный каза болду. Ошондо жарандар саясий куугунтукта жабыркагандардын бул белгисиз эстелигине гүл коюшту...

Ал эми бул байкалбаган белгисиз таштын жанында, Ички иштер министрлигинин карама-каршысында дагы бир эстелик турат. Азырынча анын аты да жазыла элек, бирок Темир Феликске алып барган бул жалгыз аяк жолду ким бирөөлөр астейдил тазалап коюп турат…

1. НКВД (Народный комиссариат внутренних дел) — Ички иштер боюнча элдик комиссариат. Ал коомдук тартипти камсыз кылуу, кылмыштуулукту жоюу, полиция кызматын башкаруу жана жаза аткаруу милдеттерин аткарган. НКВД ошондой эле саясий репрессияларды, түрмөлөрдү жана лагерлерди уюштуруучу түзүм катары белгилүү болгон. 1946-жылы НКВД Мамлекеттик коопсуздук министрлигине (МГБ) бөлүнүп, кийинчерээк КГБ (Комитет государственной безопасности) болуп түзүлгөн. Эл ичинде ушул орусча кыскартылып айтылышы кеңири таралгандыктан, текстте ошол бойдон калтырылды.
2. орусчасында «мордобой»
3. Регина Хелимская. Осуждая массовый террор, или Память на каникулах. 24.kg, 06.11.2009 // https://24.kg/archive/ru/community/65238-osuzhdaya-massovyj-terror-ili-pamyat-na-kanikulax.html/
4. Александр Тузов. Скончалась «главная антисталинистка Кыргызстана» журналист Регина Хелимская. Вечерний Бишкек, 01 сентября 2020. URL: https://www.vb.kg/doc/391585_skonchalas_glavnaia_antistalinistka_kyrgyzstana_jyrnalist_regina_helimskaia.html
5. В Бишкеке осквернен памятник репрессированным. Вечерний Бишкек, 23 августа 2013. URL: https://www.vb.kg/doc/240543_v_bishkeke_oskvernen_pamiatnik_repressirovannym.html

# ӨМҮР КЫЛЫМЫ: МАРИЯ МАРТЫНДЫН КҮРӨШҮ ЖАНА ЭРКИ[1]

*Нестор МАНИЧКИН*

Мария Мартын (*украинче Мария Мартин*) быйыл жүзгө толду. Бир кылым өмүрүндө ал Экинчи дүйнөлүк согуштун күбөсү болуп, өз доорунун мыкты акылмандарынан билим алып, улуттук эгемендүүлүктү кыялданып, эки советтик концлагерден өтүп, «атайын конуш»[2] мөөнөтүнөн кийин Карагандада жашап калган. Азыр Мария апа Карагандадагы украин диаспорасынын эң абройлуу мүчөлөрүнүн бири жана жергиликтүү грек-католик чиркөөсүнүн сүймөнчүлүгүнө ээ. Аны менен жолугушуп баарлашуу жашоонун жана эркиндиктин баасын сездирет.

***Роксолананын мекенинде.*** Мария апанын туулган жери анын тагдырын аныктаган десек болот. Ал байыркы Рогатин шаарына чектеш Бабинци айылында төрөлгөн. 1924-жылы Рогатин мурунку Галиция княздыгынын жерлери менен бирге Польшанын курамына кирген. Уламыш боюнча, 16-кылымда бул жерде Настя Лисовская – Осмон империясынын башчысы Султан Сулаймандын саясатына таасири тийген, анын болочок жубайы Роксолана төрөлгөн. Роксолананын атасы азыр ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген жыгачтан курулган Рогатин Ыйык Рух чиркөөсүнүн дин кызматчысы болгон.

Австрия-Венгрия мезгилинде да Рогатин Украинанын интеллектуалдык борборлорунун бири болгон: бул жерде украин улуттук-боштондук кыймылынын пайдубалын түптөгөн ишмерлер жашаган, украин тилинде басылмалар басылып турган, гимназия иштеген, *«Просвіта»* жана *«Рідна Школа»* коомдук уюмдары иштеген. Бул жерде Украинанын Аскердик Уюмунун (УАУ борборлорунун бири түзүлгөн, ал кийинчерээк Украин улутчулдары уюмунун бир бөлүгү болуп калат (УУУ). Бул кыймылдын популярдуу болушуна 1917-1921-жылдардагы Украина революциясында үзүлгөн үмүттөр өбөлгө түзгөн. Кыска



*Мария Мартын күйөөсү Иван тигип берген пальтосу менен Пресвятая Богородицанын Покров чиркөөсүнүн короосунда.Караганды, Казакстан. 2024-жылдын январь айы. Сүрөт автордуку.*

убакыт жашаган Украина мамлекети жоюлуп, СССР, Польша, Чехословакия жана Румыниянын ортосунда бөлүнүп калган. Украин улутчулдары өз алдына бирдиктүү жана эгемендүү Украинаны кайра жаратуу максатын коюшкан, бул үчүн адегенде элге билим берип, улуттук аң-сезимди жайылтуу керек болчу. Эки дүйнөлүк согуштун ортосунда билим берүүгө басым жасалган. Өткөн кылымдын башында популярдуулукка ээ болгон «Украина үчүн сыйынуу» деген руханий гимнде Кудайдан илим-билимдин жарыгы суралганы да ушул себептен болгон: *«Илим менен билимдин жарыгы / Бизди, балдарды, агарт!»* (*«Світлом науки і знання / Нас, дітей, просвіти…»*).

Мария апа төрөлгөн 1924-жылы Польша өкмөтү азчылыкты түзгөн улуттардын тилдеринин колдонулушун жөнгө салган «Крес мыйзамдары» деп аталган мыйзамды кабыл алган. Алар окутууну украин тилинде жүргүзүүгө уруксат беришкен, бирок, ошол эле учурда Варшава акырындык менен полякташтыруу саясатын улантып, поляк тилине жана латын католицизмине өткөн украиналыктарга артыкчылыктарды берип, латын католицизмине каршы кыймылдын өнүгүп-өсүшүнө бөгөт койгон. 1930-жылдары украин улутчулдары менен Польшанын администрациясынын

ортосундагы тирешүү күчөгөн: УУнун активисттери революциялык террорго өтүшкөн жана ага жооп катары жазалоо аракеттери башталып, уюмдун мүчөлөрү камакка алынып, украин окуу мектептери өрттөлүп, жабылган. Улуу Владимир атындагы Рогатин гимназиясын Митрополит Андрей Шептицкийдин кийлигишүүсү менен сактап калышат. Рогатиндин мугалимдери Мариянын жүрөгүндө өз жерине болгон сүйүүнү гана эмес, билимге, өзгөчө тарыхка болгон сүйүүсүн да арттырышкан. Гетмандар Петро Калнышевский менен Павло Полуботок жөнүндө сөз болгондо, Мария айым менен маек кызый түштү. Мария айым экөөбүздүн сүйүп окуган китебибиз – украин тарых илиминин атасы, 1917-1918-жылдары Украина Эл Республикасынын лидери болгон Михайло Грушевскийдин «Украинанын иллюстрацияланган тарыхы» китеби экен. Эгерде Мария айымды менин тарыхка болгон кызыгуум кубандырса, мен болсо анын мугалимдеринин арасында украин акыны, жазуучусу жана дипломаты Николай Угрин-Безгрешный (*укр. Микола Угрин-Безгрішний)* болгонун билгенде таң калдым. Ал белгилүү Василий Вышиванный *(укр. Василь Вишиваний)* деген украин ысым менен таанымал болгон Австро-Венгриянын эрцгерцогу Вильгельм Франц Габсбургдун санаалашы болгон. Бул инсан украин тарыхында мен үчүн эң кызыктуу фигуралардын бири болуп саналат.

Мария айымдын мугалимдеринин арасында музыкант жана агартуучу Михаил Пириг (*укр. Михайло Пиріг*), биолог жана лексиколог Иван Вербяный (*укр. Іван Верб'яний*), педагог Василий Кривоус (*укр. Василь Кривоус*), философия доктору Никифор Гирняк (*укр. Никифор Гірняк*) жана башка көрүнүктүү украиндер бар эле.

*«Поляк бийлиги биздин мугалимдерге айлык акы төлөгөн эмес, аларга украиндер өздөрү чогулткан акчадан төлөнчү. Ошентсе да биз өз мектебибизди, динибизди жана маданиятыбызды сактай алдык, бирок совет доорунда бул мүмкүн эмес болчу. Кээ бир мугалимдер миграцияга кетсе, башкаларын большевиктер жок кылышкан. Советтик Украинада алардын бири да калган*

*жок»*, – деп эскерет ошол учурда Андрейцив (*укр. Андрейців*) деген кыз фамилиясын алып жүргөн Мария Мартын.

Жаш Марияга мугалимдер гана эмес, туугандары да таасир эткен. Анын бөлөлөрү улуттук кыймылдын активисттери болушкан. Мария айым 1939-жылдагы окуялар тууралуу эскерип: *«Менин бөлөмдүн көтөрүлүш кылган Карпат Украинасы жана анын президенти Августин Волошин жөнүндө сүйлөгөн жалындуу сөздөрү эсимде. Ошол окуялар бизге үлгү болду»*, – дейт.

Украинанын эркиндиги үчүн күрөшкөн партизандар менен байланыш. Поляк бийлигинин тушунда кандай гана кыйынчылык болбосун, алар, Мария апанын айтымында, советтик тартипке салыштырмалуу жеңил болгон. 1939-жылы Молотов-Риббентроп пактысынын жашыруун бөлүгүнө ылайык, Батыш Украина СССРдин курамына кирген. Мария апа: *«СССРдин паспорттору дароо таратылды. Адамдар Советтер Союзунун жараны болору менен эле Сибирге айдалышкан»,* – деп эскерет.

Украин мекенчил уюмдары жабылып, грек-католик диниятчыларын, «кулактарды» жана





*Рогатиндеги Ыйык Рух чиркөөсү, Осип Куриластын сүрөтү (1870-1951).*

*1919-жыл. Украин улуттук кыймылынын мүчөлөрү. Сол жакта четте Мария айымдын мугалими Микола-Угрин Безгришный, оң четте – Василий Вышывани, эрцгерцог Вильгельм. Аны украиналык консерваторлор мамлекетти башкаруучу катары сунуш кылышкан. Украинанын башкаруу жана жогорку органдарынын Борбордук мамлекеттик архиви (Украина ЦДАВО), 1871-фонд, 1-опись, 7-дело.*

«буржуазиялык улутчулдарды» куугунтуктоо, камакка алуулар жана депортациялар башталган. Бирок 1941-жылы немис аскерлери Галицияны басып алып, Совет бийлиги токтоп калган. Кээ бир украин улутчулдарынын арасында немистер менен биргелешип, эгемен Украинаны куруу жөнүндө сөздөр тараган, бирок, анын жыйынтыгы болгон эмес. Берлин украиналыктардын көз карандысыздыгына, албетте, каршы болгон, бул жагдай УУДагы ажырымды курчутуп жиберген: Степан Бандера башында турган революциячыл маанайдагы улутчулдардын бир бөлүгү Германияга дагы, СССРге дагы, поляк топторуна дагы каршы куралдуу күрөш жүргүзүүнү чечишкен. Андрей Мельник жетектеген УУнун экинчи бөлүгү, азырынча Үчүнчү Рейх менен кызматташканга чейин төмөнкү деңгээлде коргонууну туура көрүшкөн. Бирок бул саясат мельникчилерди гестапонун куугунтугунан сактап кала алган жок. 1944-жылы Мельник камакка алынып, 1941-жылдан бери Бандера дагы жаткан Заксенхаузен лагерине жөнөтүлгөн. 1943-жылдын 13-декабрында немис полициясы УУнун 11 жашыруун мүчөсүн атып салган, ал эми 1944-жылы июлда Рогатин Кызыл Армиянын көзөмөлүнө өтүп, НКВД токойлорго жашынган украин улутчулдары менен күрөштү баштаган. УУнун мүчөлөрүнүн бири Мариянын болочок күйөөсү Иван Мартын (*украин Иван Мартін*) дагы Львовдо улутчулдардын бири болгон. Мария менен Иван лагерлерде мөөнөтүн өтөгөндөн кийин Карагандада жолугушкан.

Согуш учурунда Мария Мартын Мельник баштаган УУнун пропаганда бөлүмүндө жашыруун иштеген. Германияга мажбурлап жумушка тартылуудан корккондуктан, ал жергиликтүү бийликке жумушка орношуп алган: *«Мен өзгөчө эч нерсе деле кылчу эмесмин. Жогорудан жиберилген маалыматтарды партизандарга жеткирчүмүн. Партизандарга коркунуч туулган болсо билдирип турчумун. Уй кайтарган бир кыз бар эле, сыртынан жөнөкөй эле кыз көрүнөт, бирок, ал биздин кабарчыбыз болчу. Ал рейддер тууралуу эскертип турчу. Совет бийлиги келгенде алар узакка калышат деп эч ким ойлогон эмес. Биз* эгемендикке *кандай*

*жол менен болсо да жетебиз деп үмүттөндүк жана Украинанын эркиндиги үчүн күрөштү уланта бердик»*. Мен Мария апага: *«Анастасия Балинская аттуу кечил чогулткан материалдардан окуп калдым, сиз бир жолу самандын таңгагы менен мылтык салып, бүт шаарды аралап, аны өткөрүп берген экенсиз…»* – дедим. Мария апа ого бетер сыпайыланып: *«Ой, бул жөнүндө сен да билет экенсиң го! Партизандар биздин үйдө 3 түнөп, анан токойго кетишти. Аларга немис аскерлеринен калган жарактар керек болчу. Ошентип, мен аларга курал жеткирип бергем»*, – деп жооп берди. Мария апанын шаардык кеңеште иштеген санаалашы кимди кармап, алып кетерин билип, элди эскертип турган. Шаардык кеңеште иштеген Мария айымдын санаалашы кимди кармап, кимди алып кетерин билип, адамдарды эскертип турчу экен: *«Анын күйөөсү ашынган комсомолчу эле. Ошол күйөөсү эркин Украинаны кыялданбай эле коюш керектигин айта берчү экен. Эгемен Украина эми тарыхта, чытырман токойдо эле калды дечү имиш. Бирок биз антип ойлочу эмеспиз. Айланабызды карасак, өлтүрүп, атып жаткандарын, күч менен көчүрүп жатканын көрчүбүз да»*, – дейт.



*1940-1950-жж. Рогатин аймагында аракеттенген УУнун жашыруун мүчөлөрү. Ортодо – Рогатин УУнун жетекчиси Олекса Демский.*

1945-ж. Мария айым коммуналдык кызматта иштеген. Ал үч курбусу болуп, мамлекеттик кызматта иштегендер камалбайт деп үмүт кылышкан. Бирок ноябрда баары кармалып, суракка алынган. Сот 1946-жылдын март айында Ивано-Франковск шаарында болуп, кызыгы, камакка алынгандар бул сот процессин чыдамсыздык менен күтүшкөн, анткени, бул тергөө бүтүп, көрсөтмө алуу үчүн колдонулган ур-токмокко алуулар жана кыйноолор токтогондугун билдирген. Соттолгондор Львовго жеткирилип, кийин Сибирге айдалган.

Мария апа жашыруун каршылыкты: *«Токойдо темирдей тартип өкүм сүрчү, биздин жигиттер тамак-ашка абдан муктаж болчу. Бир бөтөлкө сүттү бир ууртамдан гана жутуп, даамдап эле тим болушчу. Биз аларга ботко менен нан жеткирип, кийимдерин тигип берчү элек»,* – деп баяндайт.

***Красноярсктын токойлорунда.*** *«Мына, карачы»*, – деп Мария апа жылмайып, реабилитация жөнүндөгү документти мага сунуп: *«Бүтүндөй аскердик трибунал мени соттоду»,* – дейт. Ал УУНнун мүчөсү катары соттолуп, «мамлекеттик чыккынчылык» үчүн 10 жылга түрмөгө жана 3 жылга сүргүнгө айдалган. Ошол эле жылдын апрель айында бийлик анын үй-бүлөсүн депортациялаган – бул үчүн эч кандай кылмыш же мыйзамдуу чечим талап кылынган эмес. Кишилердин мүлкү алынып, алар «УУНнун мүчөлөрүнүн туугандары» катары атайын лагерлерге алынып келинген. Бир тууганы Михайло менен апасы Екатерина Дмитриевна Архангельск облусуна, ал эми Мария Красноярск облусундагы Решёты деп аталган айылга айдалган. Барган жерлеринде туткундарды ар кандай лагердик пункттарга бөлүштүрүшкөн. Бул кул сатуу сыяктуу көрүнүш эле. Мария апа: *«Кардарлар кул базарга келип, кулдардан алып, ар кайсыл тарапка жөнөп кетишчү»,* – дейт.

Түрмөдө отурганда Мария айым Иса Машаяктын иконасын сайган экен, анысын ГУЛАГ[3] дагы, СССР дагы жок болгондон кийинки мезгилде бир дин кызматчысына бериптир, ошого чейин жанында сактап жүргөн. Бул сайманы саюу үчүн ал кийимдерин сөгүп жибин сууруп, ошол жиптен иконасын бүтүргөн. Башка камактагылар да ушундай кылышкан, ийнеси жок болсо, балыктын сөөгүн колдонушкан. Кудайга болгон ишеним туткундарга бекем болууга жардам берген. Сыйынууга керек шуру-мончоктор да импровизацияланып жасалган. Нан күкүмдөрүн тоголоктоп, кургатып, бири-бирине улашкан. Красноярсктагы кыздардын сыйынуусун 1946-жылы камакка алынган украин улутчулдарынын лидеринин эжеси Володимира Бандера (*укр. Володимира Бандера-Давидюк*) жетектеген. Лагер-



*Украиндер Степлагда, Казакстан, 1949-жыл. Сүрөт Долинка айылынын Саясий репрессиялардын курмандыктарын эскерүү музейинен алынган.*

де аны да Мария деп аташкан, себеби, Володимира деген кыздын аты орой угулган. *«Ал дин кызматкеринин кызы гана эмес, күйөөсү Теодор Давидюк дагы дин кызматкери болгон. Ал башыбызда туруп, биз дуба окучубуз… Бир кичинекей баласы бар эле, аны энесинен ажыратып алып кетишти».* Бандеранын дагы эки кыз бир тууганы Марта-Мария жана Оксананы атасы Андрей менен бирге 1941-жылы камакка алышкан, атасы атылып, кыздар Сибирдеги лагерлерге жөнөтүлгөн.

Красноярск лагеринде туткундар карапа жасоодон бут кийим жасоого чейинки ар кандай тармактарда иштешкен. Лагер




*Тереза Даниливдин үйлөнүү тою.Мария айым — экинчи катарда, оңдон төртүнчү, келиндин артында турат. Лагерде туткундарга жардам берген көзөмөлчү Коржакова солдон экинчи болуп турат, ал эми келиндин жанында отурган врач Клара Васильевна туткундарды оорулардан жана адам чыдагыс шарттардагы өлүмдөн сактап калган.*

өзү жыгач даярдоого ылайыкташкан эле. Кээ бир туткундар жыгач кыйса, башкалары бутактарын кесип, башкалары жыгачты жылмалашкан. Катуу суук, оорулар ишти токтото алган эмес. Мария айымдын эсинде Максимовна аттуу лагердин дарыгери эч кандай арыз-даттанууларды кабыл алган эмес, температурасы 39 градус болсо да «социалисттик Мекен үчүн эмгектенүүгө» жибере бергени эсинде жакшы сакталып калган. Азыктын жетишсиздиги жумушчуларды биротоло жок кылбасын деп кооптонуп, лагердин бийлиги камактагылардын рационун бир аз болсо да күчтөндүрүүгө мажбур болгон. *«Бир кесим чийки капуста менен кызылча беришти, бул бизге чоң белек болду. Ачкадан өлүп калбайсың...»*, – дейт Мария апа.

***Карлаг: Оттуу тозок, муздуу тозок…*** Беш жылдан кийин Марияны Казакстандын ортосунда бүтүндөй бир аймакты ээлеген Карлагдын бир бөлүгү болгон Кум лагерине которушкан. Бул жерде жүз-жүз элүү киши бир казармада жашап, кирпич заводунда иштешчү. Ылайды калыпка салып, мешке түртүп, өтө ысык болгон үчүн аялдар көйнөкчөн иштешчү. Кирпич бышкандан кийин оттон түз эле кышкы суукка түшөт. Кээде калыптары менен вагончолор кокустан мешке эмес, туткундардын үстүнө түшүп, айрымдары буту-колунан ажырап, башкалары кан жоготуудан каза болушчу. Бирок ушундай азап-тозоктун ичинде да бир аз адамдарга тиешелүү көрүнүш бар эле: күндүзгү жана түнкү нөөмөттө иштегенден улам, бири-бирин көрбөөгөн аялдар менен эркектер өз ара кат жазышчу. Каттарды кирпичтин астына бекитип коюшчу. Мария айым мындай деп эскерет: «Негизинен алар туугандарын издеп жазышышкан. Баарыбыз ким менен, кайда отурганыбыз тууралуу маалымат бөлүшчүбүз. Бир кароолчу бар болчу, абдан катаал, бирок анча-мынча адамгерчилиги да бар эле. Ал бизге ушинтип кат жазышуубузга уруксат берчү».

Советтик лагерлердин кызматкерлеринин арасынан репрессиялангандарга боор ооруган бирин-серин адамдар болор эле. Мария апа: *«Бизде жарандык келишимде иштеген дарыгер Клара Васильевна деген бар эле. Ал бир топ*


СПРАВКА

*Мариянын апасы жана агасы реабилитация болгондугу жөнүндөгү маалымкат.*

*адамдардын өмүрүн сактап калган. Оорулуу туткундарды эки-үч күн ооруканынын казармасында кармачу. Туткундар жок дегенде жылынып, жетиштүү тамак-ашы болсун дечү. Биз баарыбыз аны баалачубуз жана жакшы көрчүбүз»*.

Мария апанын Тереза Данилив аттуу курбусу «кирпичтин астына” бекитип, кат жазышып жүргөн жигитке турмушка чыккан. *«Алар лагерден бошотулгандан кийин гана көрүшүшкөн. Анан баш кошушту. Тоюнда тирүү калууга жардам берген дарыгерди жана дагы бир кароолчуну үйлөнүү тоюна чакырышты»*, – деп эскерет Мария апа.

*«Лагерлерде абал кыйын болчу, бирок сүргүндөгү апама андан да оор болгон». «Лагерде бизге кара нан берилчү, аны ачка болгонума чыдабай, эртең менен эле жеп койчумун… Азыр да нанга тойбойм. Ал эми апам Архангельск облусунда, суугу чучукка жеткен аймакта, сүргүндө жүргөндө менден да кыйын абалда эле»,* – дейт Мария айым. Апам Катерина Дмитриевна буурчак боткону жей берип

көкөйүнө тийген экен, кээде кар кеткенде, токойдон жер-жемиш терип жешчү экен. Алгачкы жылдары сүргүндөгүлөргө туугандарынан келген нерсени алууга уруксат жок эле, кийин белгилүү бир өлчөмдө гана алууга уруксат берилген. Бир кишиге туугандары колбаса жөнөтүшүптүр. Байкуш киши ашказаны карышып катуу ооруп калган экен, үйүнөн келген колбасаны жей албай, мурдуна алпарып жыттап, колуна колбасаны кармаган бойдон каза болгон...

Мария айымдын бир туугандары Михайло депортациядан кийин бир-эки жылдан кийин Рогатинге көмүр ташыган поезд менен качып келген. Ал барганда эжеси арык, кир, кийиминин тамтыгы чыккан жээнин алгач тааныган эмес. Туугандардын жанында болуу аларды коркунучка салуу дегенди билдирмек. Бир-эки күндөн кийин Михайло айылга барып, анан Львовго кетип, апасы тынчсызданбасын деп кат жазган. Ал көп өтпөй кармалып, кайра Архангельск облусунун Няндома районундагы лагерге жеткирилген.

***Чочколор адамдан адамгерчиликтүү болгон кез.*** Катерина Дмитриевна ооруп жатып калганча токой кыйган. Шишип, жарым жан болуп ооруканага түшкөндө гана аны чочкоканага жумушка жөнөтүшкөн. *«Апама кудай берди. Белине чейин баткакка чыланганы менен иштеген жери жылуу...»*, – дейт Мария айым. Екатерина Дмитриевна жалпы союздук ярмаркада жеңүүчү деп табылган ургаачы чочкого берилчү жашылчанын калдыгын алып, чочко сарайдын бир бурчунда казанга эптеп ысык тамак даярдап койчу. Бир күнү ферма башчысы аны көрүп калат. Буту менен кайнап жаткан казанды оодарып, аны уурулук кылды деп күнөөлөп, андан кийин чочко арыктап кетпептирби деп текшергени жөнөйт. Ошондо жакын келген тиги кишиге эне чочко көргүлүктү көрсөткөн экен. *«Эне чочко торопойлорун кызганып, апамдан башка эч кимди жанына жолотчу эмес. Апам чочконун торопойлорун жакшы карачу. Айбан болсо да, апамды урушуп, анан торопойлорду көздөй жылган кишини эне чочко жактырбай, тосмодон секирип өтүп, чочкокананын ичинде артынан кууп, шайын оодарган».*

Бул окуя тууралуу кино тартса болчудай. Жинденген айбандан качып тиги киши ысык мештин үстүнө секирип чыгып, секирип «бийге» түшкөн. Бутту мешке күйүп, же жерге түшө албай, бир ордунда тыбырчылап, эси кеткен. Катерина Дмитриевна эне чочкону тынчтандыргыча, бечара ысык меште какталып калган.

Мария айымдын апасы лагерде 1956-жылдын аягына чейин болгон. Туулуп-өскөн жерине кайтып келгенден кийин, айыл өкмөтү тарабынан куугунтукка кабылып, жашырынып жашоого аргасыз болгон. Талаада иштеп, улам бир тууганынын үйүндө түнөчү экен. Кийинчерээк жаңы айыл өкмөтү ага каттоого турууга уруксат берет, бирок Катерина өз үйүн кайтара албай калган. Михайло бир тууганы да Львовдо шаардын булуң-буйткаларында режимден жашырынып эптеп күн көргөн.

*«Апам тар ашканада жашачу. Жакшы жери, ашкананын меши бар эле…»* – деп эскерет Мария айым. Апасы Карагандага келген, бирок калгысы келбей, Украинага кайтып кетип, 86 жашында каза болгон. Мария айым уулу Юрий жана кызы Иринаны ээрчитип апасына барып турчу.





*Мариянын апасы Екатерина Андрейцив жана бир тууганы Михайло Андрейцив. Үй-бүлөлүк фото альбомдон.*

*Мария айым күйөөсү Иван жана баласы менен Карагандада.*

***Жаңы мекен – Караганда.*** Мария айым 1955-жылы Карлагдан бошотулган, бирок, ай сайын Караганда комендатурасынан каттоодон өтүп турушу керек болгон: *«Бир жолу мен бир сутка кечигип барып, катуу сөгүш алдым. «Эмнеге лагерге кайра баргың келип жатабы?»* – деп катуу тилдешти. Аймактык ооруканага медайым болуп ишке орношуп, Мария айым квалификацияны жогорулатуу курстарынан өткөн. Бир курбусунун жаңы төрөлгөн баласын чокундуруу аземинде Мария болочок өмүр жолдошу Иван Мартын менен таанышкан. Иван тигүүчү болуп иштеген. Караганда интеллигенциясынын буйрутмасы менен алардын кийимдерин тикчү. Мария айым азыркыга чейин күйөөсү тиккен пальтону кийип жүрөт.

1957-жылы Мария апанын тун уулу төрөлгөн учурдан баштап КГБга сүйлөшүүгө чакырыла баштайт. Алар УУНун активисти Михайло Нагирнякты издеп жатышкан. Мария айым камарабай Юрий Нагирняк аттуу башка кишини таный турганын, *«менин билишимче, ал азыр өз үйүндө»*, – деп жооп берген. Чарчаган тергөөчү суроолорун токтотуп, Марияны кайра жөнөткөн.

СССРдеги грек-католик чиркөөсү мамлекет кыйраганга чейин куугунтукталган. Чиркөөнүн өкүлдөрү жашыруун жолугуп, жашыруун сыйынышкан. 1980-1985-жылдары Рим-католик чиркөөсүндө украин тилинде ачык түрдө динге үгүттөө башталат. Грек-католик чиркөөсүнүн дин кызматчысы, мурдагы саясий туткун Николай Шабан литургияда Римде жашаган тыюу салынган чиркөөнүн башчысы Йосиф Слипойду эскерген, советтик пропаганда аны «нацизмдин тарапташы» катары көрсөтчү. Караганда райкомунун буйругу менен украин дин адамдарынын үгүтү токтоп, Николай жумушунан бошотулган. Кийин алар эгемен Казакстанда 1993-жылы гана дин уюму катары катталган. Ошондон бери Мария апа чиркөөсүнүн жигердүү мүчөсү жана украиналык *«Рідне слово»* шериктештигинин активисти болуп келген. Ал азыр кай бир жерлерде өзгөртүү аракеттери болуп жаткан эс тутумдун кенчи, тарыхтын тирүү күбөсү. Мария апа сталинизмди актоо аракеттерин, геосаясий



*Мария апа грек-католик чиркөөсүнүн өкүлдөрү менен. Карагандадагы Украинадан Казакстанга депортацияланганадарды эскерүү мемориалы.*

оюндарды жана, албетте, өзүнүн туулуп-өскөн сүйүктүү Украинасындагы согушту кылдат байкап турат: *«Биздин кыялыбыз – улуу жана аликүнчө өз баасын ала элек Гетман Мазепанын кыялы. Бул максат дагы деле ишке аша элек. Бирок көптөгөн азапты башынан кечирген, өжөр, кайраттуу Украина эң башкысы – эрк керек экенин жакшы билет»*.

1. Бул материал Герда Хенкель фондунун колдоосу менен ишке ашырылган «Советтик Борбор Азиядагы Грек-Католик чиркөөсүнүн катакомбдук ишмердүүлүгү шарттарында украиналык атайын көчүрүлгөндөр чөйрөсүндө этномаданий эс тутумду сактоо» изилдөө долбоорунун алкагында даярдалды.
2. «Спецпоселок» термини, адатта, Советтер Союзу учурундагы айрым топтор үчүн атайын уюштурулган кыштактарды же конуштарды билдирет. Бул термин, өзгөчө, саясий куугунтукка алынган же репрессияланган адамдар, «кулак» деп аталган бай-манаптар, депортацияланган улуттук азчылыктар жана согуш учурунда күчтөп көчүрүлгөн элдерге байланыштуу колдонулган.
3. ГУЛАГ (Главное управление лагерей) – Советтер Союзунун 1930-жылдардан 1950-жылдардын ортосуна чейинки репрессивдик системасынын бир бөлүгү болгон, эмгек лагерлерин башкаруу боюнча борбордук орган.

# ГУЛЖАНАР САДЫКОВА, ЖЕЛАЛАБАДДЫК МЕДАЙЫМ. АФГАН СОГУШУ ТУУРАЛУУ ЭСКЕРҮҮЛӨР

*Раушан АБЫЛКАСЫМОВА*

Советтер Союзунун Афганистандагы согушу 1979-жылы башталган жана кыска мөөнөттүү операция катары пландаштырылган, бирок натыйжада «узакка созулган басып алууга» айланган (Артемий Калиновский). 10 жылдан кийин гана, 1989-жылы, Горбачевдун тушунда совет өкмөтү акыры аскерлерди чыгаруу чечимин кабыл алган. Расмий маалыматтар боюнча 13 000ге жакын адам каза болгон. Жараат алгандардын саны 40 000ге жеткен. Бул согуш адам өмүрлөрүн алгандан тышкары, ардагерлердин ден соолугуна физикалык жана психологиялык зыян келтирген. Бул согушту башынан өткөргөн эркектердин тарыхы, аз болсо да топтолгон, ал эми Афганистанда кызмат өтөгөн аялдардын көзү менен ал азыркыга чейин айтылбай келет.

«Ал жерде биз алар үчүн эне, эже, карындаш элек», – деп эскерет Гулжанар Садыкова, токтоо ойлуу карап эскерүүлөргө чөмүлүп. Бирок Гулжанардын капалуу жүзүн кайра эле жылмаюусу жууп кетет. Жүзүндөгү жылмаюу менен: «Биз анда абдан жаш элек, кайра өзүбүз колдоого муктаж элек», – дейт.

Казакстандын кичинекей Рудный шаарындагы оорukананын пульмонология бөлүмүнүн медайымы, болгону 23 жашында Афганистанга командировкага барып, интернационалист-согушкер болгон. Гулжанар Асановна Садыкова 1985-1988-жылдары советтик-афган согушунун от жанган жерлеринин бири болгон Желалабад госпиталында кызмат кылган. Жаш кыздын согуш оту күйгөн ал жерден кайтып келбей калышы толук мүмкүн эле.

Советтер Союзунун көпчүлүк жарандары сыяктуу эле, анын да Афганистанга бастырып кирүү тууралуу толук маалыматы болгон эмес. Аскер комиссариатына чакырылуу алгандан бир нече жума мурун, ал Афганистандын жашо-

очуларынын жупуну, артта калган турмушу тууралуу документалдуу тасмалардын кыска үзүндүлөрүн көргөн. Советтик экран афгандардын арыктан суу ичип, ошол эле арыктагы сууну башка тиричилигине колдонгонун көрсөтчү. Гулжанардын айтымында, мындай жашоо ага артта калган жана санитардык эрежелерди сактабаган сыяктуу көрүнгөнү менен, жай жашоонун эле элесин берген. Көп өтпөй, ал үчүн да, афган эли үчүн да тынч күндөрдөгү жашоо көргөн түштөй артта калды.





*Гулжанар Садыкова. Джелалабад, Афганистан, 1985-88.*

Бир күнү үч кызы менен жашаган эненин батиринин эшигин кагып, жергиликтүү ооруkананын пульмонология бөлүмүндөгү медайымын – ортончу кызы Исчанова Гулжанарды, издеп келгенин билдирген бир майор кирип келет. Үйдөгүлөр кызмат учурунда вертолет күйүп кетип, парашют баарына жетпей калгандыктан, каза тапкан учкуч күйөө баласын жоготуп аза күтүп отурушкан. Ошондуктан келген майордун бул үйдүн ортончу кызын «тез арада от күйүп турган жерге жөнөтүү керек» деген билдирүүсүн булар кооптонуу менен кабыл алышкан. Эже-сиңдилеринин наарazы болуп берген суроолоруна майор: «Биз эч нерсеге кепилдик бербейбиз. Эртеңки күнгө да кепилдик бере албайбыз», – деп жооп берет.

Кийинчерээк мындай ишке Гулжанарды тандаганы да жөн жерден болбогону, жергиликтүү аскер комиссарынын карөзгөйлүк ишинин кесепети экени белгилүү болот. Көрсө, өзүнүн кызмат абалынан пайдаланып, аскер комиссары

вокзалдын кассасынан билетти кезекке турбай эле сатып алгысы келиптир. Бирок кассир ага жол бербей коёт. Буга ачуусу келген ал: «Уулуңузду от күйгөн жерге жөнөтөм» деп коркуткан. Кассир Гулжанардын апасы болчу, анын уулу жок эле, бирок аскерге чакырылуучу кызы бар болчу. Ошентип, Гулжанардын жаңы жашоосу башталат, ал жерде кепилдик берүү деген түшүнүк болбогон.

Андан ары окуялар ылдам өнүгүп – шаардык аткаминерлерде, облустук аскер комиссариатында маектешүүлөр, саясий көз караштарын жана билим деңгээлин текшерүү сыяктуу көптөгөн текшерүүлөрдөн өтүп, аны Афганистанга жөнөтүү макулдашылган. Кызматкерлерди кылдаттык менен тандоо процессинин толук карама-каршы көрүнүшү – Афганистан менен жолугушуу болгон. Кабулда бир нече күн бөлүштүрүүдөн кийин, ал конфликттин ысык чекиттеринин бири болгон Желалабад шаарына жөнөтүлгөн. Жаңы жерге конгондон кийинки алгачкы көз ирмемдерин ал мындайча эскерет:

*«Биз үчүн бул, албетте, коркунучтуу эле. Бардыгы мага тиешеси жок нерседей сезилди... Афгандар чуркап жүрүшөт, бизге Айдан түшкөндөй карашат. Биз туруп, ким бизди тосуп алат, бөлүккө ким алып барат деп күтүп турабыз, эч нерсе түшүнбөйбүз. Айланабызда афгандар гана, биздин кишилер жок, анан күтүлбөгөн жерден биздин аскерлерди көрдүк (үшкүрүп)...»*

Желалабадга жетүү Гулжанарга кыска метраждуу фильмдин уландысы сыяктуу болду, бирок бул сапар нес кылып, баш айландырган окуялар менен коштолду. Анын эң алгачкы күндөрү тууралуу эскерүүлөрүн угуп олтуруп, мен жаңы келген кызматкерлер эч кандай даярдыксыз эле кооптуу жерге «ыргытылгандай» сезилди. Алар алгач буларды алып барууга макул болгон аскерлер менен бирге дайындалган бөлүккө барышкан. Аскерлердин айткан сөздөрү, жүрүм-туруму жаңы баргандардын үрөйүн ого бетер учурган: *«Келгиле, бара көрөлү, дейт бизге, өзүбүз дагы ал бөлүк кайда экенин билбейбиз, биз менен келе бергиле... Биз машинага, кузовго (пауза) чемодандарыбыз менен отурдук. Анан бизге, ким экени белгисиз, лейтенант ок-*

*шойт, «эгер атышуу башталса, чемодандарыңарды ыргытып, жерге бетиңер менен жатып калгыла» деди».*



*Медрота. Джелалабад, Афганистан, 1985-88. Гулжанар Садыкованын архивинен.*

***Согуштун чок ортосундагы кичинекей дүйнө.*** Гулжанар иштеген Желалабаддагы аскер бөлүгү Асабаддан алыс эмес эле, ал жерден аскерлер дайыма согушка жөнөтүлчү, ошондуктан жарадарлардын агымы үзүлбөчү, медиктердин да жаны тынчу эмес. Терапия бөлүмүндө иштеген жаш медайым Гулжанар кызмат өтөй баштаганына бир ай болуп-болбой туруп, операция жана таңуу бөлүмүнүн башкы медайымы болуп дайындалат. Жаңы дары-дармектер, жаңы көндүмдөргө иш үстүндө үйрөнүп, өзү айткандай, бардык кыйынчылыктарга, даярдыксызга карабастан, медиктер өз ишин биргеликте уюшкандык менен жүргүзүшөт. Ал жоокерлердин баш сөөгүн тешип жасалган татаал операцияларды жүргүзгөн хирургдардын уюшкандыгын, кесипкөйлүгүн суктануу менен айтып берип, бири-бирин көз караштан эле түшүнүп иштеген медайымдар тууралуу сөз кылат: *«Ал жерде бир үй-бүлөдөй болуп жашадык, бири-бирибизди бир көз караштан эле түшүнчүбүз – бирөө бейтаптын тарыхчасын толтурат, экинчиси заара чыгаруучу катетерди салат, үчүнчүсү жарааттарды тазалайт, төртүнчүсү дагы башка бир нерсе жасайт. Бизде иштин бардыгы автоматтык түрдө ыраттуу жасалчу».*

Гүлжанар аскердик бөлүктө да биримдик өкүм сүрүп, бири-бирине колдоо көрсөтүп турушканын жылуу эскерет. Үйдөгүдөй жылуу атмосфераны жаратуу үчүн майрамдык кечелерди уюштуруп, туулган күндөрдү белгилешчү экен. Башка аял медиктер сыяктуу эле, Гулжанар дагы Афганистанда торт жасоону үйрөнгөнүн айтат. Согуштун оор шартында кызматкерлер майрам сезимин жаратуу-

га аракет кылышкан. Гулжанардын өзү айткандай: *«Андай жерде киши бир аз болсо дагы баарын унутуп, бейпил жашоонун кучагында болгусу келет, албетте, бул оңой эмес, бирок аракет кылчубуз».*

***«Ал жакта эмнени башыңдан өткөргөндүгүңдү... чындыгында, айтып түгөтө албайсың»***. Согуш тууралуу сөз болгондо, медиктердин тынымсыз эмгеги эч кимди таң калтырбайт. Бирок Гулжанардын тарыхын кылдаттык менен угуп олтуруп, мен ар дайым адам өзүнүн мүмкүнчүлүгүнөн ашып түшө аларына таң калдым. Согуштун пафостуу романтизациялоо коркунучуна карабастан, бул контекстте «курмандыкка чалуу» деген сөздү колдонбой коюу кыйын болсо керек. Жарым жыл кызмат өтөгөндөн кийин, Гулжанардын чачы агарып, андан кийин малярия менен ооруп, оор жумуштан көздөрү начарлап кеткен: *«Көздөрүм абдан начарлап кетти – 3 болчу, 7ге жетти»*, – дейт.

Медиктер көп учурда жарадар солдаттарга кан беришчү. Иштөө шартында башка мүмкүнчүлүк жок болчу...

*«Өзүңө карата, бир жагынан караганда, адилетсиздик эмес беле?»* деген суроого Гулжанар жылмайып: *«Өзүмөбү? Ал жакта андай нерсени ойлонуп отурбайсың, анткени кезекке жарадарлар келип калганда, кан керек болот. Сен биринчи кезекте ошол жакка чуркайсың, түшүндүрө алдымбы? Кудайдын берген белегиби? (күлөт). Жоопкерчилик. Ошол эле. Каным азайып, шайым ооп, организм алсырап кетчү. Арыктап кеттим дегенден көрө, кан аздыгынан жөтөлө да албай, күлө да албай, бурула да албай калгам десем туура болот. Уктаганда роботтой болуп жатып калчумун (пауза). Тумбочкага спазмолитиктерди, столго депалгин, аналгин, баралгин сыяктуу таблеткаларды коюп койчумун. Түшүмдө капталга бир аз эле оодарылсам, оорудан ойгонуп кетем. Дароо таблетка ичип алып, кайра уктап калчумун. Ошентип жүрдүм. Анда (күлөт) биздин хирургдар менин эмне болгонумду түшүнбөй коюшту, кийин биздин башкы хирург билип: «Кызым, кан берүүнү мындан ары токтотуңуз», – деди. Кийин калыбыма келдим, кайра кан*

*бере баштадым, бирок мурдагыдай көп бергенге жарабай калдым».*

Маек учурунда Гулжанар өзүнүн кыйналгандарын эстегенде эмес, жоокерлердин окуяларын эске түшүргөндө жашып кетти. Бөлүмдө оорулуулар көп болчу – 100гө чукул оор жарадарлар жата турган негизги бөлүмдөрдөн тышкары, айыгып бара жаткандар үчүн көчмө оорукана бөлүмдөрү да бар эле. Жарадарлардын арасында согушта буту-колу үзүлүп, майып болуп калгандар, газ гангренасы менен ооруган жаш жигиттер да болчу. Медиктердин мойнуна оор жүк жүктөлгөн – жардамын гана берип, дарылап койбостон, бул азаптуу күндөрү жарадар жоокердин ички дартын да угуп, ага колдоо көрсөтүшү да керек болчу. Мындай жаш жигиттердин бири ачык жарааттары айыкпай жаткан жигит эле – ага тынымсыз оору басаңдатуучу каражаттар берилип турчу. Гулжанар анын жанына барганда, ал өзүнүн энеси менен сүйгөн кызы тууралуу, Афганистанга келгенге чейинки жашоосу тууралуу айтып берчү, көргөн табияттын экзотикалык сулуулугу тууралуу үйүнө кат жазып берүүсүн суранчу.

Гулжанардын айтымында, аны көп жылдар бою Афганистанда кызмат өтөөдөн алган психологиялык жарааты кыйнаган. Ага кыйнаган оорусун башкаларга айтып түшүндүрүү мүмкүн эместей сезилет: *«Билесиңби, «Афганистан» деген сөздү, жөн гана «Афганистан» деген сөздү укканда, менин тамагыма бир нерсе тыгылып, көзүмдө жашым кылгырып кетет. Ушундай абалда жүрдүм. Анткени дайыма көз алдымда баягы жылдар бою көргөн элестер кетпей турат да…»*

***Үйгө кайтуу.*** Гулжанар 1987-жылы эле Казакстанга кайтып келиши керек эле. Бир жарым жылдан кийин Рудныйдагы туугандарына эс алууга келип, алты айдан кийин кайра үй-бүлөсү менен чогуу болоруна ишенген. Бирок Афганистанга кайтып барганда, жетекчилиги ага аскерлерди чыгарып кетүү пландалып жатканына байланыштуу, ал дагы башка кызматкерлер сыяктуу арызга кол коюп, дагы бир жарым жыл калышы керектигин билдирген. *«Арызга кол койгондон кийин»*...эгер бизге бирдеме болсо, алар биз үчүн жооп бербейт *«деген пунктту көрдүм»*.

Гулжанардын үйгө, жай турмушка кайтышы оңойго турган эмес. Алгачкы күндөрү уйкусу качып, капыс чыккан үндөргө чочуп, өтө сезимтал болуп, согуштан кийинки травмалык синдромдун кесепетинен абдан кыйналган. Ветерандарга психологиялык жардам көрсөтүлбөгөндүктөн, Гулжанар тынчтандыруучу дарыларды ичип, өзүнө өзү жардам берип жүргөн. Үйгө жана жумушка көнүү дагы убакытты талап кылган. Айрыкча, тааныштарынын материалдык нерселерге байланыштуу бейкапар суроолорун угуу абдан оор болгон, алар анын канча акча тапкандыгына, кандай буюмдарды алып келгендигине гана кызыгышкан. *«Алар түшүнбөйт, баары мени бир санаторийге барып келгендей эле көрүшөт»,* – дейт ал.

Гулжанар жана башка кайтып келген ардагерлер башынан өткөргөн кыйынчылыктарга карабастан, көбүнчө жалданма кызматкерлер катары каралып келген. Айрыкча, аялдар узак мезгил бою көлөкөдө калышкан, бирок анын айтымында, Астанадагы Афган согуш ардагерлери союзундагы кээ бир кызматташтарынын колдоосу жана демилгесинин аркасы менен кырдаал өзгөрө баштаган.

Эгер мезгилди артка кайтаруу мүмкүн болсо, Афганистанга барбайт белеңиз деп сураганымда, ал мага «жок» деп жооп берди. Ал үчүн аскер госпиталиндагы тажрыйба чоң турмуштук мектеп болгонун айтты.

*«Башыман өткөргөндүн баарын кайрадан басып өтөсүң десе, ага деле кайыл болмокмун. Анткени мен аябай басмырт, уялчаак кыз болчумун. Эгер ким бирөө мага бир нерсе десе, ага өз оюмду айта алчу эмесмин... Апам чоңдорго каршы сүйлөбөш керек, алар эмне десе ошону кылышың керек деп тарбия берген. Сени ал жакка иштегени жибериште, барып иште дечү. Туурабы же туура эмеспи, бирок улуунун сөзүн угушуң керек дечү. Ал эми азыр, мисалы, Афганистандан кийин, мен түп тамырым менен өзгөрдүм».*

# ТАМЕКИЧИ АЯЛДАРДЫН ТАГДЫРЫ

*Динара САПАРОВА*

***САПАРОВА Жумагүл Заировна*** – Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Кыргыз-Ата айыл аймагындагы Карагой айылында 1949-жылдын 8-ноябрында туулган. 1970-жылы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнө турмушка чыккан. 75 жашта. 5 кыз, 2 уулдун апасы, 20 небереси, 9 чөбөрөсү бар. 1978-жылдан баштап тамеки өстүрүүдө эмгектенип баштаган.

***Жумагүл Сапарова:*** *«Менин кесибим – бухгалтер. 1970–1978-жылдары райсоветте бухгалтер болуп иштегенмин. Ал убакта колхоздо иштебегендерге мамлекет тарабынан кээ бир нерселерден кысым болчу. Ошондуктан 1978–1980-жылдары колхоздо иштегенге мажбур болдум. Тамеки сарайларында жаш балдарды карай турган «бакча» боло турган. Мен «бакчачы» болуп иштедим. Эртең менен 5–6да тамеки сарайга барам, тамекичилер жаш балдарын мага таштап, талаага тамеки үзүмгө жөнөп кетишет. «Бакчанын» ичинде 20–30 дай кичинекей керебет болгон. Керебеттерге балдарды уктатчумун. Ыйлаган балдар үчүн «желбешик» деп аталган, темирден жасалган термелүүчү селкинчек бешиктер бар эле. Ал эми жаңы төрөлгөн наристелерди бешикке салып, үйүнөн алып келип таштачу. Өкмөт тарабынан жаш балдарга сүт берилчү. Сүт берип, буламык жасап берип, балдарды карачубуз. Балдардын саны көп болгондуктан, жалгыз карап жетишпегенимден жардамчы «бакчачы» болгон. Ал балдарга сүттүү буламык жасап, ичирчү эле. Эртең менен саат 5те барып, түнкү 12–1лерге чейин иштечүбүз. Өзүмдүн 5 балам болгон. Алар бакча жашынан өтүп калгандыктан, үйгө таштап кетчүмүн. Кечке чейин балдарымды көрбөй иштейт элем. Жаш балдар – бири уктаса, экинчиси ойгонуп ыйлап, чарчатаар эле. Энелери маал-маалы менен келип, эмизип, кайра тамеки тизүүгө же үзүүгө кетишчү. Ал жерде балдарга*

*азыркы балдар бакчаларындай кылып, окуу, ырдоо же башка иш-аракеттерге үйрөтүү болгон эмес. Тек гана ыйлатпай кароо тапшырмасы берилчү. Апалар баласына алаксыбай, тамекиге иштөөсү керек болчу».*



*Сапарова Жумагул.*

1991-жылы СССР өз жашоосун токтотсо да, «тамеки өстүрбөсө киреше болбойт» деген түшүнүк менен канчалаган үй-бүлөлөр тамеки өстүрүүнү уланта беришкен. Тамеки өтө арзан баада сатылып, көп эмгекти талап кылган түйшүгүнө карабастан, Жумагүл Сапарова балдары менен 2007-жылга чейин тамеки эгүүнү уланткан.

2000-жылдардан баштап, жылдан-жылга тамекиге иштеген үй-бүлөлөрдүн саны азая баштаган. 2006–2007-жылдары айылда болгону 5–6 үй-бүлө гана тамеки эгип калган. 1990-жылга чейин тамеки мамлекеттин түз көзөмөлү астында өстүрүлгөндүктөн, таңгакталган тамеки мамлекетке өткөрүлүп, эмгек акы берилчү. 1990–1991-жылдардан баштап, таңгакталган тамекини сата албай убара тарткандар көбөйгөн. Тамекиден башка өсүмдүк эгип көрбөгөндүктөн, айла жок эрте жаздан тартып эгишип, кышында сатуу көйгөйлүү маселеге айланган. Жыл бою кылган эмгектин кирешеси өтө аз болгон.

2007-жылдардан тартып, тамекинин ордуна жүгөрү, картөшкө эгип, дыйканчылык менен алектене баштаган. Тамекиге караганда жеңил эмгекти талап кылганы менен, түшүмү да мол болгон дыйканчылыктын кирешеси көп болгон. Ошол мезгилден баштап айылда тамеки эгүү токтогон.

Тамеки өстүрүлбөй калганы менен, анын «тагын» Жумагүл Сапарова бүгүнкү күнгө чейин жүрөгүндө сактайт. Дээрлик 30 жылдай тамеки өстүрүү менен алектенген бул эненин ден соолугуна тамеки терс таасирин тийгизип, 2000-жылдардан бери ар кандай оорулар менен жабыркап

келет. Өзүнүн гана эмес, балдарынын да ден соолугуна тамекинин зыян келтиргенин айтып, кейип эскерет.

Бара-бара картөшкө, жүгөрүгө кошуп, пияз, помидор, сабиз эгип баштап, баарынын түйшүгүнөн тамекинин түйшүгү оор экенин белгилеген.

Тамекинин түйшүгү менен жүрүп, Жумагүл апанын 40–45 жашынан бери бели, колу, буту ооруйт. Оор жүк көтөрүүдөн жана колу-бутуна тамеки ширеси тийген учурда муздак суу менен жуугандан түрдүү оорулар пайда болгон.

СССР учурунда 5 балалуу аялдарга медаль берилчү, бирок ал медаль менен эч кандай жеңилдик болчу эмес. 2010-жылы 7 балалуу болгондуктан «Баатыр эне» орденин алган. Союз мезгилинде бул орден 10 балалуу аялдарга гана берилчү.

1990-жылдардан баштап кыйынчылык, кымбатчылык өкүм сүрүп, дээрлик 10 жылдан ашык убакытка созулган. Жумагүл Сапарованын балдары катар-катар студент болгон учур дал ошол тартыштык мезгилге туура келген. Ошого карабастан, уул-кыздарынын баарын жогорку билимдүү кылууга жетишкен.

Каарманыбыз союз мезгилинде тамекиге иштеген кыйынчылыкты бир эскерсе, уул-кыздары студент болгон учурдагы тартыштыкты бир эскерип, бир мезгилде 5 студентти бир окутканын баса белгилейт. Көпчүлүк ата-энелер мектепте жакшы окуган балдарын жогорку окуу жайга окута албай калган учурда, «убагы өтүп кетпесин, азыр окутпасам болбойт, кийин эч качан окуталбайм» деп, талаада дыйканчылык кылып, ага кошо тамеки өстүрүп, балдарынын баарын жогорку билимге жеткирген.

Тамеки эгүүнү 2007-жылдары токтоткондон кийин, пияз жана сабиз өстүрө баштаган. Союз мезгилинде тамекичилерге иштин өндүрүмдүүлүгү үчүн бардык шарттар түзүлчү – сугатчылар сууну жеткирип беришкен, ар бир тамеки тизчү сарайда бала бакча ачылган, тамекичилерге түштөнүүдө тамак берилген, самолёттор менен талаага дары чачылган, таңгакталган тамеки мамлекетке тапшырылган, техника жетиштүү болгон. Бирок бул аракеттердин

баары «тамекинин өндүрүмдүүлүгү» үчүн гана жумшалып, адам ресурсу эсепке алынган эмес. Башкача айтканда, адамдардын ден соолугу, эс алуусу, жаш балдарга камкордук, туура тамактануу, убагында дарылануу, уктоо, дене бойдун туура өсүшү эч кимди кызыктырган эмес.

Союз тарагандан кийин тамекичилер үчүн эң оор мезгил башталган. Мамлекет тамекинин өндүрүмдүүлүгүнө кам көрмөк турсун, техникалар жеке менчикке сатылып, тамеки сарайлар да сатылып кеткен. Тамекини кайда жипке тизип, кайда илип кургатууну билбей, ар кимиси өз үйүндө тизип кургатууга өткөн. Техника – чоң көйгөйгө айланган. Талаада кандай эгин экпесин, сугат суусу негизги маселе болуп калган.

Айыл чарбасында «баш аламандык» өкүм сүрүп, колхозго тиешелүү жерлер, буюмдар, имараттар, техникалар баары болбогон акчага сатыла баштаган. 1994–1995-жылдары дыйкан чарбалары уюштурулуп, ар бир жаранга үлүш жерлери берилген. Бул жерлер айыл өкмөтүндөгү жерлерге карата ар бир жанга 6–7 кесимден 99 жылга берилген.

Жумагүл Сапарова да үй-бүлөсү менен «Береке-17» аттуу дыйкан чарбасынын мүчөсү болгон. Анын жетекчиси Б. Бекмуратов болгон. Бара-бара ири чарбалар бөлүнүп, ар бир үй-бүлө өз алдынча дыйкан чарба болуп бөлүнгөн. Жумагүл Сапарованын үй-бүлөсүндө «Бекназар» жана «Хантенир» аттуу дыйкан чарбалар түзүлгөн.

Бүгүнкү күнгө чейин өз үй-бүлөсүнө берилген үлүш жерлерде уулдары, неберелери көп жылдык чөп өсүмдүктөрүн, жүгөрү, помидор, сабиз, картөшкө, пияз өстүрүп, тиричилигин улантып келишет. Андан сырткары багбанчылык менен алектенип, өрүк жана алма бактарын өстүрүшөт.

***Жумагүл Сапарова:*** *«Тамекиге иштеп жүргөн мезгилде анын зыяндуулугун билген эмеспиз. Эс алуу керек, дарылануу керек, уктап, туура тамактануу керек деген оюбузга да келчү эмес. Иштеш керек, планды толтуруш керек деген гана максат болчу. Кээде ойлоп калам: ошол учурда айыл жеринде аялдар көп төрөшчү – эң азы 7–8 балалуу, айрымдарда 15ке чейин балдар болчу. Ал эми*










*Советтик колхозчу аялдар тамеки тизип жаткан кези.*

*шаар жеринде андай эмес эле. 5 балалуу аялдарга орден, 10 балалуу аялдарга «Баатыр эне» ордени берилчү. Көрсө, бул деле ошол мезгилдин саясаты экен. Ар бир туулган бала тамекиге иштечү арзан жумушчу күч болгон тура».*

– Жашоо узактыгы кандай эле ошол убакта?

*«Так айта албайм. Бирок суучу болуп иштегендер 35–40 жашында эле өтүп кеткендер болгон. Тамекичилерден да жаш курагында каза болгондор бар. Ал кезде өзүбүздү карабагандыктан картайып калчубуз. 40 жашыбызда эле бетибиз бырыш басып, кемпирлердей кийинчүбүз. Азыр 55 жаштагылар биздин ошол кездеги 40 жашыбыздан жаш көрүнүшөт. Дээрлик бүт өмүрүбүздү курмандыкка чалган экенбиз. Азыр жакшы, баары*

*куроррттторго барат, эс алуу жайларына чыгат, жарашыктуу кийинет. Биз болсо коркуп жашачу экенбиз».*

– Пенсияңыз бир айлык жашооңузга жетеби?

*«Ооба, жетет, шүгүр. «Баатыр эне» болгонум үчүн пенсияма 1000 сом кошулган. Кыйынчылык жок. Уул-кыздарымдын сыйын, неберелеримдин тойлорун көрүп жашап жатам. Силерге чоң рахмат. Биздин оор күндөрүбүздү тарых барагына калтырып жатасыңар. Силер жазып калтырбасаңар, баары унутта калмак».*

Жумагүл Сапарова – бүгүнкү күндө ардактуу пенсионер, айылдагы кадыр-барктуу байбичелердин бири.

***АБЖАЛОВА Майрамкан*** – 1976-жылы 10-мартта туулган. 1983–1993-жылдары Ноокат районундагы «Россия» колхозунун (азыркы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтү) «III Интернационал» орто мектебинде окуп билим алган.

***Атамерек айылынын тургуну Майрамкан Абжалова:*** *«Мен эс тарткан убагымдан баштап тамекиге иштедим. Мектепке окуй элек учурумда тамеки үзгөнгө жарай элек кезимде, апам талаага алпарчу. Атам, апам, акем, эжем болуп тамеки үзүшөөр эле, а биз иним экөөбүз алар үзгөн тамекини «такта» деп аталчу жөөктүн баш жагына кучактап көтөрүп алып чыгар элек. Кучагыбызга аран батырып алып чыгып, топтой берет элек. Тамеки топтомуна жаш балдар тартылчу. Апам топтолгон тамекилерди түйүнгө салчу. Ал түйүндөр 60–80, кээ бир чоңураагы 100 кгдай болчу. Ал түйүндөрдү атам, апам, акем, атүгүл эжем да көтөрүп, трактор келчү жерге алып чыгышчу. Андан кийин тамеки тизер элек. Колдорубуз тамекинин ширеси болуп, мектепке барар элек. Агай-эжейлер калп эле урушумуш болушчу: «Тамеки кармаган колуңарды жууп келгиле»*, – деп калчу эле. Тамекиге иштеп жатканда окуу, мектеп, оюн-зоок же башка нерселерди такыр ойлобойт элек. Бир аз чоңойгондо агам, эжемдер менен бирге үзүп, оор түйүндөрдү мен да көтөрө баштагам. Ойлоп коём, ошондон боюм кыска болуп, денем толмоч болуп, дене боюмдун өсүшү туура эмес өскөн го деп. Жаңы кийим, косметика, чачты жасалгалоо,

макияж деген нерселерди билчү эмеспиз. Уйку кангыча да уктаган эмеспиз. Апам артта калсак, «радиодон чыгабыз» деп бизди урушуп жемелечү».

Эс тарта баштагандан тартып 40 жашка чыкканга чейин тамекиге иштеген. Балалык чагы күнү-түнү, а түгүл жыл бою тыным алдырбай, тамекиге элди мажбурлап иштеткен мезгилге туш келген.

1993-жылы Ош шаарындагы 116-кесиптик окуу жайында билим алган. 1994-жылы аяктаган. 1994-жылдын май айында Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Кашкалдак айылынан Атамерек айылына турмушка чыккан.

Турмушка чыккандан кийин да, 1994-жылдан баштап 2004-жылга чейин жолдошу менен бирге тамекиде иштеген. Эрте жаздан кышка чейин иштеген. Тамекини өтө арзан баада сатып, оокат кылышкан. 2 уул, 1 кыздуу болуп, балдарын да тамекиге иштетүүгө мажбур болушкан. Анткени тамеки көп эмгекти талап кылгандыктан, балдарынын да эмгегин пайдаланууга аргасыз эле.

2017-жылы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн кирешелер бөлүмүнүн кызматкери болуп жумушка кабыл алынган. Ошондон бери бүгүнкү күнгө чейин айыл өкмөтүндө иштеп келет.

– Балалык чагыңызда кандай элестер унутулбай калганын айтып бере аласызбы?

***Абжалова Майрамкан:** «Балалык чагымды эстесем, тамекиге эзилип иштеген күндөрүм гана көз алдыма тартылат. Ойлоп көрсөм, жаш балдардын балалыгын ата-энелер жок кылышкан экен. Тагыраагы, мамлекеттин ошол учурдагы саясаты балалыкты акыркы орунга койгон экен десем да болот. Кимден же эмнеден коркуп, ата-энелерибиз бизди мынчалык эзип иштетти экен?»*

СССР убагындагы жана союз таратгандан кийинки эгемендүүлүк мезгилиндеги тамекиге иштеген күндөрдү салыштыра айта кетсеңиз.

***Абжалова Майрамкан:** «1990-жылдарга чейин команда же ар дайым буйрук, көзөмөл астында иштечүбүз.*

*Ал эми 1991-жылдардан кийин адамдар өз ыктыяры менен гана тамеки өстүрүшкөн. Мен эгерде башка жакка турмушка чыккан болсом, мүмкүн турмуш кургандан кийин тамеки эмес, башка дыйканчылык менен тиричилик өткөрүшүм мүмкүн эле. Биздин айыл өкмөтүбүздөгү калктын негизги кесиби тамекичилик болгондуктан, турмушка чыккандан кийин да 10-11 жылдай тамекиге иштөөгө туура келди».*

– Анда сиз да балдарыңыздын эмгегин пайдаланган турбайсызбы?

***Абжалова Майрамкан:*** *«Жок, мен балдарымды өтө көп кыйнабадым. Мага кошулуп иштешкен, бирок ойногонго, сабак окуганга убакыт берчүмүн. Бизди таң атпай ойготуп, тамеки талаасына жөнөтүшчү. А мен балдарымдын уйкусун бузуп, талаага кубалаган жокмун. Балалыгында жакшы элестер сакталып калсын деп, колумдан келишинче аракет жасадым».*

Айыл өкмөтүндө кирешелер бөлүмүндө эмгектенген Абжалова Майрамкан айылдын кирешесин көбөйтүүгө салым кошуп келет. Айыл аймагындагы эки айыл – Караке жана Айбек айылдарынын салыктарын чогултуп, үзүрлүү эмгектенүүдө.

2022-жылы эмгеги бааланып, Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен, 2023-жылы Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Бүгүнкү күндө 1 кыз, 2 уулдун апасы, 2 неберенин таенеси.

Тамаша жок, андан ары улантабыз. Төмөндө Бөрүбаева Назипа тууралуу эскерүүнүн толук тексти орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык жактан гана оңдолуп берилди. Мазмун толук сакталды.

***БӨРҮБАЕВА Назипа Бөрүбаевна*** 1965-жылдын 9-ноябрында Ош облусунун Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн Көтөрмө айылында туулган. 1972–1982-жылдары Көтөрмө айылындагы Карл Маркс орто мектебинде окуп, орто билим тууралуу аттестат

алган. 1984-жылы Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун студенти болгон. 1987-жылы аталган окуу жайды аяктап, башталгыч класс мугалими адистигине ээ болгон.

1987-жылы Көтөрмө айылынан Кашкалдак айылына Жолдошов Маматкалилге турмушка чыккан. Ошол эле жылы «Кашкалдак» орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 2 уул, 3 кыздын апасы, 14 неберенин чоң энеси, таенеси.



*Абжалова Майрамкан.*

***Назипа Бөрүбаевнанын эскерүүсү:*** *«Балалык кезим тамеки отоо, эгүү, чабуу, үзүү, тизүү, оруу, сорттоо, таңгактоо менен гана өттү. Мектепке тамектиден кутулганыбызга сүйүнүп барчу элек. Азыр окуучулар мектептен качышат. А биз сүйүнүп барчубуз. Сабак окуу үчүн эмес, тамекиден аз болсо да кутулганыбызга сүйүнүп мектепке барчубуз. Бирок сентябрь айында, 1-сентябрда салтанаттуу чогулуш болуп мектеп ачылып, жарым саат же 1 сааттан кийин кайра жабылып калчу. Сентябрь айы бою тамекини үзүп-түзүүгө байланыштуу окуу токтоп, окуучуларга талаада иштөөгө урук-саат берилчү.*



*Бөрүбаева Назипа.*

*Студент болгон учурумда тамекиге 3 жылдай убакыт иштебей жүрдүм. Андан кийин турмушка чыккандан баштап кайра тамекиге иштей баштадым. Мектепке барам, сабагымды окутуп коюп, үйгө келип кайра тамеки талаасына жөнөп кетер элем.*

*1988-жылдан баштап өтө кыйынчылык мезгил башталды. Балдарым жаш, жашай турган үйүбүз жок. 1990-жылга чейин ушундай жашоодо жашап жүрдүк. Андан кийин жолдошум экөөбүз кеңешип, балдарыбызды да алып, Төө-Моюнга кетүүнү чечтик».*

1990-жылдары колхоздор жоюлуп, жеке дыйкан чарбалар түзүлө баштаган. Ал эми совхоздор 1995-жылы жоюлган. Назипа Бөрүбаевна 1990-жылы жолдошу жана балдары менен Төө-Моюн совхозуна барып, тамекиге иштей баштаган.

1990–1995-жылдары үй-бүлөсү менен Төө-Моюн айылында 1,5 гектар жерге тамеки өстүрүп, эмгектенишкен. Таңгакталган тамекилерди совхозго тапшырышкан. Мындан тышкары 1 гектарга жүгөрү эгишкен. Жүгөрү нак акчага сатылса, тамеки үчүн эмгек акы совхоз тарабынан «алмаштыруу жолу» менен төлөнгөн. Башкача айтканда, дүкөндөрдөгү кийим-кече, бут кийим, үй буюмдары (стол, шкаф), чарбалык буюмдар, азык-түлүктөр (ун, май, чай, кумшекер ж.б.) жана а түгүл килем-паластар берилген.

1995-жылы совхоздор жоюла баштаган мезгил эле. Ошол жылы Назипа Бөрүбаевна жолдошу жана балдары менен жыл бою иштеп тапшырган тамекисинин эмгек акысына совхоз тарабынан 6 кара мал алган. Малдарды сатып, Кашкалдак айылына кайтып келишип, алардын акчасына үй куруп жашай башташкан.

1996-жылы кайрадан мектепте башталгыч класстын мугалими болуп ишке кирген. Бирок мугалимдин эмгек акысы үй-бүлөнүн бир айлык чыгымына жетпегендиктен, 2009-жылы жолдошу менен Россияга миграцияга кетүүгө мажбур болушкан. Москва шаарында университеттин ашканасында үч жыл иштеп, 2012-жылы кайра мекенине кайтып келишкен.

Ошол мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин Ноокат районундагы М. Нурматов атындагы орто мектебинде мугалим болуп эмгектенип келет. Окуучулардын, ата-энелердин жана мектеп жамаатынын урмат-сыйына татыган.

Назипа Бөрүбаевнанын эмгеги жогору бааланып, айыл өкмөтүнүн жана райондук билим берүү бөлүмүнүн Ардак грамоталары менен сыйланган. 2020-жылы Ош билим берүү институтунун Ардак грамотасына ээ болгон. 2017-жылы мектепке келген текшерүүнүн жыйынтыгынын негизинде комиссиянын чечими менен Билим берүү министрлигинин сыйлыгына көрсөтүлгөн.

Уул-кыздарынын баары жогорку окуу жайлардан билим алып, өз кесиптерин аркалап келишүүдө. Назипа Бөрүбаевна – айылдагы кадыр-барктуу, үлгүлүү үй-бүлөлөрдүн биринин өкүлү.

# АВТОРЛОР

**Гүлзада АБДАЛИЕВА,**
тарых илимдеринин доктору.

**Болот АБДРАХМАНОВ,**
тарых илимдеринин доктору, «Ата-Бейит» Улуттук тарыхый мемориалдык комплексинын директору, атайын кызматтардын ардактуу ветераны, отставкадагы полковник.

**Раушан АБЫЛКАСЫМОВА,**
изилдөөчү, Евразия изилдөөлөрү боюнча искусствонун магистри (Назарбаев Университети). Изилдөө кызыкчылыктары: кайра куруу доору, материалдык тарых, Борбордук Азиянын тарыхы.

**АЛАГӨЗ кызы Гүлзат,**
тарыхчы, «Эсимде» изилдөөчүсү.

**Айида КУБАТОВА,**
тарых илимдеринин кандидаты, Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери.

**Нестор МАНИЧКИН,**
тарых илимдеринин кандидаты, Француз борборунун изилдөөчүсү, социалдык антрополог, жазуучу, публицист, эки монографиянын жана 50дөн ашуун илимий макалалардын, бир нече илимий-популярдуу басылмалардын, поэтикалык котормолордун жана адабий эмгектердин автору.

**Бактыгүл МИДИНОВА,**
Ош облусунун Т. Садыков атындагы Көркөм сүрөт музейинин директору. Музейлер кеңешинин мүчөсү (ICOM), адистиги – тарыхчы.

**Людмила МОЛДАЛИЕВА,**
театр таануучу, театр сынчысы, эксперт, драматург, публицист.

**Айгуль ӨМҮРКАНОВА,**
филология илимдеринин кандидаты, доцент.

**Динара САПАРОВА,**
изилдөөчү.

**Клара СООРОНКУЛОВА,**
укук илимдеринин кандидаты, КР Конституциялык палатасынын мурдагы судьясы.

**Мукарам ТОКТОГУЛОВА,**
филология илимдеринин кандидаты, Борбордук Азиядагы Америка университетинин антропология кафедрасынын доценти.

**Гулжамал ЭСЕНАЛИЕВА,**
тарыхчы, тарых илимдеринин кандидаты.

**АЯЛ ТАГДЫРЛАРЫ**
жыйнак

Эсимде долбоорунун жетекчиси,
түзүүчү жана жооптуу редактору: Элмира Ногойбаева.

Формат 140х215 мм. 168 бет. тираж 100 экз.
«Манасартдизайн» басмаканасында басылды